# Акыйкат дин

Урматтуу шейх

**Абдурахман ибн Хаммад аалу Умар**

شركاء التنفيذ:

دار الإسلام جمعية الربوة رواد الترجمة المحتوى الإسلامي

يتاح طباعة هذا الإصدار ونشره بأي وسيلة مع الالتزام بالإشارة إلى المصدر وعدم التغيير في النص.

Telephone: +966114454900

ceo@rabwah.sa

P.O.BOX: 29465

RIYADH: 11557

www.islamhouse.com

Ырайымдуу жана Мээримдүү Алланын аты менен

# Кириш сөз

Ааламдардын Раббиси Аллага мактоо-шүгүрлөр болсун! Алланын бардык элчилерине салават жана саламдар болсун!

Бул тозоктон куткарууга чакыруу, мен аны ар бир акыл-эстүү адамга сунуш кылам. Кудуреттүү Улуу Алла Өз жолунан адашкандарды ушул чакыруу себептен бактылуу кылып, мага жана аны жайылтууга салым кошкон ар бир адамга эң чоң сооп-сыйлыктарды берет деп үмүттөнөм. Алла жардамчы болсун.

Эй, акыл жүгүрткөн адам, билгин! Сен жараткан Раббиңди таанып, Ага ыйман келтирип, Ага гана ибадат кылмайынча жана Раббиң сага жана бардык адамдарга жиберген Пайгамбарды таанып, ага ыйман келтирип, аны ээрчимейинче бул жашоодо да, өлүмдөн кийинки жашоодо да тозоктон кутулуу жана бактылуулук жок. Ошондой эле Раббиң буйруган акыйкат динди билип, ага ыйман келтирип, иш жүзүнө ашырмайынча, бул жашоодо жана өлүмдөн кийинки жашоодо тозоктон кутулуу жана бактылуулук да жок.

Силердин колуңардагы "Акыйкат дин" аттуу китепте силер билип, амал кылууңар зарыл болгон иш-аракеттер баяндалат. Куранга жана Алланын элчисинин хадистерине таянып кээ бир сөздөрдү жана маселелерди ачыктоо керек экендигин шилтемеде айттым, Анткени Куран жана Алланын элчисинин хадистери акыйкат диндин негизи. Алла бул динден башка динди кабыл кылбайт.

Бул китепте көптөгөн адамдарды адаштырган сокур ээрчүүнү таштадым. Ал тургай чындыктан алыс болгон бир топ адашкан агымдарды жана алардын абалын билбегендер алардан сактануулары үчүн айттым. Мага Алла жетиштүү жана Ал эң жакшы Кепил Болуучу.

Бул китептин автору Алланын кечиримине зар болгон

Абдурахман ибн Хаммад аалу Умар

Дин илимдеринин профессору

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ: Жаратуучу Улуу Алланы таанып билүү

Эй, акыл жүгүрткөн адам, билгин! Чындыгында сени жоктон бар кылып, көптөгөн нээматтар менен тарбиялаган зат – ал ааламдардын Раббиси Алла. Ага ыйман келтирген акылдуу адамдар Алланы өз көздөрү менен көрүшкөн эмес. Бирок Анын бар экенин, бардык макулуктардын Жаратуучусу жана Башкаруучусу экендигин көрсөткөн далилдерди көрүп, алар аркылуу Алланы таанышты. Алланы көрсөткөн далилдер:

## БИРИНЧИ ДАЛИЛ:

Аалам, адам жана жашоо – булардын башталышы жана аягы бар, кайсыл бир убактары пайда болгон жана башкага муктаж болгон нерселер. Ал эми пайда болгон нерселер жана башкага муктаж болгон нерселер албетте алар жаратылган. Жаратылган нерселердин сөзсүз түрдө жаратуучусу бар. Ал Улуу Жаратуучу – Алла Таала. Ал Алла Өзү жөнүндө, бардык макулуктардын Жаратуучусу жана Башкаруучусу экендигин кабар берген. Бул кабар Алла Тааладан Өзүнүн пайгамбарларына түшүргөн китептеринде келди.

Алланын элчилери Анын сөздөрүн адамдарга жеткирип, аларды Ага ыйман келтирүүгө жана жалгыз Ага гана ибадат кылууга чакырышкан. Алла Таала өзүнүн ыйык Куранында айтты:

﴿إِنَّ رَبَّكُمُ ٱللَّهُ ٱلَّذِي خَلَقَ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَ فِي سِتَّةِ أَيَّامٖ ثُمَّ ٱسۡتَوَىٰ عَلَى ٱلۡعَرۡشِۖ يُغۡشِي ٱلَّيۡلَ ٱلنَّهَارَ يَطۡلُبُهُۥ حَثِيثٗا وَٱلشَّمۡسَ وَٱلۡقَمَرَ وَٱلنُّجُومَ مُسَخَّرَٰتِۭ بِأَمۡرِهِۦٓۗ أَلَا لَهُ ٱلۡخَلۡقُ وَٱلۡأَمۡرُۗ تَبَارَكَ ٱللَّهُ رَبُّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٥٤﴾ [الأعراف: 54]

“Чындыгында силердин Раббиңер Алла. Ал асмандар менен жерди алты күндө жаратты. Андан соң Ал аршка көтөрүлдү. Ал түндү караңгылыгы менен күндүздү каптайт жана түн күндүздү ээрчип жүрөт. Күн, Ай жана жылдыздар Анын буйругуна баш ийишет. Жаратуу жана башкаруу Ага гана таандык эмесби?! Ааламдардын Раббиси Алла улук болду”. (Аараф, 54)

**Бул аяттын түшүндүрмөсү:**

Алла Таала бардык адамдарга алардын Раббиси экенин, аларды жаратканын, асмандар менен жерди алты күндө жаратканын жана аршына көтөрүлгөнүн кабар берди.

Арш асмандан жогору, ал бардык макулуктардын эң бийиги жана эң чоңу. Алла бул арштын үстүндө. Ал Өзүнүн илими, угуусу жана көрүүсү менен бардык макулуктар менен бирге жана алардын эч нерсеси Андан жашыруун эмес. Алла Таала түндү караңгылыгы менен күндүздү каптаганын жана аны тез ээрчигенин кабарлайт. Ал күндү, айды жана жылдыздарды жаратканын жана алардын бардыгын Өзүнүн буйругу менен мейкиндикте баш ийдирип, сүздүрүп койгонунан кабар берет. Жаратуу жана башкаруу жалгыз Ага таандык экенин, заты жана сыпаттарында Улуу жана Кемчиликсиз, түгөнгүс көп жакшылыктарды берүүчү, Ааламдардын Раббиси аларды жараткандыгын, аларды көптөгөн нээматтар менен тарбиялагандыгын кабарлайт.

Алла Таала айтты:

﴿وَمِنۡ ءَايَٰتِهِ ٱلَّيۡلُ وَٱلنَّهَارُ وَٱلشَّمۡسُ وَٱلۡقَمَرُۚ لَا تَسۡجُدُواْ لِلشَّمۡسِ وَلَا لِلۡقَمَرِ وَٱسۡجُدُواْۤ لِلَّهِۤ ٱلَّذِي خَلَقَهُنَّ إِن كُنتُمۡ إِيَّاهُ تَعۡبُدُونَ٣٧﴾ [فصلت: 37]

Түн менен күндүз жана күн менен ай Анын (Алланын) белгилеринен. Күнгө жана айга сажда кылбагыла! Аларды жараткан Аллага сажда

кылгыла! Эгерде силер Ага гана ибадат кылсаңар. (Фуссилат, 37)

**Бул аяттын жалпы мааниси:**

Алла Таала Өзүнө ишарат кылуучу белгилеринин арасында түн менен күндүздү, күн менен айды айтты. Күнгө жана айга сажда кылуудан тыйды. Анткени алар башка макулуктар сыяктуу жаратылган. Макулуктарга сыйынууга болбойт. Сажда ибадаттын бир түрү. Алла Таала бул аятта адамдарды башка аяттарда буйругандай жалгыз Өзүнө гана сыйынууга буйруду. Анткени Ал Жаратуучу, Башкаруучу жана сыйынууга татыктуу Зат.

## Экинчи далил:

Чындыгында Алла эркек менен аялды жараткан. Аял менен эркектин бар болушу Алланын бар экендигинин далили.

## Үчүнчү далил:

Адам баласынын тилдери жана түстөрү ар кандай болушу. Айырмалай албай тургандай бир үндүү же бир түстүү эки адам жок. Сөзсүз айырма болот.

## Төртүнчү далил:

Тагдырдын ар түрдүү болуусу. Адамдардын ар биринде акыл, ой, билим болгондугуна карабай алардын бири бай, бири кедей, бири мүдүр, бири кызматчы. Булардын бардыгы байлыкка, урмат-сыйга, сулуу аялга ж.б жетпеген нерселерге жетүүгө ынтызар болушат. Бирок Алла Таала жазган нерсеге гана жетишет.

Бул нерселерде Алла Таала каалаган чоң даанышмандык бар. Ал даанышмандык алар бири-биринен пайдалануусу жоголбоосу үчүн бири-бирин сынашат жана бири-бирине кызмат кылат.

Кимге Алла бул дүйнөдө байлык бербеген болсо, бирок ал адам Алла Таалага ыйман келтирип өлсө, демек Алла Таала анын байлыгын бейиштеги жыргалчылыгын көбөйтүү үчүн сактап койгондугун кабарлайт. Алла кедей-жакырларга ден соолук жана психологиялык жактан артыкчылыктарды берген. Ал артыкчылыктар көптөгөн байларда жок. Бул Алланын даанышмандыгынан жана адилеттүүлүгүнөн.

## Бешинчи далил:

Адам баласынын уйкусу жана түшү. Алла Таала кээ бир уктап жаткан адамга сүйүнчү же эскертүү катары түшүндө кайыптан кабар берет.

## Алтынчы далил:

Адам баласынын жаны. Жан жөнүндө бир гана Алла билет.

## Жетинчи далил:

Адамдын жаралышы жана анын денесиндеги сезүү органдары, нерв кан тамырлары, мээси, тамак сиңирүү органдары ж.б.

## Сегизинчи далил:

Алла өлүк жерге жамгыр жаадыргандыктан, өсүмдүктөр жана дарактар ар кандай формада, ар түрдүү түстө жана пайдасы жана даамы ар кандай болуп өсөт. Бул Алла Таала Куранда айткан жүздөгөн далилдердин бир чети гана. Булардын баарысы Алланын барлыгын көрсөткөн далилдер экенин жана Ал бардык макулуктардын Жаратуучусу жана Башкаруучусу экендигинен кабар берип турат.

## Тогузунчу далил:

Адамдар Алла жараткан таза табиятынан Алланын бар экенине жана Жаратуучу, Башкаруучу экенине ишенишет. Ким муну четке какса, өзүн өзү алдап, өзүн

бактысыз кылган болот. Мисалы, коммунист бул жашоодо бактысыз, азап-кайгыда жашайт. Ал жоктон бар кылган, жакшылык менен тарбиялаган Раббисин жалганга чыгаргандыгы үчүн өлгөндөн кийинки барар жери тозок болот. Аллага тообо кылып, Ага, динине жана элчисине ыйман келтирсе, анда анын барар жери бейиш болот.

## Онунчу далил:

Береке – бул көбөйүү. Кыскача айтканда мал-жандыктар сыяктуу кээ бир үй-жаныбарларынын көбөйүшү. Ал эми берекенин карама-каршылыгы – бул ийгиликсиздик. Мисалы айтканда ит, мышыктар сыяктуу жаныбарлардын көбөйүшү. Алар көп тууйт бирок аз гана бөлүгү жашап кетет.

***

Булар Алла Тааланын сыпаттарынан болуп эсептелет:

Чындыгында Ал эзелтеден бери бар, түбөлүк тирүү, эч качан өлбөйт, түбөлүктүү, Башкаруучу, эч кимге муктаж эмес жана Анын шериги жок Жалгыз. Алла Таала айтты:

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ١ ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ ٢ لَمۡ يَلِدۡ وَلَمۡ يُولَدۡ ٣ وَلَمۡ يَكُن لَّهُۥ كُفُوًا أَحَدُۢ ٤﴾ [الإخلاص: 1-4]

"Айт (Эй, Мухаммад!): Ал – Алла жалгыз. Алла – эч кимге муктаж эмес. Ал төрөбөгөн жана төрөлбөгөн. Ага эч ким теңдеш эмес. (Ихлас, 1-4)

## Бул аяттардын түшүндүрмөсү:

Каапырлар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, Аллахтын сыпаты жөнүндө сурашканда, Алла ага бул сүрөөнү түшүрүп, анда аларга мындай деп айтууга буйруган:

"Алла жалгыз, Анын шериги жок. Ал түбөлүк тирүү, Башкаруучу. Ааламды, адамдарды жана баардык нерселерды бир гана Алла башкарып турат". Адамдар бардык муктаждыктарын чечүү үчүн Ага гана кайрылышат.

Ал төрөбөгөн жана төрөлбөгөн. Анын уул-кыздуу, ата-энелүү болушу туура эмес.Тескерисинче Ал мунун баарын эң катуу кайтаруу менен бул сүрөөдө ж.б. сүрөөлөрдө четке каккан. Анткени укумдан тукумга өтүүчүлүк жана төрөт – бул макулуктардын сыпаттары. Алла Таала христиандардын: "Масих – Алланын уулу", яхудийлердин: "Узайр – Алланын уулу", ж.б.

мушриктердин: "Периштелер – Алланын кыздары" – деп айткандарына бул сүрөөдө жана мындан башка сүрөөлөрдө жооп берген. Мындай жалган сөздөрү аларды уятка калтырды.

Чындыгында Алла Таала Иса пайгамбарды атасыз жалгыз энеден гана Өзүнүн кудурети менен жаратты. Адамзаттын атасы Адам пайгамбарды топурактан жараткан жана адамзаттын энеси Хава энени Адам атанын кабыргасынан жаратты. Андан кийин эркек менен аялдын суусунан адамдын урпактарын жаратты. Тактап айтканда Алла Таала бардык нерселерди жоктон бар кылды. Ал макулуктары үчүн бир жылды жана жашоо тартибин жаратты. Аларды Өзүнөн башка эч ким өзгөртө албайт. Эгер бул нерсени өзгөртүүнү каалаcа, аны каалагандай өзгөртөт.

Мисалы: Алла Таала Иса пайгамбарды бешикте жатканда сүйлөттү. Муса пайгамбардын таягын сойлогон жыланга айлантты жана Ал таягы менен деңизге урганда, Алла деңизди экиге бөлүп, аны Муса пайгамбар эли менен бирге өтүүчү жолго айлантты. Дал ошондой акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, айды экиге бөлдү жана ал дарактардын жанынан өтүп баратканда ал дарактар ага салам беришти. Адамдарга уга турган үн менен

Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, пайгамбарлыгына жаныбарлар: "Мен күбөлүк берем, сен Алланын элчисисиң" - деп күбөлүк берди. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салам, Бурак жаныбарын минип, Харам мечитинен Акса мечитине барып, андан соң Жебреил периште менен асманга көтөрүлдү. Алар асмандын эң үстүнө жетишкенде Алла Таала Пайгамбар менен сүйлөштү жана адам баласына намазды парз кылды. Ошентип ал кайра кайтып Харам мечитине келди. Ал жолдо баратып, ар бир асманда турган адамдарды көрдү. Мунун баары таң атканга чейин бир түндүн ичинде болгон. Исра жана Мираж окуясы Куранда, Пайгамбардын хадистеринде, тарых китептеринде кеңири айтылган.

***

Алла Таала Өзүн Өзү жана Элчилери сыпаттаган сыпаттарына булар кирет:

1. Угуучу, Көрүүчү, Билүүчү, Кудуреттүү, Каалоочу. Ал бардык нерсени угат жана көрүп турат. Анын угуусун жана көрүүсүн эч нерсе тосо албайт.

Ал жатындардагы түйүлдүктү, көкүрөктөрдө катылган сырларды, ааламда эмне болгонун жана

эмне болоорун билет. Ал – Кудуреттүү. Эгер Ал бир нерсени кааласа, "бол" деп айтат, ал ошол замат болот.

2. Алла Таала каалаган убакта каалагандай сүйлөйт. Ал Муса пайгамбар менен жана акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, менен сүйлөшкөн. Куран Алланын сөзү. Аны Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, түшүргөн. Бул Анын сыпаттарынын бири. Адашкан Муътазилиттер[1]ал Куранды жаралган дешет. Чындыгында Куран жаралган эмес. Ал Алланын сөзү.

3. Алланын жүзү жана эки колу, аршына көтөрүлүүсү жана жер асманына түшүүсү,[2]ыраазычылыгы жана ачуулануусу. Ал Өзүнүн ыймандуу пенделеринен

[1] Муътазилиттер – Алла Тааланын көркөм ысымдарын бурмалап, алардын маанисин Алла Таала жана Анын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, максат кылган маанисинен тескери чечмелеген адашкан агым.

[2] Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ар бир түндүн акыркы үчүнчү бөлүгүндө Раббибиз дүйнө асманына түшүп: «Ким Мага дуба кылса, Мен анын дубасын кабыл кылам. Ким Менден суранса, анда анын сураганын берем. Ким Менден кечирим сураса, анда аны кечирем» – деп айтат. (алъ-Бухари, 7494. Муслим, 758. Тирмизий, 3498)

ыраазы болот, каапырларга жана Анын каарын келтиргендерге ачууланат. Анын ыраазылыгы жана ачуусу Анын башка сыпаттары сыяктуу макулуктардын сыпаттарына окшобойт. Алланын сыпаттары бурмаланбайт жана сүрөттөлбөйт. Анын сыпаттары Өзүнүн улуулугуна жараша. Алар адамдардын сыпаттарына окшош эмес.

Ыймандуулар Алла Тааланы Махшар майданында жана бейиште көздөрү менен көрөрү Куран жана сүннөттө айтылган. Алла Тааланын сыпаттары ыйык Куранда жана сүйүктүү Пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, хадистеринде кеңири баяндалган. Аларды карап көрүңүз.

***

Алла адамдарды жана жиндерди жараткан максаты

Эй, акылдуу инсан! Эгер сени жараткан Раббиң Алла экенин билсең, анда сен билгин Алла сени ойноп жөндөн-жөн эле жараткан эмес. Чындыгында Өзүнө ибадат кылуу үчүн жаратты. Алла Таала айтты:

﴿وَمَا خَلَقۡتُ ٱلۡجِنَّ وَٱلۡإِنسَ إِلَّا لِيَعۡبُدُونِ٥٦ مَآ أُرِيدُ مِنۡهُم مِّن رِّزۡقٖ وَمَآ أُرِيدُ أَن يُطۡعِمُونِ٥٧ إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلرَّزَّاقُ ذُو ٱلۡقُوَّةِ ٱلۡمَتِينُ ٥٨﴾ [الذاريات: 56-58]

"Мен жиндерди жана адамдарды жалгыз Өзүмө гана ибадат кылуулары үчүн жараттым. Мен алардан ырыскы да каалабайм жана тамактандырууларын да каалабайм. Чындыгында Алла ырыскы Берүүчү, бекем күч-кубат Ээси". (Заарият, 56-58)

**Бул аяттын жалпы мааниси:**

Алла Таала биринчи аятта жиндерди[3]жана адамдарды өзүнө гана ибадат кылуулары үчүн жаратkандыгын айтты. Ал эми экинчи жана үчүнчү аяттарда, Ал адамдарга муктаж эместигин жана алардан ырыскы да, тамак да сурабастыгын, Ал гана бекем күч-кубат Ээси, ырыскы Берүүчү, адамдарга жана бардык макулуктарга Андан башка ырыскы берүүчү жок экендигин жана Ал гана жамгыр жаадырып, жерден ырыскы чыгараарын айтты.

Ал эми жердеги башка макулуктарга келсек, Алла Таала аларды адам баласы үчүн жаратканын айткан.

[3] Адамзат сыяктуу Алла Таала өзүнө ибадат кылуу үчүн жиндерди акылдуу кылып жараткан. Алар жер бетинде адамдар менен кошо жашашат. Бирок адам балдары аларды көрүшпөйт.

Адам баласы аларды ибадат кылуу максатында колдонуп, шарият мыйзамынын чегинде колдонушат. Ааламдагы ар бир жандыкты, ар бир кыймылды жана тынчтыкты Алла Куранда баяндаган бир даанышмандык үчүн жараткан. Ислам аалымдары шариятта бул даанышмандыкты ар бири өз билимине жараша чечмелешет. Жада калса адам баласынын өмүрү, ырыскылары жана оору-сыркоо, кырсыкка дуушар болуулары аларды сыноо үчүн болот. Алланын каалоосу менен ишке ашат. Ким жазылган тагдырына ыраазы болуп, Аллага моюн сунуп, Аны ыраазы кыла турган иш-аракеттерди аткарса, анда ал Алланын ыраазылыгына жетип бул дүйнөдө жана өлгөндөн кийин акыретте бактылуу болот. Ал эми кимде-ким жазылган тагдырына ыраазы болбосо, Аллага моюн сунбаса, Ага баш ийбесе, анда Алла андан ыраазы болбойт, ал бул дүйнөдө да жана акыретте да бактысыз болот.

Алладан Анын ыраазылыгын сурайбыз жана каарынан коргоосун тилейбиз.

***

Өлгөндөн кийин кайра тирилүү, иш-аракеттер үчүн жаза же сыйлык алуу, тозок жана бейиш

Эй, акылдуу адам! Эгер Алла сени Өзүнө ибадат кылуу үчүн жаратканын билсең, анда билгин Алла пайгамбарларына түшүргөн бардык китептеринде силерди өлгөндөн кийин кайра тирилтээрин жана акыретте аткарган иш-аракетиңер үчүн сыйлык берерин айткан. Себеби адам баласы өлүм аркылуу бул жалган дүйнөдөн чыныгы түбөлүк жашоосуна кайтат. Ар бир адамдын жашоосунун Алла белгилеген мөөнөтү аяктаганда, Алла өлүм периштесине анын жанын алууга буйруйт. Анын жаны денесинен чыга электе өлүмдүн ачуусун татып өлөт. Эгерде ар бир жан Аллага ыйман келтирип, Ага моюн сунган болсо, анда Алла аны кабырда бактылуулук жайына киргизет. Эгерде ал Аллага каапырлык кылып, өлгөндөн кийин кайра тирилүүнү жана тозок азабын жокко чыгарган болсо, анда Алла аны кыямат келгенге чейин кабыр азабы менен азаптайт. Кыямат болгондо макулуктардын баары өлөт, бир гана Алла калат. Андан соң Алла бардык адам баласын, атүгүл жаныбарларды да кайрадан тирилтет. Алла таала бүт денени биринчи жолу жаратылгандай калыбына келтиргенден кийин ар бир жанды өз денесине кайтарат. Андан соң Алла таала ар бир жан ээсине кылган иш-аракеттерине жараша сыйлыгын же болбосо жазасын берет. Эркектер, аялдар, башчылар, кызматчылар, байлар

жана кедейлер болбосун, ал күнү эч кимиси зулум чекпейт. Эгерде ал адам бул дүйнөдө зулум чеккен болсо, анда ал заалымдан өчүн алат. Жада калса азап чеккен жан-жаныбарлар да зулумдук кылган адамдан өчүн алышат. Ал жаныбарлар бири-биринен да өчүн алышат. Андан соң аларга: "Топурак бол" – деп буйрук берип топуракка айлантып салат. Анткени алар бейишке да, тозокко да киришпейт. Алла Таала адам баласынын жана жиндердин кылган иш-аракеттерине жараша сыйлык берет. Ага баш ийип, пайгамбарларды ээрчигендер эң кедей адамдар болсо да алар бейишке киришет. Каапырлар бул дүйнөдөгү эң бай жана эң кадырлуу адамдар болсо да тозокко киришет. Алла Таала айтты:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن ذَكَرٖ وَأُنثَىٰ وَجَعَلۡنَٰكُمۡ شُعُوبٗا وَقَبَآئِلَ لِتَعَارَفُوٓاْۚ إِنَّ أَكۡرَمَكُمۡ عِندَ ٱللَّهِ أَتۡقَىٰكُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٞ ١٣﴾ [الحجرات: 13]

"Чындыгында Алланын алдында эң кадырлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Алла – Билүүчү, Кабардар". (Хужурат, 13)

Бейиш бактылуулуктун мекени. Анда эч ким айтып бере албаган бакыттын түрлөрү бар. Ал жүз даражадан

турат. Анын ар бир даражасында Аллага болгон ыйманынын күчтүүлүгүнө жана ибадаттарына жараша жашоочулары болот. Ал эми бейиштин эң төмөнкү даражасындагы жашоочуларына дүйнө падышасынын эң жакшы сыйлыгынан да эселеп көп сыйлык берилет.[4].

---

[4] Мугира ибну Шуъба, радыяллаху анху, риваят кылат. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Чындыгында Муса пайгамбар Раббисинен: «Бейиш ээлеринин эң төмөнкү даражасы кайсы?» — деп сураганда, Ал айтты: Бейиш ээлери бейишке киргенден кийин бир адам келет. Ошондо ага: «Бейишке кир» – деп айтылат. Ошондо ал: «Оо, Раббим! Адамдар жашай турган жайларына кирип, алчуларын алып бүтүшкөн болсо мага эмне калмак эле?» – деп айтат. Аллах ага: «Дүйнө падышасынын мал мүлкүндөй мүлккө ээ болууну каалайт белең?» – дейт. Ошондо ал: «Оо, Раббим! Мен андай сыйлыкка ыраазымын» – деп айтат. Алла: «Ушулар сага жана мынданда эки эсе көп берилет» – деп кайра-кайра айтып, бешинчисин айтканда, ал: «Оо, Раббим! Мен ушул жагына ыраазымын» – дейт. Ошондо Алла мындай дейт: «Булардын баары сен үчүн жана андан да он эсе көбөйтүлүп берилет. Ушулардын баарысы сенин жан дүйнөң каалаганча жана сенин көздөрүң кубанганча сага болсун». Ошондо ал: «Оо, Раббим! Мен баарына ыраазымын» – дейт. Андан соң Муса алейхи салам Раббисинен бейиш ээлеринин эң жогорку даражасынын жыргалчылыгы жөнүндө сураганда, Алла Таала ага: «Алар Мен

Тозок – өлгөндөн кийинки акыреттеги азаптоочу жай. Анда азаптын ар кандай түрлөрү бар. Ал азаптарды эстөө жүрөктүн үрөйүн учурат жана көздөн жаш агызат.

Эгер өлүм акыретте да болгондо, тозок ээлери ал азаптарды көрөөр замат өлүшмөк. Бирок өлүм бул жашоодо бир жолу эле келет. Адам ал аркылуу бул дүйнө жашоосунан акыретке кетет. Ыйык Куранда өлүм, кайра тирилүү, сурак берүү, сыйлык менен жаза жана бейиш менен тозоктун толук сыпаттары келген. Биз бул китепте ал сыпаттарга ишарат кылганбыз.

Өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө, сурак берүүгө жана сыйлык менен жазага Куранда далилдер өтө көп келген. Алла Таала айтты:

﴿مِنْهَا خَلَقْنَاكُمْ وَفِيهَا نُعِيدُكُمْ وَمِنْهَا نُخْرِجُكُمْ تَارَةً أُخْرَىٰ ﴿٥٥﴾﴾ [طه: 55]

---

тандап алгандар. Аларды Өз колум менен сыйлаймын. Алардын сыйлыктарын эч бир көз көргөн эмес, эч бир кулак уккан эмес жана адамдын оюна да келген эмес» – деп жооп берет. (Муслим, 198)

"Биз силерди жерден жараттык жана ага кайтарабыз жана андан силерди кайра чыгарабыз". (Тооха, 55) Алла Таала айтты:

﴿وَضَرَبَ لَنَا مَثَلًا وَنَسِيَ خَلْقَهُۥۖ قَالَ مَن يُحۡيِ ٱلۡعِظَٰمَ وَهِيَ رَمِيمٞ ٧٨﴾ [يس: 78]

"(Ал) өзүнүн жаралганын унутуп: "Чирип калган сөөктү ким тирилте алат?" - деп Бизге каршы мисал келтирди". (Ясин, 78) Алла Таала айтты:

﴿زَعَمَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوٓاْ أَن لَّن يُبۡعَثُواْۚ قُلۡ بَلَىٰ وَرَبِّي لَتُبۡعَثُنَّ ثُمَّ لَتُنَبَّؤُنَّ بِمَا عَمِلۡتُمۡۚ وَذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٞ ٧﴾ [التغابن: 7]

«Каапырлар: «Кайра эч качан тирилбейбиз» - деп ойлошту. Сен (аларга): «Андай эмес, Раббиме ант болсун! Силер кайра тирилесиңер, Андан кийин силерге кылган ишиңердин кабары берилет. Бул Алла үчүн жеңил» - деп айткын». (Тагаабун, 7)

## Бул аяттын жалпы мааниси:

1. Биринчи аятта Алла Таала: «Алла адамдарды жерден жаратты. Ошол кезде алардын атасы Адам пайгамбарды топурактан жаратты. Андан соң аларды мүрзөдө кайра топуракка кайтарарын жана аларды

сыйлоо үчүн кайра ал жерден чыгарарын айтты. Алардын кабырларынан биринчисинен акыркысына чейин тирилип чыгышын жана аларды Алла сурак кылып, анан аларга сыйлык берерин айтты.

2. Ал эми экинчи аятта Алла Таала кайра тирилүүнү жалганга чыгарган жана сөөктөр жок болгондон кийин кайрадан тирилүүсүнө таң калган каапырга жооп берди. Алла ал аятта каапырга жооп берип, аны кайрадан тирилтээрин айтты. Анткени Алла аны биринчи жолу жоктон бар кылып жараткан.

3. Ал эми үчүнчү аятта Алла адамдар өлгөндөн кийин кайра тирилүүнү жалганга чыгарган каапырдын бузуку дооматтарына жооп берди. Алла Өзүнүн элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, Алла аларды кайра тирилтээрин, кылган иш-аракеттерин кабар берээрин жана ошол иш-аракеттери себебинен аларды азаптоосун бекем ант ичип айтуусун буйруйт. Чындыгында бул Алла үчүн жеңил.

Алла Таала башка бир аятта, кайрадан тирилүүнү жана тозок азабын жалганга чыгарган каапырларды кайрадан тирилткен кезде, аларды тозокто азаптай турганын айтып аларга мындай деп айтты:

﴿... وَقِيلَ لَهُمْ ذُوقُواْ عَذَابَ ٱلنَّارِ ٱلَّذِى كُنتُم بِهِۦ تُكَذِّبُونَ ﴿٢٠﴾﴾ [السجدة: 20]

"Өзүңөр жалганга чыгарып жүргөн тозок азабын таткыла". (Сажда, 20)

Адам иш-аракетин жана сөздөрүн туура аткаруу

Алла Таала ар бир адам эмнени айтаарын жана жакшы же жаман иш-аракеттерди ачык же жашыруун аткараарын билгендигин кабар берген. Алла алардын кандай түрдө болоорун асмандарды, жерди, адамдарды жана башка маклуктарды жаратаардан мурун Лаухул Махфуз китебине жазып койгондугун айткан. Ошону менен бирге Алла Таала ар бир адамга эки периштени дайындаганын, анын оң жагындагы жакшы иш-аркеттерди, сол жагындагы жаман иш-аркеттерди жана алар эч нерсени калтырбай жазаарын кабар берген. Ал эми Алла Таала сурак күнү ар бир адамга анын сөздөрү жана иш-аракеттери жазылган китебин бергенде, ал андан эч нерсени танбастан окуп чыгат. Кылган иштерининин жазылганын көрөт. Ким ал китебиндеги бир нерсени четке какса, анда Алла анын кулагын, көзүн, колун, бутун жана терисин сүйлөтүп анын кылган иш-аракеттерин айттырып коёт.

Ыйык Куранда бул тууралуу кеңири баяндалган. Алла Таала айтты:

﴿مَّا يَلْفِظُ مِن قَوْلٍ إِلَّا لَدَيْهِ رَقِيبٌ عَتِيدٌ ۝١٨﴾ [ق: 18]

"Кандай гана сөз сүйлөбөсүн анын жанында даяр күзөтчү (периште) турат". (Коф, 18) Алла Таала айтты:

﴿وَإِنَّ عَلَيْكُمْ لَحَافِظِينَ ۝١٠ كِرَامًا كَاتِبِينَ ۝١١ يَعْلَمُونَ مَا تَفْعَلُونَ ۝١٢﴾ [الانفطار: 10-12]

"Чындыгында силердин үстүңөрдө иш-аракетиңерди сактоочулар бар. Алар (ар бир иш-аракетиңерди) жазып турган периштелер. Алар силердин эмне кылып жатканыңарды билишет". (Инфитар, 10-12)

Бул аяттардын түшүндүрмөсү:

Алла ар бир адамга эки периштени дайындаганын жана ал адамдын оң жагында жакшы иш-аракеттерди жаза турган күзөтчү периште, сол тарабында жаман иш-аракеттерди жазган сакчы периште бар экенин кабар берди. Алла Таала акыркы эки аятта адамдардын бардык иш-аракеттерин жаза турган периштелерди дайындаганын жана ал периштелерге

бардык иш-аракеттерди билүү үчүн жана жазуу үчүн аларга билүү жана жазуу жөндөмүн бергенин айтты. Алла ал периштелерди жаратканга чейин Лаухул Махфуз китебине аларда билүү жана жазуу жөндөмү болорун жазып койгон.

Күбөлүк берүү

Мен "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Алланын элчиси" - деп күбөлүк берем. Күбөлүк берем бейиш чындык жана тозок чындык. Кыяматтын болушунда эч кандай шек жок. Алла кабырдагыларды сурак жана жазалоо үчүн кайра тирилтет. Алла Өз китебинде жана Пайгамбарынын тили менен айткан нерселердин баары чындык.

Эй, акыл-эстүү адам! Мен сени бул күбөлүк келимени айтып ыйман келтирүүгө, аны жайылтууга жана анын маанисине ылайык амал кылууга чакырам. Бул тозоктон аман калуунун жолу.

# Экинчи бөлүм Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, таануу

Эй, акыл-эстүү адам! Эгер Алла сени жараткан Раббиң экенин билсең жана сени аткарган иш-аракеттериңе сыйлык берүү үчүн кайрадан тирилтээрин билсең, анда билгин Алла сага жана бардык адамдарга бир элчи жиберген. Алла силерди ал элчиге моюн сунууга жана аны ээрчүүгө буйруду. Аллага туура ибадат кылууну билүү үчүн ал Элчини ээрчүүдөн жана Алла жиберген шарият мыйзамы менен ибадат кылуудан башка эч кандай жол жок экенин айтты.

Бул Алланын элчиси. Бардык адамдар ыйман келтиришип, ээрчиш керек болгон акыркы пайгамбар. Алланын бардык адамдарга жиберген элчиси, кат таанытбаган пайгамбар ал Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам. Муса пайгамбар менен Иса пайгамбар Тоорат менен Инжил китептеринде ал тууралуу кырктан ашык жеринде келгендигин кабар берген. Яхудийлер менен христиандар бул Тоорат менен Инжил китептерин ар кандай мааниге өзгөртүп,

бурмалаган кезге чейин Мухаммад пайгамбар тууралуу окушкан[5].

Алла бардык адамдарга жөнөткөн, акыркы Пайгамбар – бул Мухаммад ибну Абдуллах ибну Абдулмутталиб аль-Хаашими аль-Кураши, саллаллаху алейхи уа саллам. Ал жер жүзүндөгү эң шарапаттуу уруудагы эң ардактуу жана чынчыл адам. Ал Ибрахим Пайгамбардын уулу Исмаил пайгамбардын урпагынан тараган. Ал акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, Мекке шаарында 570-жылы төрөлгөн. Ал төрөлүп, энесинин курсагынан чыккан учурда ааламды, адамдарды таң калтырган нур каптаган. Бул тууралуу тарых китептеринде жазылып калган. Меккедеги Каабада Курайш уруусунун сыйынган буттары кулаган. Персия падышасынын Кисра чиркөөсү титиреп, анын он түркүгү кулап, эки миң жылдан бери өчпөгөн перстердин сыйынган оту өчкөн.

---

[5] Бул китептерден караңыз: "Жауаб сахих лиман бадала дин аль-Масиих", (Шейх аль-Ислам Ахмад ибнуТаймия, 1-бөлүк). "Хидаят аль-Хияри", .(Мухаммад Ибну аль-Кайим). "Сира Набавия", (Ибну Хишам). "Мужиза ан-Нубувва", (Ибн Касир).

Бул болгон окуялардын баары Алла тааладан жер жүзүндөгү адамдарга Алладан башка сыйынылып жаткан буттарды жок кыла турган акыркы Пайгамбардын туулгандыгы тууралуу жарыя болгон. Ал Пайгамбар перстерди жана римдиктерди жалгыз Аллага сыйынууга жана Алланын акыйкат динин кабыл алууга чакырат. Эгер алар акыйкат динди кабыл алуудан баш тартышса, анда Пайгамбар жана аны ээрчигендер алар менен согушат. Ошентип Алла Таала аларды жеңишке жеткирип, жер бетиндеги нуру болгон Ислам динин жайылтат. Булардын баары Алла Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, жибергенден кийин ишке ашкан.

Алла Таала Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, мурунку жиберилген элчилердин арасынан өзгөчө айырмачылыктар менен айырмалады. Ал айырмачылыктар:

1. Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, элчилердин акыркысы болгон. Демек, андан кийин эч бир элчи да жана пайгамбар да жиберилбейт.

2. Ал бардык адамдарга элчи болуп жиберилген. Анткени бардык адамдар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, үммөтү. Ким ага баш ийсе жана

аны ээрчисе бейишке кирет, ким ага баш ийбесе тозокко түшөт. Жада калса Яхудийлер жана христиандар ал Пайгамбарды ээрчүүгө милдеттүү. Ким аны ээрчибесе жана ага ыйман келтирбесе, ал Муса пайгамбарга, Иса пайгамбарга ж.б. бардык пайгамбарларга каапырлык кылган болот. Ал эми Муса пайгамбар, Иса пайгамбар ж.б. бардык пайгамбарлар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчибеген ар бир адам үчүн жооп беришпейт. Анткени Алла Таала акыркы пайгамбарды жиберген кезде, аларга акыркы пайгамбарды үммөтүнө сүйүнчүлөөгө жана аны ээрчигиле деп чакырууга буйруган. Анткени Алланын Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, жиберген дини – бардык элчилерине жиберген дин. Алла ушул акыркы пайгамбардын доорунда динди толук жана жеңил кылып түшүрдү. Башка диндеги адамдар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, пайгамбар болуп жиберилгенден кийин Алла жиберген Ислам дининен башка динди кармануулары туура эмес. Анткени Ислам толуктоочу дин. Алла ал дин менен бардык башка диндерди жокко чыгарган. Анткени Ислам акыйкат дин жана өзгөртүлбөй сакталган дин.

Ал эми иудаизм жана христианчылык бурмаланган диндер. Ал диндер Алла түшүргөн бойдон сакталган эмес, Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчиген ар бир мусулман Муса пайгамбарды, Иса пайгамбарды ж.б. бардык пайгамбарларды ээрчиген болуп эсептелет. Ал эми Ислам динин тутунбаган ар бир адам Муса пайгамбарга, Иса пайгамбарга ж.б. бардык пайгамбарларга каапырлык кылган болуп эсептелет. Ал адам Муса пайгамбарды, Иса пайгамбарды эрчиймин деген күндө деле Ислам динин тутунбаган болсо, анда аларга каапырлык кылган болот.

Мына ушундан улам даанышман жана адилеттүү христиан кечилдери менен яхудийлердин илидүүлөрүнүн бир тобу Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирүүгө жана Исламга кирүүгө шашылышкан.

***

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мужизалары[6]

Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, өмүр таржымалын изилдеген аалымдар анын чыныгы пайгамбар экенин көрсөткөн мужизаларын санашкан. Ошондо мужизалар миңден ашкан.

1. Алла анын эки далысынын ортосуна пайгамбарлык мөөрүн өстүргөн. Ал мөөр Мухаммад Алланын элчиси экендигин билдирген. Ал сөл түрүндө болгон[7].

2. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жайдын аптаптуу күнүндө жүргөндө булуттар көлөкө кылып турган.

3. Колундагы майда таштар тасбих айткан жана дарактар ага салам айткан.

---

[6] Мужизанын Курандагы аты: Аят-белгилер. Мужизанын "Аят-белгилер" деп аталышы туурараак. Анткени мужиза адаттан сырткары көрүнүштөргө айтылат.

[7] Ал мөөр териде нокот сыяктуу же андан кичинерээк, ай сымал тегерек, көлөмү көгүчкөндүн жумурткасындай болгон.

4. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кайыптан акыр заманда боло турган кыяматтын белгилерин алдын ала айткан. Мына бара-бара анын айткандары азыркы кезде болууда.

Бул кайып нерселерден болгон кыяматтын белгилери акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, өлгөндөн кийин да кыяматка чейин боло берет. Алла Таала көрсөткөн кыяматтын белгилери хадис китептерде жана кыяматтын белгилери жазылган китептерде келген. Ал китептер: "Ан-Нихая", (Ибну Касир). "Аль-Ахбар аль-Мушаъату фи Ашраатус-саъати", "Абуаб Фитан уа аль-Малахим". Бул кыяматтын бергилери болгон Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мужизалары мурунку пайгамбарлардын мужизаларына окшош.

Алла Таала Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, кыяматка чейин барактарда сакталган, акылды алсыз кылган мужиза менен өзгөчөлөгөн. Ал мужизаны андан башка пайгамбарларга берген эмес. Ал мужиза – Алланын сөзү ыйык Куран. Аны Алла Өзү сактоону кепилдигине алган. Андыктан аны эч ким бурмалап өзгөртө албайт. Эгер кимдир бирөө анын бир тамгасын өзгөртүүгө аракет кылса, ал ачыкка чыгып калат. Мына мусулмандардын колунда Курандын жүз

миллиондогон нускасы бар. Бири экинчисинен бир тамга менен болсо да айырмаланбайт.

Ал эми Тоорат менен Инжил китептеринин нускаларына келсек, алар өтө көп бири-биринен айырмаланып турат. Анткени Алла ал китептердин сакталышын яхудийлер жана христиандарга тапшырганда аларды өзгөртүшүп бурмалашкан. Ал эми Куран болсо, анын сакталышын эч кимге тапшырган эмес. Анын сактоо кепилдигин Өзүнө алган. Алла Таала айтты:

﴿إِنَّا نَحۡنُ نَزَّلۡنَا ٱلذِّكۡرَ وَإِنَّا لَهُۥ لَحَٰفِظُونَ ٩﴾ [الحجر: 9]

"Чынында Биз зикирди (Куранды) түшүрдүк жана албетте аны Өзүбүз сактайбыз". (Хижр, 9)

Куран Алла Тааланын сөзү жана Мухаммад Алланын элчиси экендигине Куранга жана акылга негизделген далилдер

Куран Алла Тааланын сөзү экенине жана Мухаммад Алланын элчиси экендигине логикалык жана акылга негизделген далилдер: Алла Курайш уруусунун каапырлары Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, жалганга чыгарышканда аларга чакырык таштады. Дал ошондой эле алар мурунку

үммөттөрдөгү башка пайгамбарларды да жалганга чыгарышкан жана "Куран Алланын сөзү эмес" - деп айтышкан. Алла Таала аларды Курандын окшошун алып келүүгө чакырды. Ошондо алар Куран өздөрүнүн тили болсо да, алар элдин эң чечени болгонуна карабастан жана алардын арасында атактуу адабиятчылар, белгилүү акындар болгонуна карабастан Курандын окшошун алып келе алышкан жок. Андан соң аларды Куранга окшош жалгандан токулган он сүрөө алып келүүгө чакырганда алар андай окшошун алып келе алышкан жок. Андан кийин аларды бир сүрөө болсо да алып келүүгө чакырганда аны да аткара алышкан жок. Андан соң алардын кудурети жетпегендигин, ошондой эле бүт жиндер менен адамдар бири-бирине жардам беришсе да бир сүрөөнүн окшошун алып келе албастыгын жарыялады.

﴿قُل لَّئِنِ ٱجۡتَمَعَتِ ٱلۡإِنسُ وَٱلۡجِنُّ عَلَىٰٓ أَن يَأۡتُواْ بِمِثۡلِ هَٰذَا ٱلۡقُرۡءَانِ لَا يَأۡتُونَ بِمِثۡلِهِۦ وَلَوۡ كَانَ بَعۡضُهُمۡ لِبَعۡضٖ ظَهِيرٗا ٨٨﴾ [الإسراء: 88]

"Айткын (эй, Мухаммад!): «Эгер адамдар жана жиндер бири-бирине жардамчы болушуп, ушул Курандын окшошун алып келүүгө чогулушса да ага окшошун алып келе алышпайт". (Исра, 88)

Куран Мухаммаддын же башка адамдардын сөздөрү болгондо, Мухаммаддын тилиндеги сөзгө чечен акындар ал Курандын окшошун алып келишмек.

Бирок ал Куран Алла Тааланын сөзү. Алланын сөзүнүн артыкчылыгы жана Анын сөзү адам сөзүнөн жогору болушу Алланын адамдардан жогору болгондугу сыяктуу.

Чындыгында Алланын теңдеши жок болгондуктан Анын сөздөрүнүн да теңдеши жок. Мына ошондуктан Куран Алла Тааланын сөзү жана Мухаммад Алланын элчиси экендиги айкын болууда. Анткени Алланын сөзүн Ал жиберген Элчи гана алып келет. Алла Таала айтты:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَآ أَحَدٍ مِّن رِّجَالِكُمۡ وَلَٰكِن رَّسُولَ ٱللَّهِ وَخَاتَمَ ٱلنَّبِيِّـۧنَۗ وَكَانَ ٱللَّهُ بِكُلِّ شَيۡءٍ عَلِيمٗا ٤٠﴾ [الأحزاب: 40]

"(Оо, ыймандуулар!) Мухаммад силердин араңардагы эч бир эркектин атасы эмес. Бирок ал Алланын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы. Алла бардык нерсени Билүүчү". (Ахзаб, 40) Алла Таала айтты:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةٗ لِّلنَّاسِ بَشِيرٗا وَنَذِيرٗا وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ ٢٨﴾ [سبأ: 28]

"Биз сени (бейиштен) сүйүнчүлөөчү жана (тозоктон) эскертүүчү кылып, жалпы адамдарга жибердик. Бирок адамдардын көпчүлүгү билишпейт". (Саба, 28) Алла Таала айтты:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا رَحۡمَةٗ لِّلۡعَٰلَمِينَ ١٠٧﴾ [الأنبياء: 107]

"(Оо, Мухаммад!) Биз сени ааламдарга ырайым кылуу үчүн жибердик". (Анбия, 107)

**Бул аяттын жалпы мааниси:**

1. Алла Таала биринчи аятта Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, бардык адамдарга жиберген элчиси, пайгамбарлардын акыркысы жана андан кийин пайгамбар жок экендигин кабарлаган. Алла Таала аны пайгамбарлык жүгүн көтөрүүгө жана акыркы пайгамбар болооруна тандап алгандыгын кабарлаган. Анткени Алла Таала аны адамдардын арасынан пайгамбарлыкка ылайыктуу экенин билген.

2. Алла Таала экинчи аятта Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, ак-кара,

арап жана арап эмес башка улуттардагы бардык адамдарга жибергенин кабарлады. Ошондой эле адамдардын көбү акыйкатты билишпей, Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчибей, адашып каапыр болушкандыгын кабарлады.

3. Алла үчүнчү аятта Өзүнүн Элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, кайрылып, аны бүткүл дүйнөгө ырайым кылып жибергенин кабарлады. Ал Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, Алланын адамдарга болгон ырайымдуулугу. Ошондуктан ким Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирип жана аны ээрчисе, Алланын ырайымын кабыл кылган болот жана ал бейишке кирет. Ал эми ким Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирбесе жана аны ээрчибесе, анда ал Алланын ырайымынан баш тарткан болот. Тозок отуна жана оор азапка татыктуу болот.

Аллага жана анын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирүүгө чакыруу

Эй, акыл-эстүү адам! Демек биз сени Алланы Рабби деп, Анын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, элчи деп ыйман келтирип, аны ээрчүүгө жана Алланын ал пайгамбарга жиберген шариятына

ылайык иш-аракеттерди аткарууга чакырабыз. Ал шарият Ислам дининин шарияты. Ислам дини ыйык Куранга жана акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, тастыкталган хадистерине негизделген. Анткени Алла ал Пайгамбарды коргоп койгон. Ошондуктан ал Алланын буйругун гана аткарат жана Алла тыйган нерселерге гана тыюу салат. Демек чын жүрөктөн: "Менин жалгыз Кудайым жана Раббим Алла экенине ыйман келтирдим жана Мухаммад Алланын элчиси экенине ыйман келтирдим" - деп айт да ал Пайгамбарды ээрчи. Анткени силер үчүн мындан башка тозоктон кутулуу жолу жок.

Алла Таала сизге жана мага бактылуу болууга жана тозоктон кутулууга ийгилик берсин. Аамиин!

***

# Үчүнчү бөлүм акыйкат динди таанып билүү

Эй, акыл-эстүү адам! Эгер сен Алла Таала сени жараткан жана сага ырыскы берген Раббиң экенин билсең жана Анын шериги жок Жалгыз, чыныгы Кудай экенин билсең, анда Жалгыз Ага гана ибадат кылууң парз болот. Эгер сен Мухаммад Алланын силерге жана бардык адамдарга жиберген элчиси экенин билсең, анда Ислам динин билмейинче, аны дин деп ишенмейинче жана ага ылайык иш-аракеттерди аткармайынча Алла Таалага жана Анын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, болгон ыйманың туура эмес экенин билгин. Анткени бул Алла Таала ыраазы болгон дин. Алла Таала пайгамбарларына буйруган дин жана акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, бардык адамдарга жеткирүү үчүн жиберилген дин. Алла Таала адамдарды ал диндеги кээ бир иш-аракеттерди аткарууга буйруган.

***

## Исламдын аныктамасы

Акыркы пайгамбар жана бардык адамдарга жиберилген, Алланын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Алланын Элчиси деп күбөлүк беруүң, намаз окууң, зекет беруүң, Рамазан айында орозо кармооң жана эгер кудуретиң жетсе ажыга баруүң".8

Ислам – бул дүйнөлүк дин. Алла бардык адамдарды ал динди кармануугa буйруган. Алланын элчилери ага ыйман келтиришип Аллага баш ийүүлөрүн жарыялашкан. Алла Таала Ислам акыйкат дин экенин жана Андан башка динди кабыл албастыгын кабар берген. Алла Таала айтты:

﴿إِنَّ ٱلدِّينَ عِندَ ٱللَّهِ ٱلۡإِسۡلَٰمُۗ ...﴾ [آل عمران: 19]

"Чындыгында, Алланын алдында (кабыл боло турган) дин – бул Ислам". (Аали Имран, 19) Алла Таала айтты:

---

[8] Муслим, 8. Абу Дауд, 4695)

﴿وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينٗا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ وَهُوَ فِي ٱلۡأٓخِرَةِ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ ٨٥﴾ [آل عمران: 85]

"Ким Исламдан башка динди тандаса, андан кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот". (Аали Имран, 85)

**Бул аяттын түшүндүрмөсү:**

1. Алла Таала Өзүнүн алдындагы кабыл боло турган дин бир гана Ислам дини экенин кабар берди.

2. Алла Таала экинчи аятта Исламдан башка динди эч кимден кабыл албастыгын жана өлгөндөн кийин мусулмандар гана бактылуу болоорун кабарлады. Ал эми Исламдан башка динди кармап өлгөндөр акыретте зыянга учурап тозокто азапталаарын кабарлады.

Мына ошондуктан бардык пайгамбарлар Ислам динин карманышканын жарыя кылышкан. Ислам динин карманбагандарга өздөрүнүн күнөөсүз экенин билдиришкен. Ошондуктан яхудий жана христиандардан ким тозоктон кутулууну жана бактылуу болууну кааласа, анда Ислам динин кабыл алсын жана Ислам дининин элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчисин. Ошондо гана алар чынында

Муса пайгамбар менен Иса пайгамбарды ээрчиген болот. Муса пайгамбар, Иса пайгамбар, Мухаммад пайгамбар ж.б. Алланын бардык элчилери мусулман болушкан жана алардын баары Ислам динине чакырышкан. Анткени Ислам Алланын дини. Ал динин Алла Таала ал пайгамбарларга жиберген. Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, бул дүйнөнүн акырына чейин акыркы пайгамбар болуп жиберилгенден кийинки ар бир адам Мухаммадды Алланын элчиси деп ыйман келтирип, аны ээрчип, Алла ага түшүргөн Куранга ылайык иш-аракеттерди аткарса, анда өзүн мусулманмын деп айтуусу туура болот. Алла андан анын Исламга киргендигин кабыл алат. Алла Таала ыйык Куранда мындай деп айтты: "Айткын (эй, Мухаммад!):

﴿قُلۡ إِن كُنتُمۡ تُحِبُّونَ ٱللَّهَ فَٱتَّبِعُونِي يُحۡبِبۡكُمُ ٱللَّهُ وَيَغۡفِرۡ لَكُمۡ ذُنُوبَكُمۡۚ وَٱللَّهُ غَفُورٞ رَّحِيمٞ ٣١﴾ [آل عمران: 31]

"Эгер Алланы жакшы көрсөңөр, анда мени ээрчигиле. Ошондо Алла силерди жакшы көрөт жана күнөөңөрдү кечирет. Алла Кечиримдүү, Мээримдүү". (Аали Имран, 31)

## Бул аяттын түшүндүрмөсү:

Алла Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, Алланы жакшы көрөм дегендерге мындай деп айтуусун буйруйт: "Эгер чындап Алланы жакшы көрсөңөр, анда мени ээрчигиле, Алла силерди жакшы көрөт". Алланын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирип, аны ээрчимейинче Алла силерди жакшы көрбөйт жана күнөөңөрдү кечирбейт.

Ал эми Алла Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, Ислам дини менен бардык адамдарга жиберген. Бул Ислам дини толук, ар тараптуу жана кечиримдүүлүктүн дини. Ал Ислам динин Алла пенделери үчүн толуктап, аларга анын дин болуусуна ыраазы болгон жана алардан мындан башка динди кабыл албайт. Ал Ислам динин бардык пайгамбарлар кабар берген жана ага ыйман келтиришкен. Алла Таала ыйык Куранда мындай деп айткан:

﴿... ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ ...﴾ [المائدة: 3]

Бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылдым, силерге нээматымды толуктап бердим жана

Исламдын дин болушуна ыраазы болдум. (Маида, 3)

**Бул аяттын түшүндүрмөсү:**

Алла Таала бул ыйык аятта акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, коштошуу зыяратында Меккедеги Арафат тоосунда мусулмандар менен бирге Аллага кайрылып, Ага дуба кылып турганда ушул аят түшкөндүгүн кабарлаган. Бул кабар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, өмүрүнүн акырында болгон. Мындан алдын Алла Таала аны жеңишке жеткирип, Ислам жайылып, Куран толук түшүп бүткөн эле.

Алла Таала мусулмандардын динин толуктагандыгын, пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, жиберүү менен аларга жакшылыгын толуктаганын жана ал пайгамбарга ыйык Куранды түшүргөндүгүн кабарлайт. Ошондой эле аларга Исламды дин болуусуна ыраазы болгонун, ага эч качан ачууланбастыгын жана эч кимден андан башка эч бир динди кабыл албастыгын кабарлаган.

Бардык адамдарга келген Алланын элчиси Мухаммад,саллаллаху алейхи уа салламга, жиберилген дин бул Ислам дини. Ал ар бир заманга, бардык жерге

жана бардык үммөткө ылайктуу болгон толук жана кемчиликсиз дин экендигин Алла кабарлаган. Ислам илимдин, жеңилдиктин, адилеттүүлүктүн жана жакшылыктын дини. Жана жашоонун бардык тарабына ылайык, толук жана туура жол. Бул Ислам дини жана Ислам мамлекети. Анда башкарууга, сот бийлигине, саясатка, коомго жана экономикага жана бул дүйнөдө адамдардын жашоосуна керектүү нерселердин баарына туура келген акыйкат жолу бар. Ошондой эле Исламда жашап өлгөн адамдардын акыретте бактылуу жашоосу да анда айтылган.

***

## Ислам негиздери

Алла Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, жиберген кемчиликсиз Ислам дини беш негизден турат. Адам аларга ыйман келтирмейинче жана аларды аткармайынча чыныгы мусулман болуп эсептелбейт. Ал Ислам негиздери:

Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Алланын элчиси деп күбөлүк берүү.

Намаз окуу.

Зекет берүү.

Рамазан айында орозо кармоо.

Эгер кудуретиң жетсе, Алланын үйүнө ажыга баруун[9].

Биринчи негиз

Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Алланын элчиси деп күбөлүк берүү.

Бул күбөлүктүн өзгөчө мааниси бар. Аны мусулман адам билип, ага амал кылуусу парз. Ал эми кимде-ким аны тили менен айтса, анын маанисин билбесе жана ага амал кылбаса, анда ага эч кандай пайдасы тийбейт.

Лаа илааха иллаллах келмесинин мааниси: Жерде жана асманда Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Анткени Ал Алла чыныгы сыйынууга татыктуу жана Андан башка бардык кудайлар жалган.

---

[9] Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Ислам беш негизге куралган. Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Алланын Элчиси деп күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, ажыга баруу, рамазан айында орозо кармоо". (Алъ-Бухари, 8/4515. "Тарих Кабир", 4/213. Муслим, 16)

Кимде-ким Алла Таалага жакындоону көздөп Ага ортомчу гана болот деп Алладан башкага сыйынса, анын сыйынып жаткан кудайы пайгамбар же олуя болсо да, анда ал Аллага каапырлык кылып Ага шерик кошкон болот. Анткени, Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, менен согушкан мушриктер пайгамбарларды жана олуяларды Аллага ортомчу кылабыз деп аларга ибадат кылышкан. Бирок алардын бул айткан шылтоолору туура эмес жана жалган. Анткени Алла Таалага жакындоону көздөп Ага ортомчу коюп Ага ибадат кылуу Андан башкага ибадатты буруу менен болбойт. Тескерисинче Анын ысымдары жана сыпаттарын ортого коюу менен жана намаз окуу, зекет берүү, зикир кылуу, орозо кармоо, жихадка чыгуу, ажылык кылуу, ата-энени урматтоо ж.б. Алла буйруган жакшы иш-аракеттерди ортого коюу менен болот. Жана ушул сыяктуу Аллага ортомчу коюп ибадат кылууда тирүү, жанында турган ыймандуу адамдын дубасы менен да момун бир тууганы үчүн дуба кылса болот.

Ибадаттын түрлөрү

## 1. Дуба кылуу

Дуба – бул Алла Тааладан Анын гана кудурети жете турган муктаждыктарды суроо. Мисалы: Жамгыр жаадырууну, ооруларга шыпаа тилөөнү жана эч бир макулук жеңилдете албаган кыйынчылыктарды жоюуну сурануу. Ошондой эле бейишке кирүүнү жана тозоктон сактанууну суроо, бала-чака тилөө, ырыскы суроо, бактылуулукту суроо ж.б.

Булардын баарын жалгыз Алладан гана суроо керек. Ошондуктан ким тирүү же өлүк макулуктан ушулардын бирөөсүн сураса, анда ага ибадат кылган болот. Алла Таала пенделерин жалгыз Өзүнө гана ибадат кылууга буйруган. Дуба кылуу – бул ибадат. Ким ал ибадатты Алладан башкага арнаса, анда ал тозок элдеринен болоорун кабар берген. Алла Таала айтты: "Раббиңер айтты:

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ٱدۡعُونِيٓ أَسۡتَجِبۡ لَكُمۡۚ إِنَّ ٱلَّذِينَ يَسۡتَكۡبِرُونَ عَنۡ عِبَادَتِي سَيَدۡخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ ٦٠﴾ [غافر: 60]

"Мага дуба кылгыла - силерге жооп беремин. Чындыгында Мага ибадат кылуудан текеберленгендер кор болгон абалда тозокко киришет". (Гафир, 60) Алладан башка дубада суралып жаткандар пайгамбар же олуя болсо да эч кимге пайда

же зыян келтирүүгө ээ эмес экенин Алла Таала кабарлады.

﴿قُلِ ٱدۡعُواْ ٱلَّذِينَ زَعَمۡتُم مِّن دُونِهِۦ فَلَا يَمۡلِكُونَ كَشۡفَ ٱلضُّرِّ عَنكُمۡ وَلَا تَحۡوِيلًا ٥٦﴾ [الإسراء: 56]

"Айткын: "(Эй, мушриктер!) Алладан башка (өзүңөр кудай деп) ойлогонуңарга дуба кыла бергиле. Алар силерден зыянды кетирүүгө жана башка жака буруугa кудуреттери да жетпейт". (Исра, 56) Алла Таала айтты:

﴿وَأَنَّ ٱلۡمَسَٰجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدۡعُواْ مَعَ ٱللَّهِ أَحَدٗا ١٨﴾ [الجن: 18]

"Чындыгында мечиттер Аллага таандык, андыктан Алла менен бирге эч кимге дуба кылбагыла". (Жин, 18)

## 2. Жандык союу, назр кылуу жана курбандык чалуу

Адам заты кан чыгаруу, курбандык чалуу, назр кылуу менен жалгыз Аллага гана жакындоосу туура болот. Кимде-ким Алладан башкага кан чыгарып мал сойсо, анда ал Алладан башкага сыйынган болот да Алланын каргышына татыктуу болуп калат. Ошол сыяктуу эле

ким кабырга же жиндерге мал сойсо, анда Алладан башкага сыйынган болот.

﴿قُلْ إِنَّ صَلَاتِي وَنُسُكِي وَمَحْيَايَ وَمَمَاتِي لِلَّهِ رَبِّ ٱلْعَٰلَمِينَ١٦٢﴾ [الأنعام: 162]

"Айткын: “Менин намазым, курбандыгым, жашоом жана өлүмүм ааламдардын Раббиси Алла үчүн". (Анъам, 162)

Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Ким Алладан башкага арнап мал сойсо, анда ага Алланын каргышы болсун».10

Эгер бир адам: «Эгер ушул мага болсо Мен баланча үчүн назр кылам, баланча садака кылам же тигини аткарамын" - деп назр кылса, анда бул назр ширк болот. Анткени ал адам макулука назр кылып жатат. Назр – бул бир гана Алла үчүн болгон ибадат. Ислам шарияты көрсөткөн назр – бул: “Алла үчүн назр кылам, баланча садака кылам же ушунча ибадатты аткарам, эгер ушул мага болсо" - деп айтуу.

[10] Муслим, 1978. ан-Насаий, 4422)

## 3.Истиъана, истигоса жана истиъаза[11]

Ошондуктан жалгыз Алладан гана сактоо, куткаруу, жардам жана коргоо суралат. Алла Таала ыйык Куранда мындай деп айтты:

﴿إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ۝٥﴾ [الفاتحة: 5]

"Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз". (Фатиха, 5) Алла Таала айтты:

﴿قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلْفَلَقِ۝١ مِن شَرِّ مَا خَلَقَ۝٢﴾ [الفلق: 1-2]

Айткын (Эй, Мухаммад!): "Таңдын Раббисинен коргоо сураймын. Ал жараткан нерселердин жамандыгынан". (Фалак, 1-2) Алланын элчиси, саллаллалху алейхи уа саллам, айтты: «Чындыгында менден сактоо суралбайт, тескерисинче Алладан гана сактоо суралат».12Алланын элчиси, саллаллалху

[11] Истиъана бул – жардам сурап кайрылуу. Истигоса бул – кайгы жана кыйынчылыктардан куткарууну жана сактоону суроо. Истиъаза бул – сактоочудан жамандыктардан жана жаман иштерден коргоо суроо.

[12] Ахмад, 5/317/22758. Табарани, 10/246)

алейхи уа саллам, айтты: «Эгерде сурасаң Алладан сура, эгер жардам сурасаң Алладан сура»13.

Тирүү жанындагы адамдан анын колунан келген гана нерселерде сактоосун жана жардамын сураса болот. Ал эми жамандыктардан коргоо суроого келсек, Алладан гана суроо керек. Өлгөн адамды жана жанында жок адамды ортомчу кылып сактоо сурап жана алардан жардам сурап Аллага кайрылууга болбойт. Анткени алар пайгамбар, олуя жана падыша болсо да эч кандай пайда да зыян да алып келе алышпайт.

Кайыпты Алла Таала гана билет. Ошондуктан ким кайыпты билем деп айтса, ал каапыр болот, анын айтканын жалганга чыгаруу керек. Ал көзү ачыктык кылып кандайдыр бир нерсени божомолдоп айтып, ал туура болуп чыкса, анда кокусунан дал келип калган болот. Алланын элчиси, саллаллалху алейхи уа саллам, айтты: "Кимде-ким көзү ачыкка же төлгөчүгө барып,

---

[13] Тирмизи, 2516. Ахмад, 2802. Табарани, 2820)

анын айткандарына ишенсе, анда Мухаммадка түшүрүлгөн нерсеге каапырлык кылган болот".14

4. Таваккулъ, рожаа жана хушуу[15]Адам Алладан башкага таваккуль кылбайт, Алладан башкадан үмүт кылбайт жана Алладан башка эч кимге моюн сунбайт.

Өкүнүчтүүсү мен мусулманмын дегендердин көбү Аллага ширк кошкон абалда ибадат кылып жатышат. Алар кээ бир тирүү олуя-эшендерден жана кабырда жаткан кээ бир адамдардан дуба кылып сурашат. Алардын кабырларын таваф кылып айланышат жана алардан муктаждыктарын сурашат. Алардын мындай кылганы Алладан башкага ибадат кылуу болуп саналат. Андай кылган адамдар бул күнөөнү билип туруп, "Лаа илааха иллаллах, Мухаммад расуулуллах" деп ыйман келмесин айтып, намаз окуп, орозо кармап жана ажыга барып турса да мусулман эмес.

---

[14] Абу Дауд, 3904. ат-Тирмизи, 135. Ибн Мажа, 639. Таргиб уа Тархиб, 3047)

[15] Таваккуль – бул адамдын жүрөгүнүн ишеними жана анын бардык иштерде Аллага таянуусу. Рожаа – бул келечекте адамдын жакшы көргөн нерсесин пайда болушуна жүрөгүнүн байлануусу.

﴿وَلَقَدۡ أُوحِيَ إِلَيۡكَ وَإِلَى ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكَ لَئِنۡ أَشۡرَكۡتَ لَيَحۡبَطَنَّ عَمَلُكَ وَلَتَكُونَنَّ مِنَ ٱلۡخَٰسِرِينَ ٦٥﴾ [الزمر: 65]

"Чындыгында сага да, сенден мурункуларга да: "Эгерде сен ширк кылсаң, анда иш-аракеттериң текке кетет жана сөзсүз зыянга учуроочулардан болосуң" - деп вахий кылынды". (Зумар, 65) Алла Таала айтты:

﴿...إِنَّهُۥ مَن يُشۡرِكۡ بِٱللَّهِ فَقَدۡ حَرَّمَ ٱللَّهُ عَلَيۡهِ ٱلۡجَنَّةَ وَمَأۡوَىٰهُ ٱلنَّارُۖ وَمَا لِلظَّٰلِمِينَ مِنۡ أَنصَارٖ ٧٢﴾ [المائدة: 72]

"Чындыгында кимде-ким Аллага ширк кылса, анда Алла аны бейишке киргизбейт, анын барар жери тозок. Заалымдарга жардам берүүчү эч ким жок". (Маида, 72) Алла Таала элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, коомуна минтип айтууга буйруду:

﴿قُلۡ إِنَّمَآ أَنَا۠ بَشَرٞ مِّثۡلُكُمۡ يُوحَىٰٓ إِلَيَّ أَنَّمَآ إِلَٰهُكُمۡ إِلَٰهٞ وَٰحِدٞۖ فَمَن كَانَ يَرۡجُواْ لِقَآءَ رَبِّهِۦ فَلۡيَعۡمَلۡ عَمَلٗا صَٰلِحٗا وَلَا يُشۡرِكۡ بِعِبَادَةِ رَبِّهِۦٓ أَحَدَۢا ١١٠﴾ [الكهف: 110]

"Айткын: «Мен силер сыяктуу эле кишимин. Болгону мага: "Чындыгында силердин кудайыңар – Жалгыз Кудай. Ошондуктан ким Раббисине

жолугууну үмүт кылса, анда жакшы иш-аракеттерди аткарсын. Раббисине ибадат кылууда эч кимди шерик кылбасын" - деп вахий жиберилет". (Кахф, 110)

Ислам дининдеги кээ бир тармактарды билип, диндин негизи болгон таухид илиминен кабары жок адашкан илимдүүлөр "шапаат жана васила" сөздөрүнүн түпкү маанисин бурмалашып карапайым элдерди азгырышып ширкке чакырып жатышат. Алар "шапаат жана васила" тууралуу келген Куран аяттарын бурмалап чечмелешип, Алланын элчисинин атынан айтылган токулма хадистер менен далилдешет. Ошондой эле алар жалган окуяларга жана шайтан аян кылган түштөргө ж.б. китептеринде жыйналган адаштыруучу маалыматтарга таянышат. Алар мурунку мушриктер сыяктуу шайтанды ээрчишип, напси каалолорун ээрчишип, ата-бабаларын тууралашып ушундай туура эмес далилдерге таянышат да Алладан башкага кылып жаткан ибадаттарын кубатташат.

Алла Таала бизге Өзүнө жакындаткан васила кылуу жолун издегиле деп Өз сөзүндө буйруган. Алла Таала айтты:

﴿... وَٱبۡتَغُوٓاْ إِلَيۡهِ ٱلۡوَسِيلَةَ ...﴾ [المائدة: 35]

"Аллага васила (жакын болуунун жолун) издегиле". (Маида, 35). Бул аяттагы "васила" сөзүнөн максат – шарияттагы жакшы иш-аракеттер. Мисалы: Алла Тааланы сыйынууга татыктуу, бардык иштеринде жалгыз Өзү башкаруучу жана Жаратуучу, ырыскы Берүүчү жана Көзөмөлдөөчү деп билүү, намаз окуу, зекет берүү, орозо кармоо, ажылык кылуу, жихадка чыгуу, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу, тууганчылык байланышты бекемдөө ж.б.у.с. Ал эми кыйынчылыкта жана балээ түшкөн учурунда өлүктөрдү ортого коюп, Аллага дуба кылуу – бул аларга сыйынуу болуп саналат.

Алла Таала шапаат кылууга уруксат берген пайгамбарлардын, олуялардын жана башка мусулмандардын шапаат кылуусу – чындык. Алардын шапаат кылууларына ишенебиз. Бирок шапаат өлгөндөрдөн суралбайт. Анткени бул шапаат кылуу Алланын гана акысы. Анын уруксатысыз эч ким шапаат кыла албайт. Демек муаххид мусулман шапаатты: "Оо, Алла! Мага Өзүңдүн элчиң жана салих пенделериңдин шапаатын насип кылакөр" - деп Алла Тааладан гана сурайт. Ал: "Оо, баланча! Мага шапаат кыл» - дебейт. Анткени ал өлүк, өлгөн адамдан эч качан эч нерсе суралбайт. Алла Таала айтты:

﴿قُلْ لِلَّهِ ٱلشَّفَٰعَةُ جَمِيعًاۖ لَّهُۥ مُلْكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِۖ ثُمَّ إِلَيْهِ تُرْجَعُونَ﴾ [الزمر: 44]

"Айткын: Бардык шапаат Аллага таандык. Асмандардын жана жердин мүлкү Ага таандык. Андан соң Ага кайтарыласыңар". (Зумар, 44)

Исламга карама-каршы келген жана Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, тыюу салган, сахих хадистерде жана Сахих алъ-Бухари, Сахих Муслим жана ас-Сүнан китептеринде: мүрзөлөргө мечиттерди куруунү, чырактарды коюну, алардын үстүнө күмбөз отургузууну, өзгөчөлөп курчап, аларга жазып коюну, чүпүрөк байлоону жана ал жерде намаз окууну бидааттар деп келген. Мунун баарын Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, тыюу салган. Анткени ал иштердин баары мүрзөдөгү өлүктөргө сыйынуунун эң чоң себептеринин бири.

Ушул далилдердин негизинде көптөгөн өлкөлөрдө караңгы адамдардын кабырларда аткарылып жаткан иш-аракетери Аллага шерик кошуунун түрлөрүнөн экени белгилүү болууда. Мисалы: Мисирдеги аль-Бадави менен Саййида Зайнабдын күмбөзү, Иракстагы аль-Жийланининин күмбөзү, Ахлу Байт деп атап алышкан Иракстын Нажаф жана Карбаладагы мүрзөлөрү ж.б.у.с.

Караңгы карапайым эл ал кабырлардын айланасында таваф кылып айланып, кабырдагы өлүктөрдөн муктаждыктарын сурап, аларды пайда же зыян алып келет деп ишенишүүдө.

Ушул далилдердин негизинде мындай ишенимдеги адамдар ислам динин тутунуп, намаз окуса, орозо кармаса, ажыга барса да, "Лаа илааха иллаллах, Мухаммад расуулуллах" деп ыйман келимесин айтышса да, алар адашкан мушриктер экени белгилүү болууда. Анткени, "Лаа илааха иллаллах, Мухаммад расуулуллах" деп ыйман келимесин айтышса да анын маанисин түшүнүп, анын талабына ылайык иш-аракеттеди аткармайынча муаххид деп эсептелбейт. Ал эми мусулман эместер болсо, ал ыйман келимесин айтуу менен Исламга кирип мусулман болот. Бирок ал адам Ислам динине карама-каршы келген ширк сөздөрүн айтса, анда Исламдан чыгып кетет. Караңгы, түшүнүгү тайкы мусулмандарга Исламдын парздарын түшүндүргөндөн кийин ал парздарды четке кагуусу же Ислам динине карама-каршы келген динге ишенүүсү аларды Исламдан чыгарып салат.

Өлүктөргө дуба кылып алардан жардам сурагандар үчүн Пайгамбарлар жана олуялар[16]күнөөлүү эмес. Анткени, Алла Таала адамдарды өзүнө гана ибадат кылууга чакыруу үчүн жана Алладан башка бирөөгө, пайгамбар болобу, олуя болобу ж.б.у.с. адамдар болобу аларга ибадат кылууну таштоо үчүн элчилерин жиберген.

---

[16] Аллага жакын олуялар – алар муаххидтер, Аллага моюн сунгандар жана Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчигендер. Алардын арасында илими жана жихады менен белгилүү болгондор да бар жана белгилүү болбогондору да бар. Алардын белгилүүлөрү адамдар аны ыйыктагандыгына ыраазы болушпайт. Чыныгы Аллага жакын олуялар өзүнүн олуялыгын айтышпайт, тескерисинче, алар өздөрүн кемчиликтүүбүз деп билишет жана алар өздөрүн өзгөчө кийим менен же өзгөчө көрүнүштө өзгөчөлөбөйт. Алар Бул жагынан Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламды, үлгү тутушат. Муаххид мусулман жана Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчиген ар бир мусулман өзүнүн такыбалыгына жана кылган ибадатына жараша Аллага жакын олуя болушат. Демек өздөрүн олуямын дегендер жана адамдар аларды урматтап, ыйыкташы үчүн атайын кийимдерди кийгендер алар олуя эмес. Тескерисинче жалганчылар экени ачыка чыгып жатат.

Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламды, жана аны ээрчиген олуяларды жакшы көрүү аларга ибадат кылуу менен болбойт. Анткени аларга ибадат кылуу бул аларга душмандык кылуу болуп саналат. Ал эми аларды жакшы көрүү аларды ээрчип, алардын жолун жолдоо менен болот. Чыныгы мусулман пайгамбарларды жана аларды ээрчиген олуяларды жакшы көрөт, бирок аларга сыйынбайт.

Биз Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламды, өзүбүздүн напсибизден, үй-бүлөбүздөн, бала-чакабыздан жана бардык адамдардан артык жакшы көрүү биз үчүн важиб экенине ишенебиз.

***

Тозоктон кутулуучу жамаат

Мусулмандардын саны көп болгону менен чынында Исламды толук жана таза кармангандары аз. Ислам динин тутунган жамааттардын саны көп. Алар жетимиш үч жамаатка чейин жетет жана ал жамааттардын мүчөлөрүнүн саны миллиардга жетет же андан ашат.[17]. Бирок чыныгы Исламды карманган

---

[17] -хижрий жылы боюнча, 1975-миладий жылы боюнча китеп жазылып жатканда жарыяланган статистикага ылайык.

мусулман жамааты бирөө. Алар Алла Тааланы жалгыздап, Мухаммад пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, жана анын сахабаларын акыйдада жана жакшы иш-аракеттерде алардын жолу менен жүргөндөр. Бул тууралуу Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан: "Яхудийлер жетимиш бир жамаатка, християндар жетимиш эки жатаатка бөлүнүштү. Ал эми бул үммөт жетимиш үч жамаатка бөлүнөт, алардан бир жамааттан башкасынын баары тозокто". Ошондо сахабалар: "Оо, Алланын Элчиси! Ал кандай жамаат?" - дешти. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: "Бүгүнкү күндө мен жана менин сахабаларым жүргөн жолдо жүргөндөр" - деп айтты.[18]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, жана анын сахабаларынын жолу бул - Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Алланын элчиси экенине жүрөктөн ишенүү жана ал ыйман келимесине ылайык иш-аракеттерди аткаруу. Мисалы: Аллага гана дуба кылуу, Ага гана назр кылуу жана Ал

---

[18] Абу Дауд, 3842. Ибн Мажа, 3226. Сахих алъ-Жаами, 1082. Силсила ас-Сахиха, 203)

үчүн мал союу. Андан гана сактануу суроо, Андан гана жардам суроо жана Андан гана коргоо суроо, пайдазыян Андан гана болот деп ишенүү. Алла үчүн ыклас коюп Ислам негиздерин аткаруу жана Анын периштелерин, китептерин, Анын элчилерин, кайра тирилүүнү, сурак берүүнү, бейишти, тозокту тастыктоо. Тагдырдын жакшылык жана жамандыгы Алла Тааладан экенин билүү. Куран жана сүннөт менен түрдүү тармактарда өкүм жүргүзүү, андагы өкүмдөргө ыраазы болуу. Алла үчүн мусулмандарды дос тутуу жана Анын душманы болгон каапырларды душман тутуу. Ага даават кылуу жана Анын жолунда жихад кылуу. Мусулмандардын башчысы жакшылыкка буйруса, аны угуп, ага моюн сунуу. Кайда болсо да акыйкат сөздү айтуу. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аялдарын, анын үй-бүлөөлөрүн жакшы көрүү жана аларды жакын тутуу. Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларын жакшы көрүү жана алардын кадыр-баркына жараша кадырлоо. Алардын баарына ыраазы болуу жана алардын ортосунда болган чыр-чатакты айтпоо.[19]Мунафыктардын кээ бир сахабаларга айткан

[19] Тактап айтканда, сахабалардын ортосунда болуп өткөн

жалааларына ишенбөө. Мунафыктар ал жалаалары менен мусулмандарды ыдыратууну көздөшкөн. Бирок Мусулмандардын кээ бир аалымдары жана тарыхчылары мунафыктардын бул кылганына алданып калышты, ошондуктан алар өз китептеринде ак ниет менен алардын кылгандарын туура деп далилдешти. Алардын бул кылгандары туура эмес.

Өзүн Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, урпактарынан болом, ал урпактардын улуусумун деп өзүн-өзү атагандар тегинин туура болушун тактоолору керек. Анткени өзүн ата-тегин башка ата-текке башкага ыйгарган адамга Алла каргыш айткан. Эгер алардын ата-теги такталган болсо, анда алар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, Алланы чын ыкластан жалгыздоодо, күнөөлөрдү таштоодо ээрчүүлөрү керек. Ошондой эле адамдардын ал урпактарга таазим кылуусуна жана алардын тизелерин жана буттарын өбүүгө ыраазы болбошу керек. Алар мусулман бир туугандарынан өзгөчө кийими менен айырмаланбашы керек. Анткени мунун баары Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кылгандарына

---

карама-каршылыктарын же бөлүнүп жарылууларын чечмелебөө.

карама-каршы келет. Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, андай адамдардан алыс. Ал Алланын алдында эң сыйлуу жана эң такыба.

Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, пайгамбарыбызга, анын үй-бүлөсүнө Алланын тынчтыгы жана саламы болсун.

***

Өкүм кылуу жана шарият мыйзамын чыгаруу жалгыз Алланын гана акысы. Шарият мыйзамы бар жерде адилеттүүлүк, ырайымдуулук жана ийгилик орнойт.

Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп ыйман келтирүүсү жана ага амал кылуусу зарыл болгон ыйык келменин маанилери төмөнкүлөрдү да камтыйт. Алар; Өкүм кылуу жана шарият мыйзамын чыгаруу жалгыз Алланын гана укугу. Эч бир адам бардык иштерде Алла койгон шарият мыйзамына карама-каршы келген мыйзамды коюуга болбойт. Мусулман адамга Алла түшүргөн өкүмдөн башка өкүм менен өкүм жүргүзүүгө болбойт. Анын Алланын шариятына карама-каршы келген өкүмгө ыраазы болуусу туура эмес. Эч кимге Алла арам кылган нерсени адал кылуу же адал кылган нерсени арам кылуу уруксат эмес. Демек, ким ушуларга каршы чыгып атайылап аларды

аткарса же ушулардын каршысына ыраазы болсо, анда ал Аллага каапырлык кылган болот. Алла Таала айтты:

﴿... وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾ [المائدة: 44]

"Ким Алла түшүргөн өкүм менен өкүм кылбаса, анда алар анык каапырлар". (Маида, 44)

***

## Алла Таала жиберген элчилердин кызматы.

Алла Таала жиберген элчилердин кызматы - Адамдарды "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок" деген таухид келмесине жана ал келменин талабына ылайык иш-аракеттерди аткарууга чакыруу. Ыйман келимесинин талабы бул - жалгыз Аллага ибадат кылуу, ошону менен бирге адамдарга жана алардын түзгөн мыйзамдарына сыйынуудан чыгып Жараткан Аллага Анын шатияты менен сыйынуу. Алланын шарияты жалгыз шериги жок.

Ким ыйык Куранды ой жүгүртүп окуса жана ата-бабаларын тууроодон алыс болсо, анда биз баян кылган маалыматтардын баары чындык экенин толук түшүнөт. Ошондой эле Алла Таала адамдардын бири-

бири менен болгон мамлесине жана алардын Алла Таала менен болгон мамилесине чек койгондугун түшүнөт. Ыймандуу адамдын Алла Таала менен болгон мамлеси бул - бардык ибадаттардын түрлөрү менен Алла Таалага ибадат кылууга жана андан башка эч кимге ибадат кылбоо. Ыймандуу адамдын Пайгамбарлар жана Алланын салих пенделери менен болгон мамилеси бул - ыймандуу адам Алланы жакшы көргөнү үчүн аларды да жакшы көрүү жана аларды ээрчүү. Ыймандуу адамдын Алланын душманы болгон каапыр менен болгон мамилеси бул - каапырларды жек көрүү. Анткени Алла Таала каапырларды жек көрөт. Ыймандуу адам каапырларды жек көрүү менен бирге аларды Исламга чакырат жана туура жолго түшүүлөрү үчүн аларга Исламды түшүндүрөт. Эгерде ал каапырлар Исламды четке кагып, Алланын өкүмүнө баш ийбесе, анда мусулмандар Алланын дини орношу үчүн жана фитна болбошу үчүн алар менен согушат. Мына ушулар "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок" деген таухид келимесинин маанилери. Мусулман чыныгы мусулман болушу үчүн ал таухид келимесинин маанилерин билип, аны иш жузүндө аткаруусу керек.

Мухаммад Алланын элчиси деп күбөлүк берүүнүн мааниси

"Мухаммад Алланын элчиси" деп күбөлүк берүүнүн мааниси: Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салллам, бардык адамдарга жиберилген Алланын элчиси, Алланын элчиси сыйынууга татыктуу эмес, ал деле бир пенде, жалганга чыгарылбаган элчи, тескерисинче ага баш ийилет жана аны ээрчүү керек, ким ага баш ийсе бейишке кирет, ким андан баш тарса тозокко кирет деп аны таанып, ага ишенүү. Жана башкаруу системасында жана ар кандай чөйрөлөрдө шарият мыйзамдарын чыгарууда, бир нерсени адалдоодо жана аны арамга чыгарууда сүйүктүү Пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа сallламдын, көрсөткөн жолу аркылуу гана болоорун билип, ага ишенүү. Анткени ал Алланын элчиси жана Алланын шариятын жеткирүүчүсү. Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, жолунан башка жактан келген мыйзамдарды кабыл алуу мусулман үчүн уруксат эмес. Алла Таала айтты:

﴿... وَمَآ ءَاتَىٰكُمُ ٱلرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَىٰكُمۡ عَنۡهُ فَٱنتَهُواْۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ شَدِيدُ ٱلۡعِقَابِ ٧﴾ [الحشر: 7]

"Алланын элчиси силерге (Исламдан) эмнени алып келсе, аны кабыл алгыла, эмнеден кайтарса,

ошол замат андан кайткыла! Алладан корккула. Чындыгында Алланын азабы катуу". (Хашр, 7) Алла Таала айтты:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُوا۟ فِىٓ أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا۟ تَسْلِيمًا ﴿٦٥﴾﴾ [النساء: 65]

"Жок, Раббиңе ант! (Эй, Мухаммад!) Алар өз ара талашып-тартышууларына сени өкүмдар кылмайынча жана сенин өкүмүңө жүрөктөрүндө наарazылык калбай, толук моюн сунушмайынча (толук) ыймандуу боло алышпайт". (Ниса, 65)

## Бул эки аяттын түшүндүрмөсү

1. Биринчи аятта Алла Таала мусулмандарды Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, бардык буйруган нерселеринде моюн сунууну жана тыюу салган нерселерден тыйылууну буйруду. Анткени ал Пайгамбар Алла буйруган нерсеге буйруйт, тыйган нерседен кайтарат.

2. Ал эми экинчи аятта адамдар Алланын элчисин өз-ара келишпестиктеринде[20]өкүмдар кылмайынча, анын өкүмүнө ыраазы болмоюнча жана ага толук моюн сунмайынча Аллага жана Анын элчисине болгон ыймандары толук болбостугун Алла Таала Өзүнүн улуулугуна ант ичип кабарлады. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Ким динибизде жок иш-аракеттерди аткарса, анда ал кабыл болбойт".21

***

## Кайрылуу

Эй, акыл-эстүү адам! "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухмаммад Алланын элчиси" - деген таухид келмесинин маанисин билсең, бул күбөлүк келимеси Исламдын ачкычы жана Исламдын негиздеринен экенин да билсең, анда чын жүрөктөн: "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Алланын элчиси экендигине күбөлүк

[20] Адамдардын арасында пайда болгон келишпестиктер жана талашып-тартышуулар.

[21] Аль-Бухари, 2697. Муслим, 1718)

берем" - деп айт. Бул дүйнө жана акыретте бактылуулукка жетүү үчүн жана өлгөндөн кийин Алланын азабынан кутулуу үчүн бул күбөлүк келимесинин маанисине ылайык иш-аракеттерди аткар.

Билгин: "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухмаммад Алланын элчиси" - деген күбөлүк келмесинин талабы: Ислам негиздеринин баарын аткаруу. Анткени Алла Таала мусулманга бул Ислам негиздерин Алланын ыраазычылыгы үчүн чык ыкластан жана чынчылдык менен аткарып, Ага гана ибадат кылуусу үчүн парз кылды. Ким Ислам негиздеринен бирөөсүн себепсиз калтырса, анда "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухмаммад Алланын элчиси" - деп айткан күбөлүк келмесинин маанисине ылайыктуу иштерди аткара албаган болот. Анын айткан күбөлүгү туура деп эсептелбейт.

***

## Ислам негиздеринин экинчиси намаз

Эй, акыл-эстүү адам! Билгин, Ислам негиздеринин экинчиси бул намаз. Алла Таала Өзү менен мусулмандын ортосунда байланыш болушу үчүн бир

күндө беш убак намаз окууну парз кылды. Намазда мусулман адам Аллага кайрылып дуба кылат. Намаз аны бузукулуктан жана жамандыктан кайтарат. Ошентип, ал бул дүйнө жана акыретте бактылуу кыла турган психологиялык жактан жана физикалык жактан ырахатта жашоосун өткөрөт.

Алла Таала намаз окуу үчүн дененин жана кийимдин тазалыгын, намаз окуй турган жердин тазалыгын шарт кылды. Демек мусулман адам заара жана заң сыяктуу ыпластардан таза суу менен тазаланышы керек. Ошентип мусулман адам денесин ыпластыктан тазалайт жана жүрөгүн моралдык жактан тазалайт.

Намаз – диндин түркүгү. Ал күбөлүк келмесинен кийинки эң негизги түркүк. Мусулман ал намазды балагатка жеткенден өлгөнгө чейин окуп жүрүшү парз. Ал үй-бүлөсүн намаз окууга буйруйт жана балдарын намаз окууга көнүшү үчүн жети жашынан баштап намазга ээрчитет. Алла таала айтты:

﴿... إِنَّ ٱلصَّلَوٰةَ كَانَتۡ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ كِتَٰبٗا مَّوۡقُوتٗا ١٠٣﴾ [النساء: 103]

"Чындыгында намаз ыймандууларга өз убактысында окулуучу парз болду". (Ниса, 103) Алла Таала айтты:

﴿وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ وَيُقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤۡتُواْ ٱلزَّكَوٰةَۚ وَذَٰلِكَ دِينُ ٱلۡقَيِّمَةِ ٥﴾ [البينة: 5]

"Алар динде ширктен таза болуп Аллага гана чын ыкластан ибадат кылууга, намаз окууга жана зекет берүүгө буйрулушкан. Мына ушул туура дин". (Баййина, 5)

## Бул аяттын түшүндүрмөсү:

1. Алла Таала биринчи аятта ыймандууларга намаз парз экенин жана алар белгиленген убакыттарда намаз окуу керек экенин кабар берүүдө.

2. Алла Таала экинчи аятта Өзүнүн адамдарга буюрган жана аларды жараткан максаты бул алардын Өзүнө гана ибадат кылуулары, Анын Өзүнө гана ыкластуу болуулары жана зекетти татыктууларга гана берүүлөрү керек экендигин кабарлоодо.

Намаз мусулманга бардык абалында, жада калса душмандардын кол салуусунан коркуп турганда, ооруп турганда да окуу парз. Ал мүмкүн намазды болушунча туруп, отуруп же жатып болсо да окуу керек. Эгерде туруп, отуруп же жатып болсо да намаз окуй албаса, анда көзү менен же жүрөгү менен ишарат кылып

намаз окуйт. Анткени Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, намазды таштаган адам эркек болобу аял болобу мусулман эмес экенин айткан. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: "Биз менен каапырлардын ортосундагы келишим – бул намаз, ким аны таштаса, анда ал каапыр болот".22

## Беш убак намаз. Алар:

Багымдат намазы, бешим намазы, аср намазы, шам намазы жана куптан намазы.

Багымдат намазынын убагы чыгыш тараптан таң нурунун пайда болушу менен башталып күн чыкканда бүтөт. Намаздын убагын акырына чейин кечиктирүүгө болбойт. Бешим намазынын убагы күндүн туу чокусунан башталып чак түштүн көлөкөсүнөн кийин бир нерсенин көлөкөсү өзүнүн узундугуна жеткенге чейин. Аср намазынын убагы бешим намазынын убагы бүткөндөн кийин башталып күн саргайганга чейин болот. Аср намазын убагы бүткөнгө чейин кечиктирүүгө болбойт. Тескерисинче, күн аппак болуп турганда окулат. Шам намазынын убагы күн баткандан

[22] Ат-Тирмизий, 2621. Ан-Насаий, 463. Муснад Ахмад, 5/346)

кийин башталып, кызыл күүгүмдүн жоголушу менен бүтөт жана убакыттын акырына чейин кечиктирилбейт. Ал эми куптан намазынын убагы шам намазынын убагы бүткөндөн баштап түндүн аягына чейин. Андан кийинки убакытка кечиктирилбейт.

Эгерде мусулман бир намазды өз убагынан чыкканга чейин, шарият чектеген тоскоолдуктар болбой, өзү каалабастан кечиктирип койсо, анда чоң күнөө кылган болот. Ал Аллага тообо кылып, кайра кайталабашы керек. Алла Таала айтты:

﴿فَوَيْلٌ لِّلْمُصَلِّينَ ﴿٤﴾ ٱلَّذِينَ هُمْ عَن صَلَاتِهِمْ سَاهُونَ ﴿٥﴾﴾ [الماعون: 4-5]

(Кээ бир) намаз окуучуларга Вайл тозогу болсун! (4) Алар намаздарын унуткандар. (5) (Мааун, 5,6)

***

## Намаздын жол-жоболору

### Биринчиден: Даарат алуу:

Мусулман намазга киришээрден мурун даарат алышы керек. Адегенде нажасаттар чыга турган жерди тазалайт. Эгерде андан заара же заң чыкса, аны тазалап андан кийин даарат алат. Эгерде андан заара же заң чыкпаса, анда даарат ала берет.

Даарат алуу: Жүрөктөн даарат алууга ниет кылат. Ниетти тили менен айтпайт. Анткени Алла Таала анын ниетин билип турат. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ниетти тили менен айткан эмес. Адегенде "Бисмилла" деп Аллахтын атын айтып даарат алып баштайт. Андан соң оозун чайкайт, мурдуна суу тартып кайра чыгарат, бүт жүзүн жуууйт. Андан кийин оң тараптан баштап колун, билегин чыканак менен кошо жуууйт. Андан соң эки колу менен башын баарына масх тартат, эки кулагына масх тартат. Андан кийин оң тарабынан баштап бутун кызыл ашыгына чейин кошо жуууйт.

Эгерде адамдан даарат алгандан кийин заара, заң же жел чыкса, катуу уктаса же эс-учун жоготсо, намаз окуу үчүн кайрадан даарат алат. Мусулман эркек менен аял жыныстык байланыш кылган кезде жана эркек же аял түшүндө кумарланып уруктугу чыкса, анда ал жунуб абалдан бүт денесин жууп гусул алат. Ал эми аялдан айызы токтогон болсо же төрөт каны кырк күндөн кийин токтогон болсо, анда ал аял бүт денесин жууп гусул алат. Анткени айызы келген жана төрөт каны токтой элек аялдар намаз окушпайт. Аларга айызы токтогонго чейин же төрөт каны токтогонго чейин намаз окуу парз эмес. Алла Таала аларга

шариятты жеңилдеткен. Ошондуктан алар айыз учурунда же төрөт каны токтой элек кезде калтырган намаздарын казасын окубайт. Аларга андан башка учурларда калтырган намаздарын эркектердей кылып казасын толуктап окуу керек.

Эгер суу жок болсо, же сууну колдонуу ооруулуу адамга зыян болсо, анда таяммум менен даарат алат. Таяммум кылуу: Жүрөгүндө таяммум менен даарат алууга ниет кылып, "Бисмиллаахир-рахманир-рахиим" деп Алланын аты менен баштайт. Андан соң бир жолу колу менен топуракка уруп жүзүнө сүртөт, андан соң сол колдун ичи менен оң колдун артына сүртөт жана сол колдун артын оң колунун ичи менен сүртүп таяттум кылат. Айызы токтогон, төрөт каны токтогон аялдарга жана жунуб адамга суу жок болсо же оорулуу адамга сууну колдонуу зыян болсо, анда гусул алуунун жана даарат алуунун ордуна таяммум кылат.

## Экинчиси: Намаздын окулушу

**Багымдат намазы:**

Багымдат намазы эки рекет сүннөт жана эки рекет парз. Мусулман эркек болобу, аял болобу, Меккедеги Харам мечитиндеги Кааба болгон кыбылага карай бурулуп, багымдат намазын окууга жүрөгү менен ниет

кылат. Ниетин тили менен айтпайт. Колун кулагын барабарына чейин көтөрүп "Аллаху Акбар" деп такбир айтып намазга киришет. Андан кийин бул дубаны окуйт; «Субханака Аллахумма уа бихамдика, уа табарокасмука, уа таалаа жаддука, уа илааха гойрук", "Оо, Алла! Сени бардык кемчиликтерден аруулаймын жана Сага мактоо-шүгүрлөр болсун. Сенин ысымың улуу. Сен улуусуң жана Сенден башка сыйынууга татыктуу кудай жок». Андан соң "Ауузу биллахи минаш-шайтоонир-ражиим, Бисмиллахир-рахмаанир-рахиим" деп Фатиха сүрөөсүн окуйт. Ал Фатиха сүрөөсү:

﴿بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ١ ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٢ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ٣ مَٰلِكِ يَوۡمِ ٱلدِّينِ ٤ إِيَّاكَ نَعۡبُدُ وَإِيَّاكَ نَسۡتَعِينُ ٥ ٱهۡدِنَا ٱلصِّرَٰطَ ٱلۡمُسۡتَقِيمَ ٦ صِرَٰطَ ٱلَّذِينَ أَنۡعَمۡتَ عَلَيۡهِمۡ غَيۡرِ ٱلۡمَغۡضُوبِ عَلَيۡهِمۡ وَلَا ٱلضَّآلِّينَ ٧﴾ [الفاتحة: 1-7]

(1) Бисмиллахир-рахмаанир-рахим. (1) Ырайымдуу, Мээримдүү Алланын аты менен. (2) Альхамду Лиллахи роббиль ааъламиин. (2) Мактоо-шүгүрлөр ааламдардын Раббиси Аллага болсун (3) Ар-Рахмаанир-Рахиийм. (3) Ал-Ырайымдуу, Мээримдүү. (4) Маалики яумиддиин. (4) Сурак күндүн Падышасы. (5) Иййака наъбуду уа иййака

настаъиин.(5) Биз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз. (6) Ихдинас сыротол мустакыим. (6) Бизди туура жолго салгын. (7) Сыротоль лазиина анъамта аълайхим гойриль магдууби аълайхим уалая-ддоооолliин. (7) Өзүң жакшылык берген адамдардын жолу. (Ал жол) Каргышка калган жана адашкандардын (жолу) эмес. (Фатиха, 1-7) Ал намазда жөндөмүнө жараша Куранды арабча окуусу керек.[23]Фатиха сүрөөсүн окугандан кийин ага андан башка бир сүрөө кошуп окуйт. Андан соң "Аллаху Акбар" деп рүкү кылып, башын жана желкесин ылдый кылып, алакандарын тизесине коюп: "Субхана раббияль-азиим", Улуу Раббим бардык кемчиликтерден таза" деп айтып: "Самиъаллаaху ли ман хамидах", "Алла мактоо айткандары угат" - деп тик турат. Тик турганда: "Раббана уа лакаль хамд", "Оо, Раббибиз Сага мактоо-

[23] Анткени Куран араб тилинен башка тилде окулса, анда ал Куран болбойт. Ошондуктан Курандын сөздөрү которулбайт, бирок алардын маанилери которулат. Анткени анын тамгалары жана сөздөрү которулса, анын чечендиги, кереметтүүлүгү жоголуп, кээ бир тамгалары түшүп араб тилиндеги Курандай болбой калат.

шүгүрлөр болсун" деп айтат. Андан кийин: «Аллаху Акбар» деп бутунун манжаларын тик кылып, тизе, кол, маңдай жана мурду менен жерге сажда кылат. Саждада: "Субхана раббиял аъзиим", "Улуу Раббимди бардык кемчиликтерден аруулаймын» деп айтат да: "Аллаху Акбар» деп биринчи саждадан кайтып отурат. Эки сажданын ортосунда отурганда: "Раббигфир лии", "Оо, Раббим! Мени кечир" дейт. Андан соң: «Аллаху Акбар» деп кайра жерге экинчи жолу сажда кылат, саждада: "Субхана раббиялъ азиим", "Улуу Раббимди бардык кемчиликтерден аруулаймын» деп кайра айтып: «Аллаху Акбар» деп экинчи рекетке турат. Экинчи рекетте "Бисмиллахир-рахмаанир-рахим" деп Фатиха сүрөөсүн окуйт. Андан соң такбир айтып рүкү кылат. Рүкүдөн туруп саждага барат. Андан кийин эки сажданин ортосунда отуруп кайра экинчи жолу сажда кылат. Биринчи рекет кандай окулса экинчи рекет дал ошондой окулат. Намаз окуганда бул дубалардын арабчасы гана айтылат.

Андан соң отуруп алып ташаххуд жана салаваттары менен кошо окуйт. Алар: "Ат-тахиййаату лиллаахи уас-салаваату уат-тойййибаат. Ассалааму алайка аййухан-набийю уа рахматуллахи уа баракаатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадил-лаахис-соолихин. Ашхаду

аллаа илааха иллаллах, уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух. Аллахумма солли алаа Мухаммад, уа алаа аали Мухаммад, камаа соллайта алаа Ибрахима, уа алаа аали Ибрахим, иннака Хамидум Мажиид. Аллахумма баарик алаа Мухаммад уа алаа аали Мухаммад, камаа бааракта алаа Ибрахим уа алаа аали Ибрахим, иннака Хамиидум Мажиид", "Бардык саламдар, намаздар жана эң жакшы сөздөр Аллага болсун. Оо, Пайгамбар! сага Алланын саламы, мээрими жана берекеси болсун. Бизге да, салих адамдарга да Алланын саламы болсун! Мен: "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси" деп күбөлүк берем. Оо, Алла! Мухаммадка да, анын үй-бүлөсүнө да ырайым кыл. Ибрахимге жана анын үй-бүлөсүнө ырайым кылган сыяктуу. Албетте Сен мактоого татыктуу, Улуу Затсын! Оо, Алла! Мухаммаддын үй-бүлөсүн да берекелүү кыл. Ибрахим жана анын үй-бүлөсүн берекелүү кылган сыяктуу. Албетте Сен мактоого татыктуу, Улуу Затсын!". Андан соң оң жагына бурулуп: "Сага Алланын тынчтыгы жана ырайымы болсун!" - деп, анан сол жагына бурулуп: "Сага Алланын тынчтыгы жана ырайымы болсун!" - дейт. Ошентип багымдат намазы аяктайт.

**2. Бешим, асыр жана куптан намаздары:**

Бешим, аср жана куптан намаздары ар бири төрт рекеттен. Биринчи эки рекетти багымдат намазынын эки рекет намазындай окуйт. Бирок эки рекеттен кийин отуруп ташаххуд окуп салам бербестен үчүнчү рекетке турат. Үчүнчү жана төртүнчү рекетти алдынкы эки рекеттей окуп экинчи жолу ташаххуд окуу үчүн олтурат. Ташаххуд окууга отуруп алып ташаххуд жана салаваттары менен кошо окуйт. Андан кийин багымдат намазында салам бергендей оң жагына, анан сол жагына салам берет.

**3- Шам намазы:**

Шам намазы үч рекет, биринчи эки рекетти багымдат намазындай сыяктуу кылып окуйт. Бул эки рекеттен кийин отуруп ташаххуд окуп салам бербестен үчүнчү рекетке турат. Үчүнчү рекетте фатиха сүрөөсүн окуп рүкүгө кетип акырында экинчи жолу ташаххуд окууга олтурат. Ташаххуд окууга отуруп алып ташаххудду жана салаваттарды кошо окуйт. Андан кийин багымдат намазында салам бергендей оң жагына, анан сол жагына салам берет. Намаз окуп жаткан адам рүкү жана саждада айткан зикирлерин кайра-кайра так санда кайталаса жакшыраак.

Эркектер беш убакытта окулуучу намаздын парздарын мечитте жамаат менен окууга милдеттүү. Ага Куранды эң жакшы окуган, намазды эң жакшы билген, dининде эң такыба болгон адам имамга өтөт. Имам багымдат намазынын эки рекетинде, шам жана куптан намаздарынын алгачкы эки ирекетинде үн чыгарып окуйт. Артында тургандар ал имамды тыңдап турушат.

Ал эми аялдар үйдө бүт денесин жамынып, жада калса колу-бутун да жаап намаз окушат. Анткени аялдардын жүзүнөн башка жерлеринин баары аврат болот. Аялдар бүт денесин эркектерден жабууга буюрулган. Анткени аялдардын ачык жүрүүсү бул азгырык болуп саналат. Ал аял ачык жүргөнүнөн башкаларга белгилүү болуп, зыянга учурайт. Мусулман аял мечитте намаз окууну каалаcа, анда сыртка жабынып жана атыр себинбестен чыгуу шарты менен мечитке барса болот. Ал аял мечитте эркектерди азгырбасын деп алардын артында намаз окуйт.

Мусулман намазда тулку боюн түз алып турганда жана рүкү, саждада турганда, Алладан коркуп, баш ийип, чын жүрөктөн, жан дүйнөсүн тынчтандырып намаз окуусу керек. Ал намазды шашпай, алаксыбай, көздөрүн асманга көтөрбөй, Курандан башка эч нерсе

окубай, намаздын зикирлерин ар бирин өз ордунда окуйт.[24] Анткени ал Алла Тааланы зикир кылуу үчүн намаз окууга буйрулган.

Жума күнү мусулмандар жума намазын эки рекет окушат. Жума намазында имам багымдат намазы сыяктуу үн чыгарып окуйт. Жума намазына чейин эки жолу хутба баян айтып, мусулмандарга эскертип жана аларга динин үйрөтөт. Ал эми эркектер жума намазына имам менен катышуусу керек. Бул жума намазы жума күнү бешим намазынын ордуна окулат.

***

## Ислам негиздеринин экинчиси зекет

Байлыгы зекеттин өлчөмүнө[25] жеткен ар бир мусулманга Алла Таала жыл сайын байлыгынан зекет

---

[24] Эгер намаз окуп жаткан адам кимдир-бирөөгө эскерткиси келсе же ага жооп бергиси келсе же имам ката кетирсе, кээ бир кыймылды кошуп же калтырса, анда ага көңүл бурдуруу үчүн ага «Субааналлах» деп эскертет. Ал эми аялдар имамга сүйлөбөй кол чаап эскертишет. Анткени аялдын үнү фитна болот.

[25] Зекеттин өлчөмү – зекет талап кылынуучу өлчөм. Байлыгы зекет талап кылынуучу өлчөмгө жеткен ар бир мусулманга Алла Таала жыл сайын байлыгынан зекет берүүнү парз кылган.

берүүнү буйруган. Аны Куранда айтылгандай кедейлердин арасынан татыктуу болгондорго жана башка зекет алууга уруксат берилгендерге берет.

Алтын зекетинин өлчөмү жыйырма динар. Бул 85 грамм алтындын салмагына барабар. Ал эми күмүш зекетинин өлчөмү эки жүз дирхам. Бул 595 грамм күмүштүн салмагына барабар. Ар кандай түрдөгү соода-сатыктан жыйналган байлыгы алтындын зекетинин өлчөмүнө же күмүштүн зекетинин өлчөмүнө жетип бир жыл өтсө, анда анын ээсине зекетин берүү парз болот. Дан жана мөмө-жемиштердин зекеттинин өлчөмү үч жүз саа. Бул болжол менен 612 килограммга туура келет. Соода-сатык үчүн даярдалган кыймылсыз мүлктүн кирешесинен зекет алынат. Ижарага берилген кыймылсыз ж.б. ар түрдүү мүлктөрдүн зекетин ижара төлөмдөрүнөн алынат. Алтын, күмүш жана соода-сатыктагы буйумдардын өлчөмү зекеттин өлчөмүнө жетсе жыл сайын 2,5%; ондон бир бөлүгүнүн төртөн бир бөлүгү берилет. Жеңил жолдор менен суугарылган, тактап айтканда дарыянын, булактардын же жамгырдын суусу менен сугарылган дан жана мөмө-жемиштерде ондон бир бөлүгү 10% берилет. Ал эми кыйынчылык менен сугарылган дан жана мөмө-жемиштерде ондон биринин жарымы 5% берилет.

Дан жана мөмө-жемиштердин зекетинин убактысы алардын түшүмүн жыйнаган кезде берилет. Эгер бир жылда эки же үч жолу түшүм алса, ар бир жыйнаган кезде зекетин берүү парз. Төө, уй жана кой жаныбарларынан да зекет берилет. Алардын зекетинин өлчөмдөрү Ислам өкүмдөрү жазылган Фикх китептеринде баяндалган. Ал китептерге кайрылыңыз.

﴿وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ وَيُقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤۡتُواْ ٱلزَّكَوٰةَۚ وَذَٰلِكَ دِينُ ٱلۡقَيِّمَةِ ٥﴾ [البينة: 5]

"Алар динде ширктен таза болуп Аллага гана чын ыкластан ибадат кылууга, намаз окууга жана зекет берүүгө буйрулду. Мына ушул туура дин". (Баййина, 5) Зекет берүү кедей-кембагалдардын жан дүйнөсүн оңдойт жана муктаждыктарын канааттандырып кедейлер менен байлардын ортосундагы байланышты бекемдейт.

Ислам дини мусулмандардын ортосундагы коомдук тилектештик жана финансылык кызматташтык маселеси зекет берүүгө чектелип калган эмес.Тескерисинче, Алла Таала байларга ачарчылык болгондо кедейлерге кам көрүүнү буйруган. Мусулманга кошунасы азыктанууга тамак-аш таппай калып, ал эми өзү ток жүрүүсү арам кылынган. Ал

кошунасына орозо питир берүүсү ага парз болот. Орозо питир орозо айт намазына чейин берилет. Аны орозо айт күнү ар бир жанга, ал тургай, балага да жашаган жериндеги азык-түлүктөн бир саа берет. Бир саа болжол менен 2,600 кг салмак же көлөмдөгү өлчөө бирдиги. Кулдун орозо питирин кожоюну төлөйт. Мусулман бир нерсе кылууга касам ичип, аны аткарбаса Алла Таала ага касамды аткара албагандыгы үчүн каффарат[26]төлөөгө милдеттендирген. Алла мусулманга шариятка туура келген назр убадасын аткарууну буйруган. Эгерде ал шариятка туура келген назр убадасын аткара албай калса, аны Алла Таала каффарат төлөөгө милдеттендирген. Алла мусулманды ыктыярдуу садака берүүгө үндөгөн. Алла жолунда жакшылыкка сарптагандарга Алла Таала эң жакшы сыйлыкты убада кылган. Ошондой эле Аларга соop-сыйлыктарын эселетип көбөйтүп берүүгө, бир жакшылык он эседен жети жүз эсеге чейин көбөйөрүн убада кылган.

***

[26] Каффарат - бул бир кулду азат кылуу же он жакырды тойгузуу же аларды кийинтүү. Булардан каалаганын аткарса болот. Эгер аткара албаса, анда үч күн орозо кармайт.

## Ислам негиздеринин төртүнчүсү орозо

Рамазан айынын орозосу хижрий жылдын тогузунчу айында болот.

### Орозо тутуунун жол-жобосу

Мусулман таң аткандан күн батканга чейин жеп-ичүүдөн жана жыныстык катнаштан сактанып, орозо кармоого ниет кылат. Күн баткандан кийин орозосун ачат. Ал Рамазан айында Алла Тааланын ыраазычылыгын көздөп, Ага ибадат кылуу максатында отуз күн орозо кармайт.

### Орозонун эсепсиз пайдалары көп, алардын эң негизгилери:

Орозонун пайдасы Аллага ибадат кылуу жана Анын буйругуна баш ийүү. Мусулман адам каалоосун, тамак-ашын жана суусундугун Алла үчүн таштоосу Алла Таалага такыбалык кылуунун эң чоң себептеринин бири.

Ал эми орозонун ден соолукка, экономикалык жана социалдык пайдасына келсек, алар абдан көп. Орозонун парз экенине ыйман келтирип, ишенип орозо кармагандар гана ал пайдаларын сезишет.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى ٱلَّذِينَ مِن
قَبۡلِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ ١٨٣ أَيَّامٗا مَّعۡدُودَٰتٖۚ فَمَن كَانَ مِنكُم مَّرِيضًا أَوۡ عَلَىٰ سَفَرٖ
فَعِدَّةٞ مِّنۡ أَيَّامٍ أُخَرَۚ وَعَلَى ٱلَّذِينَ يُطِيقُونَهُۥ فِدۡيَةٞ طَعَامُ مِسۡكِينٖۖ فَمَن تَطَوَّعَ خَيۡرٗا
فَهُوَ خَيۡرٞ لَّهُۥۚ وَأَن تَصُومُواْ خَيۡرٞ لَّكُمۡ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ ١٨٤ شَهۡرُ رَمَضَانَ ٱلَّذِيٓ
أُنزِلَ فِيهِ ٱلۡقُرۡءَانُ هُدٗى لِّلنَّاسِ وَبَيِّنَٰتٖ مِّنَ ٱلۡهُدَىٰ وَٱلۡفُرۡقَانِۚ فَمَن شَهِدَ مِنكُمُ
ٱلشَّهۡرَ فَلۡيَصُمۡهُۖ وَمَن كَانَ مَرِيضًا أَوۡ عَلَىٰ سَفَرٖ فَعِدَّةٞ مِّنۡ أَيَّامٍ أُخَرَۗ يُرِيدُ ٱللَّهُ بِكُمُ
ٱلۡيُسۡرَ وَلَا يُرِيدُ بِكُمُ ٱلۡعُسۡرَ وَلِتُكۡمِلُواْ ٱلۡعِدَّةَ وَلِتُكَبِّرُواْ ٱللَّهَ عَلَىٰ مَا هَدَىٰكُمۡ
وَلَعَلَّكُمۡ تَشۡكُرُونَ ١٨٥﴾ [البقرة: 183-185]

"Оо, ыйман келтиргендер! Силерден мурдагыларга парз болгон сыяктуу силерге да орозо кармоо парз кылынды. Такыба болууңар үчүн". (183) (Парз орозо) Белгилүү күндөрдө (гана тутулат). Силерден кимиңер оорулуу же сапарда болсо, башка күндөрү тутуп берет. Орозо тутканы күчү жеткен (себептүүлөр кармабаган ар бир күнүнө) бир жакыр адамды тойгузуу үчүн фидья төлөйт. Ким ашыра берсе, өзүнө жакшы. Орозо кармаганыңар (фидья төлөөдөн) жакшы, эгер билсеңер. (184) Рамазан айы. Ал айда адамдарга туура жолду көрсөтүүчү, акыйкатты жана чындык менен жалгандын айырмачылыгын баяндоочу

Куран түштү. Андыктан силерден кимдир бирөө бул айга күбө болсо орозо кармасын! Ким оорулуу же сапарда болсо, башка күндөрү тутуп берсин. Алла силерге жеңилдикти каалайт, оорлукту каалабайт. Калган күндөрду толуктооңор үчүн жана силерди туура жолго салгандыктан Алланы улуктаганыңар үчүн жана Аллага шүгүр кылууңар үчүн (Алла силерге жеңилдикти каалайт, оорлукту каалабайт). (185) (Бакара, 183-185)

***

Алла Таала Куранда жана Анын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, хадистерде баяндаган орозонун өкүмдөрү

1. Оорулуу жана жолоочу Рамазан айында орозосун ачып, Рамазан айынан кийинки айларда казасын кармашат. Ошол сыяктуу эле Рамазан айында айыз көрүүчү жана төрөт каны токтой элек аялдар Рамазан айында орозо кармашпайт. Айызы жана төрөт каны бүткөндөн кийин Рамазан айынан кийинки айларда казасын кармашат.

2. Ошондой эле кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдар өздөрү же балдары үчүн корксо, орозосун ачып, казасын кармашат.

3. Орозо кармаган адам унутуп жеп-ичип анан эстесе, орозосу туура боло берет. Ал эстер замат оозундагысын чыгарып салышы керек. Анткени, унутчаактыкты, жаңылыштыкты жана мажбурлануусун Алла Таала Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, үммөтүнө кечирген.

***

## Ислам негиздеринин бешинчиси ажылык

Алланын үйүнө өмүр бою бир жолу ажыга баруу ар бир мусулманга парз. Андан ашыкча зыярат кылуу ыктыярдуу. Ажылыктын сансыз пайдалары бар. Алар:

1. Рух, дене жана акча менен Алла Таалага ибадат кылуу.

2. Бардык жерден келген мусулмандар ажылыкта жыйналышат. Бир жерде бири-бири менен учурашат, бир кийим кийип, бир убакта жалгыз Аллага сыйынышат. Ал жерде башчы менен кызматчынын, бай менен кедейдин, ак менен каранын айырмасы жок. Ар бир адам Алланын жаратканы жана Анын

кулдары. Мусулмандар ал жакта бири-бири менен таанышып, кызматташат. Алла алардын баарын тирилткен күндү жана сурак үчүн бир катарга чогулта турган күндү эстешет. Ошондуктан алар Алла Таалага ибадат кылуу менен өлүмдөн кийин боло турган нерселерге даярданышат.

Кааба бул мусулмандардын кыбыласы. Алла аларга кайсы жерде болбосун, ар бир намазда ал жака жүздөнүүгө буйруган. Каабаны таваф кылуудан, Арафат менен Муздалифа өрөөнүндө туруудан жана Мина өрөөнүндө калуудан максат – ошол ыйык жерлерде Аллах Таалага Алла буйруган жол менен ибадат кылуу.

Ал эми Каабанын өзүнө, ыйык жерлерге жана кадыр-барктуу адамдарга ибадат кылынбайт. Алар пайда да, зыян да бере алышпайт. Ибадат жалгыз Алла үчүн гана болот. Зыян келтирүүчү жана пайда келтирүүчү бир гана Алла. А эгер Алла Таала ажылык кылууга буйрубаса, мусулмандын ажылыкка баруусу туура эмес. Анткени ибадат кылуу ойлоп табуу жана каалаган жол менен болбойт. Тескерисинче, Алла Тааланын Өз китебиндеги буйругуна же Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сүннөтүнө ылайык болот. Алла Таала айтты:

﴿فِيهِ ءَايَٰتُۢ بَيِّنَٰتٞ مَّقَامُ إِبۡرَٰهِيمَۖ وَمَن دَخَلَهُۥ كَانَ ءَامِنٗاۗ وَلِلَّهِ عَلَى ٱلنَّاسِ حِجُّ ٱلۡبَيۡتِ مَنِ ٱسۡتَطَاعَ إِلَيۡهِ سَبِيلٗاۚ وَمَن كَفَرَ فَإِنَّ ٱللَّهَ غَنِيٌّ عَنِ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٩٧﴾ [آل عمران: 97]

"Аллах үчүн Каабага ажылык кылуу мүмкүнчүлүгү жана кудурети жеткен адамдарга парз. Ал эми ким каапырлык кылса, Алла ааламдарга муктаж эмес". (Аали Имран, 97)27

Мусулман ажылыка барганда же башка учурда Меккеге барганда өмүрүндө бир жолу умра кылуу важип болот. Мединадагы Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мечитин зыярат кылуу эч бир убакта важип болгон эмес. Тескерисинче, бул мустахаб

[27] Ал эми билимсиз карапайым адамдар олуялардын, улуу инсандардын мүрзөсүн жана тарыхта калган ыйык жерлерди зыярат кылуусу - бул адашуу жана Алла Тааланын буйругун жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, буйругуна каршы чыгуу болуп саналат. Пайгамбарыбыз төмөнкү хадисте үч мечитти гана зыярат кылган адамга сооп болоорун гана айткан. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Жолоочу үч мечитке гана жол тартсын. Масжидул Харам, менин ушул мечитим жана Кудус мечити". (Аль-Бухарий, 1189. Муслим, 1397)

амал. Пайгамбардын мечитин зыярат кылуу зыярат кылган адамга сооп болот, аны зыярат кылбаган адамга күнөө жазылбайт. Ал эми: "Ажылык кылып, мени зыярат кылбаган адам менден жүз бурган болот» деген хадиси сахих эмес. Тескерисинче, бул Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтпаган токулма жалган хадис.[28]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мечитин шарият көргөзгөн чекте зыярат кылуу төмөндөгүдөй болот. Эгерде зыяратчы Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мечитине барса, ага кирип эки рекет тахият мечит намазын окуйт. Андан соң Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, кабырын зыярат кылып: «Ассаламу алейкум, оо, Алланын элчиси!» деп адеп менен, үнүн басаңдатып

---

[28] Ошондой эле: «Менин урматымды ортомчу кылгыла, анткени менин Алланын алдында урматым кенен» деген хадис жана «ким таш жөнүндө жакшы ойлосо, анда ал таш пайда берет» деген хадистердин баары эч кандай негизи жок, токулма, жалган хадистер. Эч бир ишеничтүү хадис китептеринде кездешпейт. Тескерисинче, ал жана ага окшош жалган, токулма хадистер түшүнбөстөн ширкке жана бидъатка чакырган адашкан адамдардын китептеринде кездешет.

салам айтат. Пайгамбардан эч нерсе сурабай, салам айткандан кийин унчукпай басып кетет. Дал ушундай кылууну Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үммөтүнө буйруган жана сахабалар ушундай аткарышкан.

Ал эми Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, кабырын жанында турганда намазга тургандай кичипейилдик менен туруп, Пайгамбардан муктаждыктарын сураса, же андан жардам сураса же дуба кылып жатканда Пайгамбарды ортомчулук кылса, Алла Таалага ширк келтирген болуп калат. Ал эми Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай кылган адамдар менден эмес деген. Демек, ар бир мусулман Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, болобу же башка бирөөгө болобу ушундай кылуудан сактансын. Андан соң зыяратчы Абу Бакр менен Умар, радыяллаху анхуманын, кабырларын зыярат кылат. Андан соң Бакийъ мүрзөсүндөгү шейиттерди зыярат кылат. Мусулмандын мүрзөсүн шарият көрсөткөндөй зыярат кылуу - бул зыяратчы мүрзөдөгү маркумдарга салам айтып, алар үчүн Алла Таалага дуба кылып, өлүмдү эстеп, андан соң кабырдан кетет.

## Ажылык кылуу менен умра кылуунун жол-жобосу

Ажыга барууга ниеттенген адам алгач адалдан тапкан байлыгынан сарптайт, арам кесип кылуудан сактанат. Анткени арамдан сарптаган адамдын ажылыгы жана дубасы кабыл болбойт. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан: «Ар бир арам менен азыктанган дене тозоко татыктуу».[29] Ажыга барууга ниеттенген адам ыймандуу, такыба жана таухид илимин жакшы түшүнгөн адамдардан шерик тандайт.

***

Микаат

Микаат бул - Ажылар Меккеге кирип жатканда ихрам кийимин кийүүчү жер. Ажыга бара жаткан адам машинеде болсо Микаатка жеткенде ихрам кийимин кийет, ал эми самолётто болсо, Микаатка жакындаганда жана

---

[29] Ат-Табарани, 4480. Аль-Байхаки; «Шаъбул-Ийман» 2/173/2. «Ас-Силсила ас-Сахиха», 6/212)

андан өтүп кете электе кийет. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ихрам кийимин кийүүгө буйруган жерлер (микааттар) бешөө. Алар:

1. Зул-Хулайфа. Ал Мадина калкы үчүн.

2. Аль-Жухфа. Ал Египет жана Марокко тараптагы элдер үчүн.

3. Карн аль-Маназил. Ал Нажд, Таиф калкы жана алар тараптагылар үчүн.

4. Зату Ирк. Ал Ирак калкы үчүн.

5. Йаламлам. Ал Йемен калкы үчүн.

Алыстан келе жаткан зыяратчылар бул микаттардан өтүп бара жатып ихрам кийимдерин кийишет. Ал эми Меккеликтер жана микаатка жакын жайгашкандар үйлөрүнөн ихрам кийимдерин кийишет.

***

## Ихрам кийүүнүн жол-жобосу

Ихрам кийерден алдын тазаланып, даарат алып, жыпар жыттарды чачуу сооптуу иштерден. Машинеде келе жаткандар ихрам кийимин микатта кийип,

ажылык кылууга же умра кылууга ниет кылат. Самолёт менен келе жаткандар өз өлкөсүндө ихрам кийимдерин даярдап, микаатка жакындаганда же туш келгенде ниет кылып талбия айтат.[30]Эркек адамдын ихрам кийими бул – тигилбеген изар (ажы көйнөк) жана рида (ажы ыштан). Ал аларды денесине оройт бирок башын жаппайт. Ал эми аялдар үчүн атайын ихрам кийим жок. Тескерисинче, аял ар дайым кенен, денесин жаап турган жана эл караганда азгырбай турган кийимдерди кийиши керек. Ал эми ажылык кылууга же умра кылууга ниет кылгандан тартып бетине жана колуна тигилген паранжа жана колкап кийбейт, тескерисинче, эркектерди көрсө жоолугунун чети менен жүзүн жаап алат. Момундардын энелери жана сахабалардын аялдары ушундай кылышкан.

---

[30] Ажы: "Аллахумма лаббайка хажжан уа умратан", "Оо, Алла! Сен үчүн умра кылууга жана ажылык кылууга ниет кылдым!» деп талбия айтат. Талбия: "Лаббайка Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шариика лака лаббайк, иннал хамда, уан ниьмата, лака уал мулк, лаа шариика лак". Мааниси: "Сенин буйругуңа даярмын. Оо, Алла! Сенин буйругуңа даярмын! Сенин шеригиң жок! Буйругуңду аткарууга даярмын! Чындыгында бардык мактоолор Сага болсун! Бүткүл жакшылыктар Сенден болот жана бүткүл мүлк Сеники! Сенин эч кандай шеригиң жок!".

Андан соң ажы ихрам кийимин кийгенден кийин жүрөгүндө умра кылууну ниет кылып, анан: "Аллахумма лаббайка умратан", "Оо, Алла! Сен үчүн умра кылууга ниет кылдым!» деп талбия айтат. Умра кылгандан кийин ажылык башталганга чейин Таматту ажылыгын аткаруучу[31]сыяктуу ихрам кийимин чечип каалагандай жүрө берет. Таматту ажылыгын кылуу эң жакшы. Андыктан Пайгамбар,саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларына таматту ажылыгын аткарууну буйруган жана аны аткарууларын талаб кылган. Буйругун аткаруудан баш тарткан сахабаларга ачууланган. Ажылыкта союга арналган Курбандык

[31] Таматту ажылыгын аткаруучу: Ал ажылык мезгилинде умраны аткарып буткөндөн кийин ихрам кийимин чечип зуль хижжа айынын сегизинчи күнүнө чейин ихрам кийимин кийгенде аткарбаган иштерди аткарып каалагандай жүрө берген адам. Ал сегизинчи күнү ихрам кийимин кийип ажылык кылууга ниет кылат. Карин ажылыгын аткаруучу: Ал ажылык менен умраны чогуу аткарган адам, ошондуктан ажылык амалдарын аткарып жатканда умра амалдарын да аткарып жаткандыгын ниет кылат. Муфрид ажылыгын аткаруучу: Умра кылбай, жалгыз ажылыкка ниет кылган адам.

малы[32] менен барган сахабалар Пайгамбар аткарган карин ажысын кылышкан. Карин ажылыгын аткаруучу: "Аллахумма лаббайка умратан уа хажжан", "Оо, Алла! Сен үчүн умра менен ажылыкты чогуу аткарууга ниет кылдым!" деп талбия айтат. Карин ажылыгын кылып жаткан ажы Курбан айт күнү курбандык чалмайынча ихрам кийимин чечпейт.

Муфрид ажылыгын аткаруучу: "Аллахумма лаббайка хажжан", "Оо, Алла! Сен үчүн ажылык кылууга ниет кылдым!" Деп талбия айтып ажылык кылууга гана ниет кылат.

***

## Мухрим адамга тыюу салынган нерселер. (Мухрим - Ажы жана Умра кылуу үчүн ихрам кийимин кийген адам)

Мусулман адам ажылыка же умрага ниет кылып ихрам кийимин кийсе, ага төмөнкү иштер тыюу салынат:

[32] Ажылыкта союуга арналган Курбандык малы: Төө, уй жана кой жандыктары. Ажы ал жаныбарларды Курбан айт күнү курбандыкка чалат жана андан жеп, калганын садака кылат.

1. Жыныстык катнаш жана анын себептери: кумарданып өбүү, кучактоо, ал жөнүндө сүйлөшүү, аялдын колун сурап баруу жана нике кыйуу. Мухрим адам үйлөнбөйт жана башкаларды да үйлөбөйт.

2. Чач алуу же бир тал чач болсо да жулуу

3. Тырмактарды алуу

4. Эркектердин баш кийим кийүүсү жана башын жаап алуусу. Ал эми зонтик менен, чатырдын астында, машинада көлөкөлөсө, эч кандай тыюу салынбайт.

5. Атыр колдонуу жана жыттоо

6. Аңчылык кылуу. Мухрим аңчылык кылбайт жана ага жол көрсөтпөйт.

7. Эркектерге тигилген кийим кийүү. Аялдарга тигилген кол кап кийүү жана паранжа жабуу. Эркек кызыл ашыкты жаппаган сандал кийсе болот.

Бул тыюулардын бирин билбестиктен же унутуп аткарып алса, эч нерсе болбойт.

Тамытту ажылыгын ниет кылган Мухрим адам Каабага жеткенде хажар асваттын барабарынан баштап жети жолу айланып таваф кудум кылат. Бул таваф кудумду ал алгачкы ирет умра кылып жатканда

аткарат. Таваф кудум кылып жаткан адам Алланы көп-көп зикир кылып каалашынча дуба кыла берет.[33]Таваф кудум бүткөндөн кийин мүмкүн болсо Ибрахим пайгамбардын макамынын[34]артында эки рекет намаз окуйт. Мүмкүн болбосо башка каалаган жайда окуйт. Андан кийин Сафа менен Марва тоосуна келет.[35]Ал жерде чуркоону Сафа тоосунан баштайт. Ал тоого чыгып кыбылага бурулуп, такбир, тахлил айтат жана дуба кылат. Андан соң Марвага чыгып кыбылага бурулуп, такбир айтып, зикир кылат жана дуба кылат. Дал ушундай кылып жети жолу Сафа тоосу менен Марва тоосун ортосундагы жолдо ары карай бери карай чуркайт. Сафа тоосунан түшүп Марва тоосуна чыгуу бир жолу чуркоо болуп эсептелет. Жетинчи жолкусунда Сафа тоосуна кайра кайтат. Андан соң

[33] Таваф кудум - Меккедеги Харам мечитине киргенде Каабаны алгачкы жолу жети жолу айлануусу

[34] Каабанын эки түркүгүнүн ортосунда Куранда келген бул дубаны айтат: "Раббанаа аатина фид-дунйа хасанатан уа фил аахирати хасанатан уа кинаа аъзаабан-наар", Оо, Раббибиз, бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылык бер жана бизди тозок азабынан сакта". (Бакара, 201)

[35] Ал Ибрахим алейхи саламдын орду.

чачын алат. Ал эми аял киши чачын учунан манжанын бир муунундай кыскартып коёт. Мына ушинтип таматту ажылыгын ниет кылган адам ихрам кийимдерин чечип умрасын аяктайт. Умра кылып бүткөндөн кийин ихрам кийген учурда тыюу салынган иштердин баарын аткарса болот.[36]

Эгер аял микаттан өткөндөн кийин же микаттан өтөөрдөн алдын айыз каны келип калса же төрөт каны бүтө элек болсо, анда киран ажылыгын кылат. Умра менен ажылык кылууга ниет кылып микаттан өтөт да талбия айтат. Анткени айыз көргөн аялга же төрөт канын көргөн аялга микаттан өтүү жана Арафат тоосунда туруу тоскоолдук кылбайт. Болгону андай аялга Каабаны таваф кылуу гана болбойт. Ал таваф кылуудан башка бардык ажы жөрөлгөлөрүн аткара берет. Айыз канынан жана төрөт канынан таза болгонго чейин таваф кылууну кечиктирет. Ажылар ихрам кийимин кийишип ажыга ниет кылганга чейин же Мина өрөөнүнө барганга чейин айыз канынан жана төрөт канынан таза болсо, анда гусул алат да таваф кудум кылат, Сафа тоосу менен Марва тоосунун

[36] Чуркай турган жер - Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда баса турган жана чуркай турган жол.

ортосунда чуркайт, чачын кыскартат жана умра кылуу үчүн кийген ихрам кийимин чечип умра амалын бүтүрөт. Андан соң башка адамдар менен Зуль-Хижжа айынын сегизинчи күнү ажылык кылууга ниет кылып ихрамга ниет кылат. Айыз канынан же төрөт канынан таза болгонго чейин адамдар ажылык кылууга ниет кылышып ихрам кийимин кийишкен болсо, анда ал аял да ихрамга кирүү ниети менен бирге киран ажылыгына ниет кылып талбия айтат. Ал аял башка ажылар сыяктуу Мина өрөөнүнө баруу, Арафат тоосунда туруу, Муздалифа өрөөнүндө туруу, таш атуу, курбандык чалуу жана Курбан айт күнү чач кыскартуу ж.б.у.с. амалдардын баарын аткара берет. Айыз канынан же төрөт канынан таза болгондо гусул алат, таваф кылат жана Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркайт.

Ал аял таваф ифада жана Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркоо менен анын ажылыгы да умрасы да толук болот. Момундардын энеси Аиша энебиз ажылыкты жана умраны ушундай кылып аткарган. Аиша энебиз айыз канынан тазаланып гусул алгандан кийин таваф ифада жана Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркоону адамдар менен бирге аткарган. Пайгамбар, саллаллаху алайхи уа

саллам, Аиша энебиздин Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркоосу менен ажылык жана умра амалдарын толук болоорун айткан. Анткени киран ажылыгында муфрид ажылыгы сыяктуу бир эле тавааф жана бир эле Сафа тоосу менен Марва тоосунун ортосунда чуркоо бар.[37]Аиша энебиздин мындай кылганын Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өзү көргөзгөн жана башка хадисте мындай деп айткан: "Умра Кыяматка чейин ажылыктын бир бөлүгү".

Зуль-Хижжа айынын сегизинчи күнү келгенде ажылар ажылык кылуу үчүн Меккедеги батирлеринен ихрам кийимдерин кийишет. Микааттагы амалдар сыяктуу тазаланып жуунушат. Анан ихрам кийимин кийишет. Анан аял болобу, эркек болобу ажылыкка ниет кылат. Андан кийин: "Аллахумма лаббайка

[37] Таваф ифаданы айт күнү же андан кийинки күндөрү аткарса болот. Ал эми ажылыкка чейинки биринчи таваф "таваф кудум" деп аталат. Бул нафил таваф болуп саналат. Ал эми Сафа менен Марва тоосунун ортосунда чуркоо Муфрид жана Киран ажылыгында гана бар. Эгер таваф кудум кылганда Сафа менен Марва тоосунун ортосунда чуркаган болсо, анда жетиштүү болот. Эгерде ал жакта чуркабаган болсо, анда курбан айт күнү же андан кийинки күндөрү таваф ифада менен чогуу аткарат.

хажжан", (оо, Алла! Сен үчүн ажылык кылууга ниет кылдым!) Деп талбия айтат. Ажылык кылган адам Курбандык чалуу күнү[38]Муздалифадан Минага кайтканга чейин, Жамратул-Акаба таш атканга чейин, эркек чачын кырып, аял аны кыскартканга чейин, жогоруда тыюу салынгандыгы айтылган иштерди аткарбайт.

Ажы сегизинчи күнү ихрам кийимин кийип ажылар менен Минага барып, ал жерде түнөп, ар бир намазды өз убагында окуйт. Арафат күнү күн чыкканда ажылар менен Намира мечитине барат. Ал жерде имам менен намаз окуганга чейин отурат, же бешим жана асыр намазын бириктирип жана кыскартып жамаат менен окуган жерде отурат. Түштөн кийин Арафат тоосуна барат. Эгерде Минадан түз Арафат тоосуна барып, ошол жерде отурса да болот. Арафат тоосун айланасы Арафат тоосундай туруучу жай болуп эсептелет.

---

[38] Курбандык чалуу күнү - курбан айт күнү болуп саналат. Ал зул-Хижжанын онунчу күнү. Зыяратчылар курбандык малын курбандыкка чалган күн. ушундан улам Курбандык чалуу күнү деп аталып калган.

Ажы Арафат тоосунда кыбылага жүздөнүп Алла Тааланы көп зикир кылат, дуба кылат жана истигфар айтат. Тоого жүздөнбөйт. Ал тоо Арафаттын бир бөлүгү гана. Арафат тоосуна сыйынуу максатында чыкпайт. Таштарын ыйыктап сүртүнүүгө болбойт. Анткени бул арам жана бидъат амалдарынан.

Ажы Арафатта күн батканга чейин турат. Күн баткандан кийин ажылар менен Муздалифага жөнөп кетишет. Ал жерде шам жана куптан намаздарын куптан намазынын убагында эки намазды бириктирип жана куптан намазын эки рекетке кыскартып окушат. Ошол жерде түнөшөт. Таң атканда багымдат намазын окушуп, Аллахты зикир кылышып, анан күн чыга электе Мина өрөөнүнө бет алышат. Мина өрөөнүнө жетишкенде күн чыккандан кийин Жамратул-Акабада чоң да, кичине да эмес, нокотко окшогон жети таш менен шайтанга таш атышат. Бут кийим ж.б.у.с. нерселер менен атууга болбойт. Анткени бул шайтан тарабынан коздолгон айла-амал.[39]Жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, буйругунан жана

---

[39] Шайтандын мажбурлоосу б.а. кордоосу.

туура жолунан жана Пайгамбар тыюу салган нерселерден баш тартууга шайтандын мажбурлоосу.

Шайтанга таш аткандан кийин ажы өзүнүн курбандыкка арнаган малын курбандыкка чалат. Анан чачын кырат. Аял болсо чачын кыскартат. Эркектер чачын кыскартса да болот. Бирок чачын кырып алуу үч эсе сооптуу. Андан кийин ихрам кийимдерин чечип адаттагы кийимдерин кийет. Ага ихрам абалында тыюу салынган нерселердин баарын аткара берсе болот. Бирок бир гана аялы менен жыныстык катнаш кылууга тыюу салынат. Андан соң Меккеге барып, таваф ифада кылып, Сафа менен Марва тоосунун ортосунда чуркайт. Ушул амалдарды аткаруу менен ага бардык нерсе, жада калса аялы менен жыныстык катнаш кылууга да уруксат болот. Андан соң Минага кайтып келип, айт күнү жана андан кийинки эки күн, эки түнү менен ошол жерде болот. Мындай туруу важип амалдарынан. Жамараттагы таш ата турган үч жерде он биринчи жана он экинчи күнү күн туу чокусунан оогондон кийин шайтанга таш атат. Шайтанга таш атууда Мицанын жанындагы Жамрат ас-Суградан баштайт, анан Жамарат аль-Вустадан анан Жамратул-Акабадан атат. Булардын ар бирине жетиден таш ыргытышат. Ар бир ташты атып жатканда такбир айтат.

Ал таштарды Минадагы жашаган жеринен[40]алып кетет. Ким Минадагы чатырлардан орун таппаса, анда чатырлар бүткөн жерде жашап турса болот.

Он экинчи күнү таш аткандан кийин Минадан кетсе болот. Бирок он үчүнчү күнү да калуусу жакшыраак. Ушул күнү түштөн кийин шайтанга таш атат. Эгер сапарга чыгууну каалаcard, коштошуу тавафын кылат. Андан соң дароо жол сапарга аттанат. Айыз көргөн аялдар жана төрөт канын көргөн аялдар таваф ифада кылган болсо, анда коштошуу тавафын кылышы шарт эмес.

Эгер ажы курбандык чалууга арнаган малын он биринчи, он экинчи же он үчүнчү күнгө кечиктирип сойсо болот. Ал эми таваф ифаданы жана Сафа менен Марва тоосунун ортосунда чуркоону Минадан кеткенге чейин кечиктирсе болот. Бирок эң жакшысы жана сооптуусу жогоруда баяндалды.

Туурасын Алла Билүүчү. Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, пайгамбарыбызга, анын үй-бүлөсүнө Алланын тынчтыгы жана саламы болсун!

***

[40] Башкача айтканда, анын жашаган жери.

## Ыйман келтирүү

Алла Таала мусулманга Өзүнө, Пайгамбарына жана Исламдын түркүктөрүнө ыйман келтирүү менен бирге периштелерине[41] жана китептерине да[42] ыйман

[41] Периштелер: Алла Таала нурдан жараткан маклуктар. Алар өтө көп, Алардын санын бир гана Аллах билет. Алардын кээ бирлери асманда, кээ бирлери Адам баласы үчүн жиберилген.

[42] Башкача айтканда, мусулман Алланын Өз пайгамбарларына түшүргөн китептеринин акыйкат экенине жана алардан Курандан башка эч кимиси туура жазылган абалында калбаганына ишенет. Ал эми иудейлер менен христиандардын колундагы Тоорат жана Инжил китептерге өздөрүнөн көптөгөн сөздөрдү кошуп жиберишкен, ага далил катары ал китептердин бири-бирине карама-каршы келүүсү көрүнүп турат. Алар ал китептеринде: "Үч кудай бар, Иса Алланын уулу" - деп айтышат. Ал эми чыныгы сыйынууга татыктуу кудай Ал Аллах. Иса пайгамбар Куранда айтылгандай Алланын кулу жана Анын элчиси. Тоорат жана Инжил китептеринде келген Алланын сөзү Куран менен жокко чыгарылган. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Азирети Умардын колундагы Тооратган бир кагазды көрүп, ачууланып: «Оо, Ибн аль-Хаттаб! Менден шектенип турасыңбы? Аллага ант! Эгер Муса бир тууганым тирүү болгондо, мени ээрчигенден башка арга калмак эмес» - деп айтат. Азирети Умар кагазды

келтирүүгө буйруду. Ал китептерди пайгамбарларга түшүрүп, Куран менен аларды толуктады. Куран менен аларды жойду жана Куранды алар үчүн күбө кылды. Пайгамбарлардын биринчисинен акыркысы Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, чейин ыйман келтирүүгө буйруду. Анткени алар пайгамбарлыкта бирдей, алардын дини бир, ал – Ислам. Аларды элчи кылып жиберүүчүсү бир, ал – ааламдардын Раббиси Алла. Мусулман Алла Таала Куранда айткан пайгамбарлар Алланын мурунку коомго жиберген элчилери экенине жана Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, алардын эң акыркысы жана бардык адамдарга жиберилген Алланын элчиси экенине ыйман келтирүүсү керек. Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, адам затына пайгамбар болуп жиберилгенден кийин бардык адамдар жада калса иудейлер, христиандар жана башка диндердин адамдары да ага үммөт болооруна ишенүүсү керек. Анткени жер бетиндеги адамдардын баары Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, үммөтү. Алла алардан ал пайгамбарды ээрчүүнү талаб кылган.

---

ыргытып: «Оо, Алланын Элчиси! Мен үчүн Алладан кечирим сураңызчы», - деди. (Ахмад, 3/387. Албаний, "Аль-Ирва", 1589)

Муса, Иса жана бардык пайгамбарлар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, ээрчибей, Исламга кирбеген адамдар үчүн күнөөлүү эмес. Анткени мусулман бардык элчилерге ыйман келтирет жана аларды ээрчийт. Ал эми ким Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, ыйман келтирбесе жана аны ээрчип, Ислам динин кабыл албаса, анда ал алардын бирин ээрчийм десе да бардык элчилерге каапырлык кылып, аларды жалганга чыгарган болот. Буга Курандан далил экинчи бөлүмдө келет.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан: "Мухамматтын жаны Анын колунда болгон Затка ант берип айтам: бул уммөт арасындагы яхудий жана христиандардын кимиси болбосун, мен алып келген нерсени угуп туруп, ага ыйман келтирбей өлсө, анда тозок ээлеринен болот".[43]

Мусулман адам өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө, сурак берүүгө, жазага, бейишке жана тозокко ыйман келтирүүсү керек жана Алла Таала тагдыр кылган нерсеге ыйман келтирүүсү керек.

---

[43] Муслим, 153. Ахмад, 2/317)

## Тагдырга ыйман келтирүү

Мусулман адам Алла Таала бардык нерсени Билүүчү экенине, пенделердин иш-аракеттерин асмандар менен жерди жаратканга чейин билгендигине жана аны Лаухул Махфуз китебине жазганына ишенүүсү керек. Мусулман Алла каалаган нерсе болот, каалабаган нерсе болбойт деп билет. Аллах Таала пенделерин Өзүнө моюн сунуулары үчүн жаратып, аларга ибадат кылууну баяндаган жана ал ибадаттарды аткарууга буйруган. Алла аларды күнөө кылуудан кайтарды жана аларга күнөөлөрдү баяндады. Аларга буйруктарын аткара ала турган күч жана каалоо берди. Ал буйруктарды аткаруу менен аларга сооп берет, ал эми ким күнөө кылса, ал жазага татыктуу болот.

Пенденин каалоосу Алла Тааланын каалоосуна баш ийет. Ал эми тагдырга келсек, Алла Таала пенделерине кээ-бир иштерде каалоо же тандоо бербеген, тактап айтканда, катачылык, унутчаактык, мажбур болгон нерселер, жакырчылык, ооруу жана балээлер сыяктуу. Бул иштер пенденин каалоосуна карабастан боло берет. Алла пенделерди бул үчүн жазалабайт. Тескерисинче, тагдырына баш ийип, кырсыктарга, жакырчылыкка жана ооруга сабыр кылып, ыраазы

болсо, анда Алла аларды сооп-сыйлыктар менен сыйлайт.

**Жогорудагы өткөндөрдүн бардыгына мусулман адам ыйман келтирүүсү зарыл.**

Аллага болгон ыйманы бекем жана Ага эң жакын, бейиштеги даражасы эң бийик болгон мусулмандар – бул Аллага гана ибадат кылуучулар, Аны улуулагандар жана Андан көрүп тургандай корккондор, жашыруун жана ачык түрдө Ага күнөө кылбагандар. Алар Алланы кайсы жерде болсо да көрүп турат деп ишенишет. Алардын эч бир кыймыл-аракети, сөздөрү жана ниеттери Алладан жашыруун эмес. Ошондуктан алар Алланын буйругуна баш ийишет жана күнөөлөрдү ташташат. Эгерде Алардын бирөөсү күнөө иш кылып койсо, анда Аллага чын жүрөктөн жана шашылыш түрдө тообо кылышат. Кылган күнөөсүнө өкүнүп, Аллахтан кечирим сурашат да ал күнөөнү кайталашпайт. Алла Таала айтты:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ مَعَ ٱلَّذِينَ ٱتَّقَواْ وَّٱلَّذِينَ هُم مُّحۡسِنُونَ ١٢٨﴾ [النحل: 128]

"Чындыгында Алла такыба жана жакшылык кылуучу адамдар менен бирге". (Нахл, 128)

***

## Ислам кемчиликсиз дин

Алла Таала ыйык Куранда мындай деген:

﴿...ٱلۡيَوۡمَ أَكۡمَلۡتُ لَكُمۡ دِينَكُمۡ وَأَتۡمَمۡتُ عَلَيۡكُمۡ نِعۡمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ ٱلۡإِسۡلَٰمَ دِينٗاۚ ...﴾ [المائدة: 3]

Бүгүн Мен силерге диниңерди толук кылдым, силерге нээматымды толуктап бердим жана Исламдын дин болушуна ыраазы болдум. (Маида, 3) Алла Таала айтты:

﴿إِنَّ هَٰذَا ٱلۡقُرۡءَانَ يَهۡدِي لِلَّتِي هِيَ أَقۡوَمُ وَيُبَشِّرُ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ ٱلَّذِينَ يَعۡمَلُونَ ٱلصَّٰلِحَٰتِ أَنَّ لَهُمۡ أَجۡرٗا كَبِيرٗا ٩﴾ [الإسراء: 9]

"Чындыгында, бул Куран туура жолго баштайт жана жакшы амал кылган ыймандууларга чоң сыйлыктар бар экенин кабар берет". (Исра, 9) Алла Таала Куран жөнүндө мындай деген:

﴿...وَنَزَّلۡنَا عَلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ تِبۡيَٰنٗا لِّكُلِّ شَيۡءٖ وَهُدٗى وَرَحۡمَةٗ وَبُشۡرَىٰ لِلۡمُسۡلِمِينَ ٨٩﴾ [النحل: 89]

"Биз сага китепти (Куранды) бардык нерсени баяндоочу жана мусулмандар үчүн туура жол, ырайым жана сүйүнчү катары түшүрдүк". (Нахл, 89).

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Мен силерге ушундай акыйкат жол калтырдым. Анын түнү күндүз сыяктуу ачык көрүнүп турат. Андан зыянга учураган адамдан башка эч ким адашпайт".[44]Аллахтын элчиси, саллаллалху алейхи уа саллам,айтты: "Мен силерде эки нерсени калтырдым. Эгер аларды кармансаңар, эч качан адашпайсыңар: Алланын китеби жана Пайгамбарынын сүннөтү"45.

## Ал эми жогорку аяттарда:

Алла Таала биринчи аятта Ислам динин мусулмандар үчүн толук кылып бергенин, анда эч кандай кемчилик жок экенин, эч качан кошумчага муктаж эмес экенин жана ал Ислам дини ар бир мезгилге, жерге, улутка жарактуу экенин кабар берүүдө. Бул улуу, кемчиликсиз, кечиримдүү дин менен мусулмандарга болгон нээматын толуктаганын, акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, элчилигин жана Ислам динин ачыкка

[44] Абу Дауд,4607. Тирмизий, 2676. Ибн Маажа, 43)

[45] Малик,3338. Албаний, "Сахих Жаамиъ", 2937)

чыгышы жана душмандарды жеңиши менен кабар берүүдө. Исламды адамдар үчүн дин болушуна ыраазы болгонун кабарлоодо. Ошондуктан Алла ага эч качан ачууланбайт жана өзүнөн башка эч кимдин динин кабыл албайт.

Ал эми экинчи аятта Алла Таала ыйык Куран кемчиликсиз жол экенин, бардык нерселерди баяндоочу, акыйкат экенин, диний жана дүйнөлүк иштерди чечүүчү экенин айтууда. Ошондой эле жакшылыкты гана көрсөтөөрүн жана бардык жамандыктан эскертээрин кабарлоодо. Ар бир маселенин жана бардык эски, азыркы же келечектеги көйгөйдүн туура жана адилеттүү чечими Куранда бар. Ал эми Курандын чечимине карама-каршы келген ар бир чечим – бул наадандык жана адилетсиздик.

Илим, акыйда, саясат, башкаруу системасы, сот, психология, социология, экономика, жаза системасы ж.б. адамдар муктаж болгон нерселердин баары Алла Куранда жана Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, тилинде толук баяндаган. Бул тууралуу Алла Таала жогоруда айтылган аятта мындайча билдирген:

﴿...وَنَزَّلۡنَا عَلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ تِبۡيَٰنٗا لِّكُلِّ شَيۡءٖ...﴾ [النحل: 89]

"Биз сага китепти (Куранды) бардык нерсени баяндоочу катары түшүрдүк". (Нахл: 89).

Кийинки бөлүмдө Ислам дининин кемчиликсиздиги жана анын ар тараптуу, толук жана туура жол экени кеңири жана ачык баяндалат.

***

# Төртүнчү бөлүм – Ислам жолу

## Биринчиси, илим:

Алла адамга буйруган эң биринчи милдет – илим үйрөнүү. Алла Таала айтты:

﴿فَٱعۡلَمۡ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا ٱللَّهُ وَٱسۡتَغۡفِرۡ لِذَنۢبِكَ وَلِلۡمُؤۡمِنِينَ وَٱلۡمُؤۡمِنَٰتِۗ وَٱللَّهُ يَعۡلَمُ مُتَقَلَّبَكُمۡ وَمَثۡوَىٰكُمۡ ١٩﴾ [محمد: 19]

"(Эй, Мухаммад!) Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экенин билгин жана өз күнөөлөрүң үчүн жана момун эркектер менен аялдар үчүн кечирим сура. Кайда бараарыңарды жана ордуңарды Алла билет". (Мухаммад, 19) Алла Таала айтты:

﴿...يَرۡفَعِ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡعِلۡمَ دَرَجَٰتٖۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعۡمَلُونَ خَبِيرٞ ١١﴾ [المجادلة: 11]

"Алла силердин ыймандууңардын жана илимдүүңөрдүн даражасын көтөрөт. Алла силердин аткарып жаткан иш-аракетиңерден Кабардар". (Мужадала,11) Алла Таала айтты:

﴿... وَقُل رَّبِّ زِدۡنِي عِلۡمٗا﴾ [طه: 114]

"(Эй, Мухаммад!) "Оо, Раббим! Менин илимимди көбөйт" - деп айткын". (Тоха, 114) Алла Таала айтты:

﴿... فَسۡـَٔلُوٓاْ أَهۡلَ ٱلذِّكۡرِ إِن كُنتُمۡ لَا تَعۡلَمُونَ﴾ [الأنبياء: 7]

"Эгер билбесеңер зикир ээлеринен (ыйык Китеп ээлеринен) сурагыла". (Анбия, 7) Акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, сахих хадисте мындай деген: "Илим алуу ар бир мусулманга парз".[46]Алланын элчиси, саллаллалху алейхи уа саллам, айтты: "Аалымдын ибадатчыл адамдан артыкчылыгы - толгон айдын жанындагы жылдыздардан артыкчылыгы сыяктуу".47

**Исламда илим алуу зарылчылыгы боюнча төмөнкүдөй эки бөлүкө бөлүнөт:**

---

[46] Ибн Мажа, 224. Табараний, 22. Албаний, "Сахих Жаамиъ", 3808-3809)

[47] Тирмизий, 2322. Ибн Мажа, 4112. Албаний, "Сахих Жаамиъ", 1609)

## Биринчи бөлүк: Парз Айн.

Илим алуу эркек болобу, аял болобу, ар бир адамга парз. Ал парз Айн илимин билбегендиги үчүн эч кимге үзүр берилбейт. Ал – Алла Тааланы таанып билүү жана Алланын элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, таанып билүү жана Ислам дининен эмне талап кылынарын билүү.[48]

## Экинчи бөлүк: Парз Кифая.

Эгерде ал илимди жетиштүү адамдар үйрөнсө, анда калгандарынан күнөө кечирилет, калгандарына аны үйрөнүү парз эмес. Мустахаб (сооптуу) болуп калат. Ал илим - Ислам шариятынын өкүмдөрүн үйрөнүү. Ким ал илимди үйрөнсө, таалим берүү, өкүм чыгаруу жана фатва берүү талаптарына жооп бере алат. Ошондой эле ал илим - мусулмандардын жашоосуна керектүү тармактар болобу, кесиптер болобу, айтор мусулмандар муктаж болгон илим. Эгерде жетиштүү билимдүү аалым жок болсо, мусулмандардын жашоосуна керектүү нерселерге жооп бере турган

[48] Бул тууралуу мурунку үч бөлүмдө кеңири баяндалган.

аалымдарды табуу мусулмандардын башчысынан талап кылынат.

## Экинчиси: Акыйдада.

Алла Таала Өзүнүн элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, бардык адамдар Алланын гана кулдары экенин жарыялоого жана жалгыз Аллага гана ибадат кылууга буйруган. Адамдарга Аллага түз жана ортомчусуз ибадат кылууга буйруган. Бул жогоруда: "Лаа илааха иллаллах" деген ыйык келменин маанисинде кеңири баяндалган. Алла Таала адамдарды Жалгыз Аллага гана таянууга, Андан гана коркууга жана Андан гана үмүт кылууга буйруду.[49]Анткени Ал гана пайда берүүчү жана зыян берүүчү. Алла Таала Өзүн жана Пайгамбар, саллаллаху

---

[49] Башкача айтканда Алла Тааланын кудуретине ээ болбогон өлүктөр жана буттар сыяктуу макулуктардан үмүт да кылынбайт жана алардан коркуу болбойт. Ал эми арыстандан жана ууруулардан коркуу сыяктуу макулуктун жөндөмдүүлүгүнөн коркуу бул адаттагы табигый коркуу. Ошол сыяктуу эле жоопкер, берешен сыяктуу жардам берүүгө мүмкүнчүлүгү бар адамдардан үмүт кылуу да адамдагы табигый көрүнүш. Анткени коркуу жана үмүт кылуу адамдын жаратылышында бар табийгий көрүнүш. Алар менен адамдарды айыптоого болбойт.

алейхи уа саллам, сыпаттаган кемчиликсиз сыпаттар менен Алланы сыпаттоону адамдарга буюрду. Бул тууралуу жогоруда кеңири айтылды.

## Үчүнчүсү: Адамдардын ортосундагы байланыш.

Алла Таала мусулманга адамдарды ыймансыздыктын караңгылыгынан Ислам нуруна куткаруу үчүн аракет кылып, салих инсан болууга буйруган. Ошондуктан мен бул китепти кандайдыр бир милдетти аткаруу үчүн жаздым жана тараттым.

Алла Таала Мусулманды башкалар менен байланыштырган нерсе – бул анын Аллага болгон ыйманы болуусун буйруган. Демек, ал мусулман Аллага жана Пайгамбарына моюн сунуучу Алланын салих пенделери эң алыс адамдары болсо да жакшы көрөт. Каапырларды жана Аллага жана Пайгамбарга баш ийбегендерди эң жакын адамдары болсо да жек көрөт. Бул ыйман байламтасы бөлүнгөндөрдү бириктирген байламта. Жана тек, мекенчилдик, материалдык кызыкчылык себептен ажырашкандардын ортосун жараштырат. Ансыз элдер ал себептер менен бат-бат бөлүнүшүп кетишет.

Алла Таала айтты:

﴿لَّا تَجِدُ قَوۡمٗا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ يُوَآدُّونَ مَنۡ حَآدَّ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَلَوۡ كَانُوٓاْ ءَابَآءَهُمۡ أَوۡ أَبۡنَآءَهُمۡ أَوۡ إِخۡوَٰنَهُمۡ أَوۡ عَشِيرَتَهُمۡۚ ...﴾ [المجادلة: 22]

"Аллага жана Акырет күнүнө ыйман келтирген бир коомду Аллага жана Анын Элчисине каршы чыккандар менен достошконун таба албайсың, мейли алар аталары, балдары, ага-инилери же жакын туугандары болсо да". (Мужадала, 22) Алла Таала айтты:

﴿... إِنَّ أَكۡرَمَكُمۡ عِندَ ٱللَّهِ أَتۡقَىٰكُمۡۚ ...﴾ [الحجرات: 13]

"Чындыгында, Алланын алдында эң кадырлууңар – көбүрөөк такыбалык кылганыңар". (Хужурат, 13)

Алла Таала биринчи аятта: Аллага ыйман келтирген адам Алланын душмандары эң жакын адамдары болсо да аларды жакшы көрбөйт - деп кабарын айтты.

Ал эми экинчи аятта: Адамдардын Аллага эң урматтуусу жана сүйүктүүсү – кандай улуттан, кандай түстө болбосун, Ага моюн сунуучусу экенин кабар берип жатат.

Алла Таала душманга да, доско да адилеттүүлүк кылуугa буйруган. Өзүнө зулумдук кылууну арам кылган жана пенделеринин арасында бири-бирине зулумдук кылууну арам кылган. Аманатка жана чынчылдыкка буйруган. Кыянаттык кылуудан тыйган. Ата-энени урматтоого, туугандык байланышты бекемдөөгө, кедей-кембагалдарга жакшылык кылууга, кайрымдуулук иштерине катышууга жана бардык нерсеге, жада калса жаныбарларга да жакшылык кылууга буйруган. Алла жаныбарларды кыйноого тыюу салып, аларга жакшылык кылууга буйруду.[50]Ал эми заарлуу ит,[51]жылан, чаян, чычкан, батперек жырткыч кушу жана геккон кескелдирик сыяктуу зыяндуу

---

[50] Адал мал союлган учурда да, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бычакты курчутууну жана кыйнабай мууздоого буйруган. Малдын союла турган жери: мойну. Кызыл өңгөч жана кандын веналары каны чыга тургандай кесилет. Төөнү моюндун түбүнө сайып союшат. Жаныбарды ток менен уруп өлтүрүү же башына чабуу ж.б.у.с. жолдор менен өлтүрүү тыюу салынган. Андай жол менен мууздалган малды жеш болбойт.

[51] Бул адамдарга зыян келтирүүчү жапайы ит жана бардык жапайы, зыяндуу жыркычтарды камтыйт.

жаныбарлардын зыянынан сактануу үчүн булар кыйнабастан өлтүрүлөт.

## Төртүнчүсү: Алланын көзөмөлдөөсү жана Ыймандуулар үчүн насаат.

Ыйык Куранда аяттар адамдарга төмөнкүлөрдү баяндайт: Адамдар кайда болсо да Алла аларды көрүп турат, алардын бардык иштерин жана ниеттерин Алла билип турат. Алар кылган иш-аракеттери жана сөздөрү үчүн сурак беришет. Алланын периштелери алар менен бирге болуп, жашыруун да, ачыкта да кылган иш-аракеттерин жазып турушат. Алардын ар бир аткарган иш-аракеттери жана айткан сөздөрү үчүн Алла Таала аларды жоопко тартат. Эгер адамдар бул жашоодо Аллага күнөөкөр болушса жана Анын буйругуна баш ийишбесе, оорутуучу азабы менен азаптоосун эскертти. Бул эскертүү ыймандуулар үчүн эң чоң тоску болуп калды жана бул тоску аларды күнөө кылууларынан сактайт. Ошондуктан алар Алла Тааладан коркуп кылмыштарды жана шарият мыйзамына каршы иш кылууну ташташат.

Ал эми ким Алладан коркпой, мүмкүнчүлүк болоор замат күнөө кылгандарга, Алла бул жашоодо күнөөдөн тосуу үчүн аларга чек койгон. Анда Алла

мусулмандарды жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарууга буйруган. Демек, ар бир мусулман башкалардын кылган күнөөлөрү үчүн Алланын алдында жоопкер экенин сезет. Ал күнөөнү колу менен токтото албаса да, тили менен тыйганга чейин барат. Алла мусулмандардын башчысына[52]шарият мыйзамына каршы чыккандарга Алланын чектерин аткарууга буйруган. Ал Алланын чектеринде күнөөлүүлөрдүн кылмыштарына ылайыктуу жазалар бар. Алла Таала ал жазаларды Куранда баяндаган. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, хадистеринде ачыктаган. Ал жазалар менен кылмышкерлерди жазалоого буйрук берген. Бул Алла койгон чектерди аткаруу менен жер жүзүндө адилеттүүлүк, коопсуздук жана жыргалчылык жайылат.

## Бешинчи: Бири-бирине демөөрчүлүк кылуу жана социалдык кызматташуу.

Алла Таала зекет берүү бөлүмүндө баяндагандай, мусулмандарды бири-бири менен материалдык жана моралдык жактан кызматташууга буйруган. Алла Таала

[52] Казы же башкаруучу.

мусулманга ар кандай зыян менен адамдарга зыян келтирүүнү, ал тургай жолдо жаткан зыяндуу нерсенин зыянын да арам кылган. Алла Таала Мусулманга кимдир бирөө таштаган зыяндуу нерсени көрүп калса, аны алып салууга буйруду. Алла Таала зыян келтирүүчүгө азап болоорун айткандай, мусулмандарга зыян бере турган нерсени алып таштаган адамга да сооп-сыйлыктар болоорун убада кылды.

Алла ыймандуудуга өзүнө жакшы көргөн нерсени мусулман бир тууганына да жакшы көрүүгө жана өзү үчүн жек көргөн нерсени ал үчүн да жек көрүүгө буйруду.

﴿... وَتَعَاوَنُوا۟ عَلَى ٱلْبِرِّ وَٱلتَّقْوَىٰ ۖ وَلَا تَعَاوَنُوا۟ عَلَى ٱلْإِثْمِ وَٱلْعُدْوَٰنِ ۚ وَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ ۖ إِنَّ ٱللَّهَ شَدِيدُ ٱلْعِقَابِ ٢﴾ [المائدة: 2]

"Жакшылыкта жана такыбалыкта бири-бириңерге жардам бергиле, бирок күнөө иштерде жана душмандыкта жардамдашпагыла. Аллага такыбалык кылгыла. Чындыгында, Алланын азабы катуу". (Маида, 2) Алла Таала айтты:

﴿إِنَّمَا ٱلْمُؤْمِنُونَ إِخْوَةٌ فَأَصْلِحُوا۟ بَيْنَ أَخَوَيْكُمْ ...﴾ [الحجرات: 10]

"Чындыгында, ыймандуулар бир тууган. Ошондуктан бир тууганыңардын арасындагы мамилесин оңдогула". (Хужурат, 10) Алла Таала айтты:

﴿۞ لَّا خَيْرَ فِي كَثِيرٍ مِّن نَّجْوَىٰهُمْ إِلَّا مَنْ أَمَرَ بِصَدَقَةٍ أَوْ مَعْرُوفٍ أَوْ إِصْلَٰحٍۭ بَيْنَ ٱلنَّاسِۚ وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ ٱبْتِغَآءَ مَرْضَاتِ ٱللَّهِ فَسَوْفَ نُؤْتِيهِ أَجْرًا عَظِيمًا ١١٤﴾ [النساء: 114]

"Алардын (кыянатчылардын) купуя сүйлөшүүсүндө жакшылык жок. Бирок ким садака кылууга, жакшылык кылууга же адамдардын ортосун жараштырууга буюрса, ага жакшылык бар. Ким муну Алланын ыраазычылыгын көздөп кылса, ага чоң сооп-сыйлык беребиз". (Ниса, 114) Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мынтип айткан: "Силердин эч кимиңер өзү үчүн жакшы көргөн нерсени бир тууганы үчүн да жакшы көрмөйүнчө ыйманы толук болбойт".53Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам,[54]өмүрүнүн акырындагы

[53] Бухари, 13. Муслим, 45)

[54] Хадистер жыйнагындагы китептердеги ар тараптуу, ар түрдүү багыттагы кутбалар.

коштошуу ажылыгында болгон хутбасында мурда буйруганын тастыктап мындай деп айтты: "Оо, адамдар! Чындыгында, Раббиңер бир, атаңар бир. Арапдын араб эместен, араб эместин арабдан, ак түстүүлөр кара түстүүлөрдөн, кара түстүүлөр ак түстүүлөрдөн артыкчылыгы жок. Бирок такыбалыктары менен гана айырмаланышат". Ошондо сахабалар: "Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жеткирди" - деп айтышты".[55]Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: Чындыгында, силердин каныңар, байлыгыңар, ар-намысыңар бири-бириңерге Раббиңе жолуккан күнгө чейин арам кылынды. Бул Курбандык чала турган ыйык күндө, бул ыйык Мекке шаарда, бул ыйык айларда күнөө кылуу арам болгон сыякуу. (Оо, эл журт!) Мен жеткирдимби?". Ошондо сахабалар: "Ооба" - дешти. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, сөөмөйүн асманга көтөрүп: "Оо, Алла, Өзүң күбөсүң!» - деди.[56]

---

[55] Ахмад, 22978, Албаний, "Силсила Сахиха", 6/199)

[56] Бухарий, 105. Муслим, 1718)

## Алтынчы: Ички саясатта.

Алла Таала мусулмандарга өздөрүнөн бирөөгө кол беришип аны башчы кылып дайындоого буйруган. Ошондой эле Алла Таала аларды биригип, бөлүнбөй, бир эл болууга жана имамдарына жана башчыларына баш ийүүгө буйруду. Эгер ал имамдары жана башчылары күнөө иштерге буйруса, аларга баш ийилбейт. Анткени Жаратуучуга күнөөкөр боло турган иштерде макулукка баш ийип аткаруу болбойт.

Алла Таала мусулман Ислам динин жарыялап, ага даават кыла албаган өлкөдө болсо,[57]анда ага Ислам өлкөлөрүнө хижрат кылууга буйруду. Ал Ислам өлкөсү - бардык иштерде Ислам мыйзамдары менен өкүм жүргүзгөн өлкө. Ал өлкөнү мусулман башчы Алладан түшкөн өкүм менен башкарат.

Ислам өлкөлөрдүн чек араларын жана улутка же урууларга бөлүнүүнү тааныбайт. Тескерисинче, мусулмандын улуту бул - Ислам. Кайсыл жерде болбосун адамдар Алланын пенделери, жер болсо

[57] Эгер мүмкүнчүлүк болсо Ислам өлкөлөрүнө хижрат кылууга буйруду.

Алланын жери, ал жерде мусулман Алланын мыйзамын кармануу шарты менен эч кандай каршылыксыз көчө алат. Эгер ал бир маселеде Алланын мыйзамына каршы чыкса, анда ага Алланын өкүмү жүргүзүлөт. Ал эми Алланын мыйзамын жүргүзүүдө жана Анын жазаларын (худуд)[58]тургузууда адамдардын коопсуздугу жана адилеттүүлүгү орнойт. Араларында кан төгүү токтоп, намыстары сакталып, мал-мүлкүтөрү аман-эсен турат. Булардын баары жакшылык. Ал эми булардан жүз буруунун баары жамандык.

Алла Таала адамдын акылын мас кылуучу, баңгизат жана баш айлантуучу заттарды (Муфтарат)[59]арам кылуу менен сактаган. Ошондуктан мас кылуучу ичимдик ичкен адамга кырк балактан сексен балака чейин уруу жазасын мыйзамдаштырды. Мунун баары аны токтотуу үчүн, акылын сактоо үчүн жана адамдарды анын жамандыгынан коргоо үчүн.

---

[58] Худуд – белгилүү кылмыш кылгандар үчүн Ислам шариятында белгиленген жазалар.

[59] Муфатрат – дененин, акылдын жана нервдердин төмөндөшүнө жана жалкоолукка алып келүүчү заттар.

Аллах Таала адилетсиз чектен чыккан канкордон касас (өч алуу) менен мусулмандардын канын сактап калды. Ошондуктан киши өлтүргөн адам өлтүрүлөт. Мусулманга өзүн, намысын, мал-мүлкүн коргоо шариятта мыйзамдаштырылган сыяктуу жараат алган адамдын да касас (өч алуусу) мыйзамдаштырылган. Алла Таала айтты:

﴿وَلَكُمۡ فِي ٱلۡقِصَاصِ حَيَوٰةٞ يَٰٓأُوْلِي ٱلۡأَلۡبَٰبِ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ ١٧٩﴾ [البقرة: 179]

"Эй, акыл ээлери! Силер үчүн өч алууда (касас) жашоо бар. Такыба болушуңар үчүн". (Бакара: 179) Алланын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: "Кимде-ким мал-мүлкүн коргоп өлтүрүлгөн болсо, анда шейит болот. Динин коргоп өлтүрүлгөн болсо, шейит болот. Канын жанын коргоп өлтүрүлгөн болсо, шейит болот. Үй-бүлөсүн коргоп өлтүрүлгөн болсо, шейит болот".60

Алла Таала Мусулман жок жерде аны жаман көргөн сөздөр менен гыйбат кылууга тыюу салган. Бул тыюуну

---

60 Абу Дауд, 2/275. Насаий, 2/316. Ахмад, 1652. Сахих Жаамиъ, 4172)

шариятта мыйзамдаштыруу менен Алла Таала мусулмандардын ар-намысын коргоду. Мусулманды зына жана бачабаздык сыяктуу кылмыш менен жалаа жапкан жалаакордун мыйзамдуу жазасы менен мусулмандардын ар-намысын коргоду. Жалаа жапкан жалаакордун мыйзамдуу жазасы сексен балак уруу. Зына жана ливат сөздөрү менен мусулмандын ар-намысын төккөн адамдын жапкан жалаасына юридикалык далили жок босо, анда ага сексен балак уруу менен жазаланат.

Алла Таала адам баласынын тегин мыйзамсыз бузулуусунан сактады.[61]Зына кылууну арам кылуу менен жана аны эң чоң күнөөлөрдөн деп эсептөө менен адеп-ахлактык кылмыш деп адам баласынын тегин бузулуусун сактады. Зынаа кылмышынын хадд жазасынын шарттары табылса, зынаакорду балак уруу жазасы менен аны бул кылмышына бөгөт коёт.

---

[61] Алла Таала текти жоголуп кетүүдөн жана аралашып кетүүдөн сактады. Мисалы: Зынаадан төрөлгөн баланын атасынан башка бирөөгө таандык кылып анын тегин жоголушунан сактады.

Алла Таала адам баласын мал-мүлкүн уурулуктан, алдамчылыктан, кумардан, паракорлуктан жана башка тыюу салынган арам кесиптерден коргоду. Ууру менен тоноочу каракчынын жазасын шариатта мыйзамдаштыруу менен адамдардын мал-мүлкүн сактап койду. Ал эми уурулуктун жазасы – ууруну колун кесүү. Эгерде уурунун колун кесүү үчүн шарттар табылса, анда колу кесилет. Эгерде шарттар табылбай уурулугу далилденсе, уурулугун токтото турган жаза менен жазаланат.

Бул худуд жазаларды шарият мыйзамына киргизген – ал Билүүчү, Даанышман Алла. Ал Өзүнүн макулуктары үчүн эмне туура экенин эң жакшы билет жана Алла макулуктарына абдан ырайымдуу. Алла Таала бул жазаларды мусулман кылмышкерлерди күнөөлөрдөн тазалоо үчүн каффарат кылды. Жана ал жазаларды коюу менен элдерди алардын жана башкалардын жамандыгынан сактады. Ислам душмандары жана дооматчылар канкорду өлтүрүүнү жана уурунун колун кесүүнү ооруп жаткан адамдын оорусуна карабай чириген органын кесүү деп

айыпташат.[62]Ошол эле учурда алар өздөрүнүн адилетсиз максаттары үчүн бейкүнөө адамдарды өлтүрүүнү жактырышат.

## Жетинчи: Тышкы саясат:

Алла Таала мусулмандарга жана алардын башчыларына мусулман эместерди каапырлыктын караңгылыгынан Аллага болгон ыйман нуруна куткаруу үчүн Исламга чакырууга буйруган. Ошондой эле мусулман эместерди бул дүйнө жашоосунун материалдык нерселерине сугарылып, мусулмандар көрүп жаткан руханий бакыттан куру калуудан куткаруу үчүн Исламга чакырууга буйруган. Демек, Алланын Мусулманга берген буйругу бул: Өзүнүн такыбалыгы менен бардык адамдарга пайда алып келүүчү, бүт адамдарды куткарууга умтулган салих адам болуу. Ал эми адамдар түзгөн жол: ал адамдан жакшы жаран болушун гана талап кылат. Бул ал жолдун бузукулугун, кемчиликтигин, Исламдын тууралыгын жана кемчиликсиздигин көрсөткөн далилдердин бири.

---

[62] Канкорду өлтүрүү жана уурунун колун кесүү оорулуунун чириген мүчөсүн денесинин коопсуздугу үчүн үй-бүлөсүн жана оорулуунун макулдугу менен кесип салгандан жакшы.

Алла Таала мусулмандарга Алланын душмандарынан Исламды жана мусулмандарды коргоо үчүн, Алланын душманын жана мусулмандардын душманын коркутуу үчүн колдон келишинче күч даярдоого буйруду. Ошондой эле эгер талап болсо, Алла Таала мусулмандарга каапырлар менен Ислам шариятынын негизинде келишим түзүүгө уруксат берген. Алла Таала мусулмандарды душманы менен түзгөн келишимин бузууга тыюу салат. Эгер душман ал келишимди бузуп баштаса же бузууну талап кылса, анда мусулмандар аларга келишимдин бузулганын сездиришет.

Каапырлар менен согушууну баштаардан мурда Алла мусулмандарга душмандарын алгач Исламды кабыл алууга чакырууну буйруган. Эгерде алар баш тартышса, анда алардан жизя салыгын төлөп, Аллахтын өкүмүнө[63]моюн сунууну талап кылышат. Эгер

---

[63] Ислам бийлиги астында мусулмандар зекет, ал эми мусулман эместер жизя салыгын төлөшөт. Жизя салыгын каапырлардын аялдары, балдары, жиндилери, карылары жана кедейлери төлөшпөйт. Ал эми бойго жеткен эркектерден жизя алынат. Жизя салыгы – Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, убагында жылына бир динардан ашпаган, ар бир бай адам жылына бир жолу төлөп турган өтө аз өлчөмдөгү акча.

каапырлар андан да баш тартышса, анда согуш эч кандай фитна[64]болбошу үчүн жана дин толугу менен Алла өкүмүндө жүрүшү үчүн алар менен согушат.

Согуш болгон учурда Алла Таала мусулмандарга балдарды, аялдарды, карыларды жана ибадатканаларындагы кечилдерди өлтүрүүгө тыюу салат. Эгерде ибадатканаларындагы кечилдер

---

Бул жизя салыгын алар Ислам мамлекетинин коргоосунда аман-эсен жашоосу, бардык тиричилик иштерин жүргүзүүсү жана Ислам шариятында уруксат берилген кесиптерден пайдалануусу үчүн төгүшөт. Алар чиркөөлөрүнүн жана диндеринин коопсуздугунан тышкары, аман-эсен жашашат жана мал-мүлктөрү жана абийирлери мусулмандар тарабынан толук корголот. Ал эми мусулмандар өз укуктарын аткара албай, аларды душмандарынан коргой алышпаса, аларды коргоо шартын аткара албагандары үчүн жизя салыктарын аларга кайтарып беришет. Эгер мусулман эместер өз өлкөсүн душмандардан коргоого катышса, мусулмандар алардан жизя салыгын кечип коюшат жана мамлекет кедейлерине жардам берип, аларды даарылап мусулманга мамиле кылгандай мамиле кылат.

[64] Фитна - бул адамдарды Исламдан ажыратуу жана мажбурлоосуз Исламды эркин кабыл алууларына тоскоол кылуу менен болот.

согушкерлер менен пикирлерин же иш-аракеттерин бөлүшсө, анда аларды өлтүрүүгө буйруйт. Алла Таала туткундарга жакшы мамиле кылууга буйруган. Мындан биз Исламдагы согуш бул башкарууну алуу жана пайдалануу үчүн гана эмес, тескерисинче, акыйкатты жайылтуу, макулуктарга ырайым кылуу жана адамдарды макулуктарга сыйынуудан чыгарып, Жаратуучу Аллага ибадат кылууга багытталганын түшүнөбүз.

## Сегизинчи: Эркиндик.

### (А) Акыйда эркиндиги:

Алла Таала Ислам growth динде Ислам бийлигинин астындагы мусулман эместерге ишеним эркиндигин берген. Мусулман эместерге Ислам динин түшүндүргөндөн кийин жана ага чакыргандан кийин Ислам динин кабыл алышса, анда бактылуу болушат жана тозок отунан кутулушат. Эгерде ал карманган диninде калууну кааласа, анда ал өзүнө каапырлыкты, бактысыздыкты жана тозок азабын тандап алат. Аларга Ислам динин түшүндүрүү менен, аларды Исламга даават кылуу менен аларга Ислам дини жеткен болот да Алла Тааланын алдында ага эч кандай үзүрлөрү калбайт. Андан кийин мусулмандар аларды тутунган

акыйдасы кандай болсо ошондой таштап калтырышат. Алар жизя салыгын төлөп Ислам өкүмдөрүнө моюн сунуп жашашат. Мусулмандардын алдында куфрдун белгилерин таратышпайт.

Мусулманга келсек, Исламга киргенден кийин муртад болуп динден чыгуусу кабыл алынбайт. Эгер динден чыкса, ал өлүм менен жазаланат. Себеби, ал чындыкты билип туруп андан баш тартты. Ошондуктан ал жашоого татыктуу болбой калат. Эгерде Алла Таалага тообо кылып Исламга кайтса, анда өлүм жазасы менен жазаланбайт.[65].

---

[65] Ридда: Исламдан чыгып каапыр болуп кетүү. Исламды ынанып тандап алган адам мындай кылбайт. Эч бир дин же эч бир маданият аны Исламдан бура албайт. Анткени кандай гана дин болбосун же маданят болбосун Исламдын толуктуулугуна жана кереметтүүлүгүнө жетпейт. Динден муртад болуу бул – мусулман коомчулугунда фитна чыгаруу жана мусулманды каапырлыкка же напсине кул болууга же материалдык кулчулукка жана коомдук кызыкчылыкка түртүү. Муртад болуу Алла Тааланын эң зарыл жана эң маанилүү келишимдеринен чыгуу болуп саналат. Ата-Мекенге чыккынчылык кылуу бул - азыркы учурда көпчүлүк өлкөлөр тарабынан кылмыш экени жана ал өлүм жазасына татыктуу экени тастыкталган. Муртад болуу Ата-Мекенге чыккынчылык кылууга окшош. Муртад адам

Эгерде мусулмандын муртад болуп динден чыгуусу Исламдан чыгаруучу иш-аракеттердин бирин аткаруу менен болсо, анда ал Исламдан чыгаруучу иш-аракеттерди таштап, аны жек көрүү менен жана Аллах Тааладан кечирим суроо менен тообо кылуусу керек.

## Исламдан чыгаруучу иш-аракеттер көп. Алардын эң белгилүүлөрү:

Алла Таалага ширк кылуу. Бул Аллах Таалага башка кудайчаларды шерик кылуу. Тактап айтканда ширк Аллага кудайчаларды ортомчу кылып, алар аркылуу Аллага дуба кылуу же Аллага ибадат кылуу. Кудайчалар - бул сыйынууга татыктуу болбогон нерселер. Кээ бир адамдар Исламга чейинки мушриктер сыяктуу кудайчаларды сыйынууга татыктуу зат деп ынанышып, аларга сыйынууну ширк деп түшүнүшкөн. Исламга чейинки мушриктер салих

---

бузукулукту гана жайылтат. Аны мусулман коомунан өлтүрүү менен гана жок кылуу мүмкүн. Ислам шариятында мусулмандын муртад болгонун аныктоо жана ага жаза тартуу казынын колунда. Казы соттун кылдат кадамдарына ылайык динден чыккан деп айыпталгандарды зулумдан сактап жана мусулман коомчулугунун динин сактап өкүм чыгарат.

адамдардын символу болгон буттарды кудай кылышып алардан шапаат сурашып аларга сыйынышып ширк кылышкан. Кээ бир адамдар ширк – бул буттарга сажда кылуу гана дешет, же Алладан башкага: «Бул менин Кудайым» - деп айтууну ширк деп түшүнүшөт. Ал адамдар өздөрүн мусулманбыз деген мушриктер сыяктуу кудайчаларды Аллага жакындатуучу ортомчу гана, ким ага сыйынса Аллага ибадат кылган болот деп түшүнүшөт.

Мындай адамдар аракты башка ат менен аташып аны ичкендерге окшош. Алардын абалынын түшүндүрмөсү жогоруда баяндалган. Алла Таала айтты:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ فَٱعۡبُدِ ٱللَّهَ مُخۡلِصٗا لَّهُ ٱلدِّينَ ٢ أَلَا لِلَّهِ ٱلدِّينُ ٱلۡخَالِصُۚ وَٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِهِۦٓ أَوۡلِيَآءَ مَا نَعۡبُدُهُمۡ إِلَّا لِيُقَرِّبُونَآ إِلَى ٱللَّهِ زُلۡفَىٰٓ إِنَّ ٱللَّهَ يَحۡكُمُ بَيۡنَهُمۡ فِي مَا هُمۡ فِيهِ يَخۡتَلِفُونَۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي مَنۡ هُوَ كَٰذِبٞ كَفَّارٞ ٣﴾ [الزمر: 2-3]

"Аллага чын ыкластан динде Ага гана ибадат кылгын!". "Көңүл бургула! Калыс дин Алла үчүн! Андан башка олуяларды (кудай) кылып алгандар: «Биз аларга, бизди Аллага жакын кылышы үчүн гана ибадат кылабыз» - (дешет). Чындыгында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Алла

(гана) өкүм кылат. Алла жалганчыларды жана каапырларды туура жолго баштабайт!". (Зумар, 2-3)
Алла Таала айтты:

﴿يُولِجُ ٱلَّيۡلَ فِي ٱلنَّهَارِ وَيُولِجُ ٱلنَّهَارَ فِي ٱلَّيۡلِ وَسَخَّرَ ٱلشَّمۡسَ وَٱلۡقَمَرَۖ كُلّٞ يَجۡرِي لِأَجَلٖ مُّسَمّٗىۚ ذَٰلِكُمُ ٱللَّهُ رَبُّكُمۡ لَهُ ٱلۡمُلۡكُۚ وَٱلَّذِينَ تَدۡعُونَ مِن دُونِهِۦ مَا يَمۡلِكُونَ مِن قِطۡمِيرٍ ١٣ إِن تَدۡعُوهُمۡ لَا يَسۡمَعُواْ دُعَآءَكُمۡ وَلَوۡ سَمِعُواْ مَا ٱسۡتَجَابُواْ لَكُمۡۖ وَيَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ يَكۡفُرُونَ بِشِرۡكِكُمۡۚ وَلَا يُنَبِّئُكَ مِثۡلُ خَبِيرٖ ١٤﴾ [فاطر: 13-14]

"Ал Алла силердин Раббиңер. Бардык мүлк Ага гана таандык. Алладан башка силер дуба кылып жаткан (кудайларыңар) курма данегинин кыпындай нерсеге да ээлик кыла алышпайт". (13) Эгер аларга дуба кылсаңар, дубаңарды угушпайт. Эгер угушса да, силерге жооп бере алышпайт. Кыямат күнү алар силердин ширкиңерден баш тартышат. (Оо, Мухаммад!) Эч ким сага Кабардар (Алла) сыяктуу кабар бере албайт! (14) (Фатыр, 13-14)

1. Мушриктерди жана каапырларды каапырлыкка чыгарбоо. Мисалы: Иудейлер, христиандар, атеистер, мажусийлер жана Алланын өкүмүнөн башка менен өкүм жүргүзгөн тогуттар жана Алланын өкүмүнө

ыраазы болбогон тогуттар. Кимде-ким бул каапырдары каапыр экендигин билип туруп, аларды каапыр деп ишенбесе, ал өзү каапыр болуп калат.

2. Чоң ширкке себеп болгон сыйкыр. Демек кимде-ким сыйкырлык кылса же сыйкырлык каапырлык экенин билип туруп ага ыраазы болсо, анда ал каапыр болот.

3. Ислам шарият мыйзамынан башка бир мыйзам же конституция Ислам шариятынан жакшыраак, же Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, башка бирөөнүн өкүмү Пайгамбардын өкүмдөрүнөн жакшыраак деп же Алланын өкүмүнөн башка өкүм менен башкаруу да болот деп ишенүү. Мындй ишеним мусулманды Исламдан чыгарат.

4. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, же анын шариятынан бир нерсени жек көрүү. Бул жек көрүү мусулманды Исламдан чыгарат.

5. Ислам дининдеги белгилүү бир нерсени[66]шылдыңдоо. Бул шылдыңдоо мусулманды Исламдан чынарат.

6. Исламдын жеңишин жек көрүү, же анын кулашына сүйүнүү. Мындай жек көрүү же сүйүнүү мусулманды Исламдан чыгарат.

7. Каапырларды дос туткан мусулман алардан болоорун билип туруп аларды жакшы көрүп, аларга колдоо көрсөтүп, аларды дос тутуу. Каапырларды Алладан, Пайгамбардан жана мусулмандардан артык көрүп аларды дос тутуу мусулманды Исламдан чыгарат.

8. Мусулман ар кандай шарият иштеринде шарияттан чыгып туруу туура эмес экенин билип туруп Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, шариятынан чыгып турууну туура деп ишенүү. Бул ишеним мусулманды Исламдан чыгарат.

---

[66] Алла Тааланы же Анын элчилеринин бирин шылдыңдоо. Тактап айтканда Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, Муса пайгамбар, Иса пайгамбар, ж.б.у.с. пайгамбарларды шылдыңдоо, же Ислам дининдеги белгилүү бир нерсени шылдыңдоо.

9. Алланын дининен баш тартуу. Ким эскертүүлөрдөн кийин Исламдан баш тартса, аны үйрөнбөсө жана ага ылайык амал кылбаса, анда ал каапыр болот.

10. Исламдын бир добуштан макул болгон өкүмдөрүнүн бирин же эл арасында белгилүү болгон өкүмдөрдү четке кагуу. Бул өкүмдөрүнүн бирин четке кагуу мусулманды Исламдан чыгарат. Куранда жана сүннөттө бул Исламдан чыгаруучу иш-аракеттерге көптөгөн далилдер бар.

## (Б) Ой эркиндиги:

Алла Таала Ислам таалимдерине карама-каршы келбөө шарты менен ой эркиндигине уруксат берген. Ошондуктан, Алла Таала мусулманды ар кимдин алдында акыйкат сөздү айтууга буюрган. Алланын ыраазычылыгы үчүн акыйкат сөздү айтуучуга айыптоочунун дооматы таасир этпейт. Алла Таала акыйкат сөздү айтууну Алла жолунда согушуу сыяктуу эң жакшы, сооптуу амалдардан кылды. Алла Таала Мусулман башкаруучуларга насаат айтууну жана адамдарды шарият мыйзамын бузуудан кайтарууга буйруду. Жана жалганга чакыргандарды жоопко тартып, андан кайтарууга буйруду. Бул ой-пикирди

сыйлоонун эң чоң жана эң сонун системасы. Ал эми Алланын шариятына тескери болгон ой-пикирге келсек, андай ой-пикирлерди ачыка чыгарууга уруксат бербейт. Анткени анда ой-пикирлер элди бузат жана аларды бузукулукка түртүп акыйкатка каршы күрөштүрөт.

## (В) Ар бир адамдын жеке эркиндиги:

Исламда Алла Таала Ислам шариятынын чегинде адамдарга эркиндик берген. Эркек же аял башкалар менен болгон мамиледе, мисалы, сатып алуу, сатуу, белек-бечкек, кайрымдуулук, кечиримдүүлүк ж.б.у.с. иштерде эркин экендиги айтылган. Алла Таала аялга да, эркекке да жар тандоо эркиндигин берген. Ошондуктан алардын эч кимиси өзүнө жакпаган бирөөгө мажбурланбайт. Эгер аял динде өзүнө тең келбеген эркекти тандаса, анда ага мындай кылууга жол берилбейт. Анткени ал аялдын ыйманын жана ар-намысын сактап калуу үчүн аны жана анын үй-бүлөсүнүн пайдасы үчүн тыюу салынган.

Аялды никелөөдө ага эң жакын эркек же анын өкүлү болгон валиси аялдын атынан никеде жооп берет. Анткени, аял өзүн-өзү турмушка бере албайт. Аялдын өзүн-өзү турмушка берүүсү зына кылган аялды

туурагандык болуп саналат. Нике кыйылып жатканда кыздын атасы валиси болсо: Кызымды сага турмушка бердим" - деп айтат. Ал эми күйө бала: " Кабыл алдым" - деп жооп берет. Нике кыйылып жатканда эки күбө катышуу керек.

Ислам мусулманга Алланын ал үчүн койгон чегинен чыгуусуна жол бербейт. Анткени ал жана анын бардык мүлкү Аллага таандык. Адамдар Алла Таала кулдарына ырайым кылып шариат кылган Алланын шариятынын чегинде иш жүргүзүүсү керек. Ким Алланын шариятын карманса, анда туура жолдо болуп бактылуу болот. Ал эми ким ага каршы чыкса, анда бактысыз болуп зыянга учурайт. Ошондуктан Алла зына менен гомосексуализмди катуу тыйып арам кылды. Мусулманга өзүн-өзү өлтүрүшүнө жана Алланын жаратканын өзгөртүүгө тыюу салды.

Ал эми мурутту кырууну, тырмак алууну, аврат жерлердин түктөрүн кырууну, колтук түктөрүн алууну жана сүннөткө отургузууну Алла буйруган.

Алла мусулманды Алланын душмандарына тийиштүү болгон иштерде аларга окшошуудан тыйды. Анткени аларга өзүн-өзү окшоштуруу жана сырткы

иштерде аларды сүйүү аларга окшошууга жана аларды жүрөктөн сүйүүгө алып барат.

Алла мусулманды туура исламий пикирдин булагы болушун каалайт. Ал адамдардын пикирлерин жана алардын ойлорун Исламга киргизүүчү болушун каалабайт. Мусулманды тууроочу эмес, жакшы үлгү болуусун каалайт.

Ал эми өнөр жай жана техникалык тажрыйбага келсек, бул тармакта өнүккөндөр мусулман эмес болсо да Ислам аларды үйрөнүүгө жана алардан тажрыйба жана билимин алууга буйруйт. Анткени Алла Таала гана адам затына үйрөтүүчү. Алла Таала айтты:

﴿عَلَّمَ ٱلۡإِنسَٰنَ مَا لَمۡ يَعۡلَمۡ٥﴾ [العلق: 5]

"Адамга ал билбеген нерселерди үйрөттү". (Алак, 5)

Бул адамдын эркиндигин пайдаланууда насаат кылуунун, оңдоонун эң жогорку даражасы жана адамдын кадыр-баркын сактоо жана аны өзүнүн жана башкалардын жамандыгынан сактоо.

### (Г) Баш калкалоо эркиндиги:

Алла Таала мусулманга баш калкалоо эркиндигин берген. Ошондуктан эч кимге үй ээсинин уруксатысыз анын калкалоочу жайына кирүүгө жана үйүн ичин кароого болбойт.

## (Д) Кесип тандоо эркиндиги:

Алла мусулманга белгиленген чектерде кесип тандоо жана сарптоо эркиндигин берген. Ошондуктан өзүн жана үй-бүлөсүн каржылоо үчүн жана жакшылык жана садака кылуу үчүн кесип кылууга, иштөөгө буйруган. Ошол эле учурда Алла арам кирешелерден, мисалы: сүткорлуктан, кумардан, паракорчулуктан, уурулуктан, көзү ачыктыктын жана сыйкырдын акчасынан, зынаадан, сойкулуктан акча табууну арам кылган. Алла арам нерселердин акчасын, мисалы, жандуулардын сүрөтүнүн акчасы,[67]арак, чочконун эти, арам оюн-зоок, ыр-бий акчасын арам кылды. Бул булактардан киреше табуу арам болгондой эле аларга

[67] Кол менен тартылган, же жыгачка жана башка нерселерге оюп түшүрүлгөн, же чопо жана башка нерселер менен калыпка салынган жандуу жандыктардын сүрөттөрү. Бул сүрөттөрдүн өкүмдөрү сүрөтчүлөрдү тыюу үчүн келген хадистерде эскертилген.

сарптоо да арам. Мусулман шарият көрсөткөн жол менен гана сарптоосу керек. Бул адал кесип менен бай, бактылуу жашоо үчүн адамдын кесип кылуусуна жана садака кылуусуна насаат, туура багыт жана оңдоонун эң жогорку даражасы.

## Тогузунчу: Үй-бүлө:

Алла Таала Ислам шариятында үй-бүлөнү мыкты бир тартипте түзгөн. Ал тартипти кармагандар бактылуу жашашат. Демек, ата-энеге жакшылык кылуу, эгер алардан алыс турса аларды тез-тез зыярат кылуу, аларга кызмат кылуу, муктаждыктарын камсыздоо, аларды каржылоо, кедей болушса же алардын бирөө болсо да аларды турак жайга жайгаштыруу, аларга жакшы сөз айтууну Алла Таала парз кылды. Алла ата-энесине кайдыгерлик кылгандарды жазалоону убада кылган жана аларга жакшылык кылгандарга бакытылуулукту убада кылган. Алла Таала никени шариятта мыйзамдаштырып, аны өз китебинде жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, тилинде баяндаган.

***

## Никенин мыйзамдуулугунун сыры

1. Никелешип үйлөнүү арамдан тыйылуунун эң чоң себептеринин бири жана авратты арамдан (зына) жана арам нерселерден көздү сактайт.

2. Никелешип үйлөнүү менен жубайлардын арасында бейпилдик жана ишенимдүүлүк пайда болот. Анткени, Алла алардын ортосуна сүйүүнү жана боорукерликти берип коёт.

3. Никелешип үйлөнүүдө таза жана адилеттүү шарият менен мусулмандардын санын көбөйтөт.

4. Никелешип үйлөнүү менен жубайлардын ар бири Алла Таала жараткан өзүнүн табиятына ылайыктуу милдетин аткарып, бири-бирине кызмат кылышат.

Эркек аялын жана балдарын каржылоо үчүн сыртта иштеп, акча табат. Аялы үй иштерин аткарат, боюна көтөрөт, бала эмизет, балдарын тарбиялайт, күйөөсүнө тамак-аш даярдайт, үй ичин таза кармайт жана күйөөсү үчүн төшөк даярдайт. Күйөөсү чарчап, тынчсызданып кирсе, аялы андан чарчоону, түйшүктү кетирип, аялы жана балдары күйөөсүн көңүлүн көтөрүп, бардыгы ырахатта жана бактылуу жашашат. Эгер жубайлар макул болушса, күйөөсү аялынын жумуштарына же

аялы күйөөсүнүн жумуштарына жардам берүү үчүн күйөөсү менен бирге кандайдыр бир жумуш жасоосуна эч кандай каршылыгы жок. Бирок аял жат эркектерге аралашпаш үчүн, алардан алыс болуу шарты менен жумуш кылууга Ислам уруксат берген. Аял үйүндө же өз чарбасында же күйөөсүнүн же үй-бүлөсүнүн фермасында иштесе болот. Ал эми заводдо, кеңседе, дүкөндө же башка ушул сыяктуу нерселерде эркектер менен аралашып кеткен жумушка келсек, бул аялга туура келбейт. Эгер ал аял өзү үчүн макул болсо да, күйөөсү, ата-энеси жана жакындары ал аялга уруксат бербеши керек. Аялдын эркектерге аралашып жумуш кылуусу аны жана коомду бузукулукка дуушар кылат. Аял өз үйүндө эркектерге көрүнбөй, коопсуз турса күнөөкөр колдор ага сунулбайт жана кыянатчы көздөр ага карабайт. Ал эми элдин арасына чыгып эркектерге аралашып кетсе, карышкырлардын арасында адашкан кой сыяктуу жоголушу мүмкүн. А балким, көп өтпөй кара ниет адамдар анын ар-намысын, кадыр-баркын төгүшү мүмкүн. Эгер күйөөсү бир аялга канааттанбаса, Алла Таала ага аялдардын ортосунда турак жай, багуу жана түнөө жагынан адилеттүү болуу шарты менен төрт аял алууга уруксат берген. Ал эми жүрөктүн сүйүүсүнө келсек, анда адилеттүүлүк менен сүйүү шарт эмес. Анткени жүрөктүн сүйүүсүн эч ким башкара

албайт, ал үчүн күнөөлүү да эмес. Алла Таала жүрөктүн сүйүүсүн эч ким адилеттүүлүк менен башкара албастыгын бул сөзүндө айткан:

﴿وَلَن تَسۡتَطِيعُوٓاْ أَن تَعۡدِلُواْ بَيۡنَ ٱلنِّسَآءِ وَلَوۡ حَرَصۡتُمۡۖ ...﴾ [النساء: 129]

"Аялдардын ортосунда адилеттүүлүк кыла албайсыңар, канчалык аракет кылсаңар да". (Ниса, 129) Алла Таала бул сүйүүдөгү жана ага байланыштуу болгон нерселердеги адилеттүүлүктүн аткарылбай калышын көп аялдуулукка тоскоол кылган эмес, себеби бул сүйүүдө адилеттүү болуу мүмкүн эмес. Алла Таала Пайгамбарлар үчүн көп аялдуулукту жана адилеттүү боло алган эркектер үчүн көп аялдуулукту Ислам шариятына киргизген. Анткени Алла Таала аларга эмне ылайыктуу экенин билет, ошондуктан көп аялдуулук эркектерге да, аялдарга да жакшы. Себеби, дени сак эркектин жыныстык жөндөмдүүлүгү бар, ал аркылуу төрт аялдын жыныстык муктаждыгын канааттандырып, аларга аруулукту тартуулай алат. Христиандар[68]жана башкалары сыяктуу бир аял менен чектелсе жана

[68] Иса пайгамбар көп аялдуулукту тыйган эмес. Тескерисинче, христиандар өздөрүнүн каалоолоруна ээрчип, тыюу салган.

Исламдын кейпин кийгендер бир аял менен чектелсе, анда төмөнкү бузукулуктар болот:

1. Күйөөсү ыймандуу болуп, Аллага моюн сунуп, Алладан корккон болсо, анда ал өмүрүндө эч нерседен кемсинбей, напсинин адал муктаждыгын басып жашайт. Жалгыз аял жашы өткөндө боюна болбой же төрөт канын көрүп же айыз канын көрүп же ооруп калып күйөөсүнүн ырахат алуусуна тоскоол болгондуктан, күйөөсү өмүрүнүн бир бөлүгүн аялы жоктой өткөрөт.Бул жалгыз аял эгер аны жактырса, күйөөсү да аны сүйсө ушундай жашоо өтөт. Эгер күйөөсү аялын жактырбаса, анда бул жашоо жалгыз аялдын жошоосунан да зыяндуураак.

2. Эгер күйөөсү Аллага баш ийбесе, кыянатчы болсо, анда зына кылат жана аялынан жүз бурат. Көп төрт аял алууну туура көрбөгөндөрдүн көбү чексиз көп аял менен ойноштук кылып, зына күнөө ишин кылышат. Эгер шарияттагы көп аялдуулукка каршы күрөшүп, Алла Таала уруксат бергенин билип туруп, аны айыптаса, анда анын каапыр болуусу зына күнөөсүнөн да зыяндуу.

Эгерде көп аялдуулукка тыюу салынган болсо, көптөгөн аялдар күйөөгө чыгуудан жана урпак улоодон

куру калышат. Андыктан ал аялдардын кээ бирлери салиха жана абийирдүү, кедей жана муктаж болуп жашаса, экинчиси бузуку, уятсыз, абийирсиз эркектер ойногон сойку болуп жашайт.

Аялдар эркектерге караганда көбүрөөк экени белгилүү. Анткени эркектердин көбү согуштан жана кооптуу жумуштан улам каза болушат. Аялдар бойго жеткенден баштап турмушка чыгууга даяр экени да белгилүү, бирок эркектердин баары эле даяр боло бербейт. Анткени эркектердин көбү махр калыңын төлөй албагандыктан, ж.б. үй-бүлөлүк жашоого кеткен чыгымдарынан улам үйлөнө албай калышат. Демек, ушуну менен Исламдын аялдарга карата адилеттүүлүгү жана аларга ырайымдуулугу белгилүү болду. Ал эми шарият мыйзамына ылайык көп аялдуулукка каршы күрөшкөндөр аялдардын, улуу инсандардын жана пайгамбарлардын душмандары. Көп аялдуулук – бул Пайгамбарлардын сүннөтү. Себеби Пайгамбарлар аялдарга үйлөнүп, аларды Алла буйруган шарият мыйзамынын чегинде бириктирип карашкан.

Ал эми күйөөсү башка аял алганда биринчи аялын кызганыч сезими, капа болуу сезими эмоционалдык маселе. Эмоцияны кандайдыр бир маселеде шарият мыйзамынан өйдө болуусу туура эмес. Аял никеге

чейин күйөөсүн экинчи аял албасына шарт кыла алат. Эгер күйөөсү аялынын шартын кабыл алса, анда күйөөсү шартты аткаруусу керек. Эгер күйөөсү экинчи аял алып алса, анда аял кааласа жашап кетет же кааласа ажырашат. Мындай учурда күйөөсү аялына берген махр калыңдан эч нерсени кайтарып албайт.

Айрыкча жубайлардын ортосунда пикир келишпестиктер жана карама-каршылыктар келип чыккан учурда же жубайлардын бири экинчисин сүйбөгөн учурда Алла Таала талак берүүнү Ислам шариятына киргизди. Анткени алар бактысыздыкта жана келишпестикте жашабашы үчүн жана алардын ар бири бири-бирине ыраазы боло турган, өмүр бою жана акыретте[69]бактылуу боло турган күйөөнү табышы үчүн Алла Таала талак берүүнү Ислам шариятына киргизди.

---

[69] Үйлөнбөгөн жана ажырашкан салих мусулман аялдар эгер Алла аларды кайра тирилтип, сурак кылгандан кийин бейишке киргизсе, алар бейиш ээлеринен мусулман эркектердин арасынан тандап, каалагандарына үйлөнүшөт. Мусулман аял бир нече жолу үйлөнүп, андан соң каза болуп, күйөөсү бейиш ээлеринен болсо, анда бул дүйнөдө эң сүйүктүүсүн тандап үйлөнөт.

## Онунчу: Ден соолук.

Ислам шарияты медицинанын бардык негиздерин алып келген. Ыйык Куранда жана Мухаммад, саллаллаху алайхи уа салламдын, хадистеринде көптөгөн психикалык жана дене ооруларын, аларды физикалык жана руханий жактан дарылоо баяндалган. Алла Таала айтты:

﴿وَنُنَزِّلُ مِنَ ٱلْقُرْءَانِ مَا هُوَ شِفَآءٌ وَرَحْمَةٌ لِّلْمُؤْمِنِينَ ...﴾ [الإسراء: 82]

"Биз Курандан ыймандуулар үчүн шыпаа жана ырайым болгон нерселерди түшүрөбүз" (Исра, 82) Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, минтип айткан: "Чындыгында, Алла оору түшүрсө, анда анын шыпаасын да түшүрөт. Аны билгендер билет, билбегендер билишпейт".70

Алланын элчиси, саллаллалху алейхи уа саллам, айтты: «Дарылангыла, бирок арам менен дарыланбагыла».[71]Аалым Имам Ибн Аль-Кайимдин

---

[70] Ахмад, 1/377,413,453. Ибн Маажа, 2/340. Ибн Хиббан, 1394, "Силсила Сахиха" Албаний, 451)

[71] Абу Дауд, 3874. "Сахих Жаами" Албаний, 1762)

“Зад аль-Маъад фи Худа Хайрул-Ибад” китебинде бул тууралуу кеңири баяндалган. Ал китепти карап чыккыла. Анткени ал Исламды жана акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алайхи уа салламдын, өмүр баянын түшүндүрүү үчүн эң пайдалуу, туура жана толук камтыган исламий китептердин бири.

## Он биринчи: Экономика, соода, өнөр жай жана айыл чарбасы.

Эл муктаж болгон суу, тамак-аш, коммуналдык тейлөө жана алардын шаарларынын жана айылдарынын сакталышын жөнгө салган тартибин жана тазалыгын, алардагы жол кыймылын жөнгө салууну, алдамчылык жана жалганчылык менен күрөшүү ж.б. Булардын баары Исламда толук түрдө кеңири баяндалган.

## Он экинси: Жашыруун душмандар жана алардан кутулуу жолдору тууралуу жана аларга моюн сунуп,

аларды ээрчисе, аны бул дүйнөдө жана акыретте кыйроого сүйрөй турган душмандары бар экенин Алла Таала ыйык Куранда мусулман пендесине ачык айткан.

Ошондуктан Алла Таала бул тууралуу эскертип, андан кутулуунун жолун көрсөттү. Ал душмандар:

Алардын биринчиси: Каргышка калган шайтан. Ал шайтан башка душмандарды азгырып, аларды адамга каршы козгойт. Ал атабыз Адам ата менен Обо энебиздин бейиштен кууп чыгарган душманы. Ал Адам атанын урпактарынын кыяматка чейинки түбөлүктүү душманы. Алла адамды ал шайтан менен түбөлүк тозокко түшүрүү үчүн шайтан мусулмандарды Аллага каапырлык кылуулары үчүн көп аракет кылат. Алла Таала сактасын. Шайтан ал мусулманды каапырлыкка түшүрө албаса, анда аны Алланын каарына жана азабына дуушар кыла турган күнөөлөргө түшүрүү үчүн катуу аракет кылат.

Шайтан адамдын кан тамырында жүргөн рух. Адамдын көкүрөгүндө азгырат. Мусулман ага баш ийсе, жамандыкты аткарганга чейин аны кооздоп көргөзөт. Ал эми шайтандан кутулуунун жолу - Алла Таала көрсөткөндөй, эгер мусулман адам ачууланып же күнөө кылууну ниет кылса: «Аъузу биллахи минаш шайтаанир ражиим", "Алланын каргышка калган шайтандан коргоосун сурайм» - деп айтат. Ошондо ал ачуусун чыгарбайт, күнөө кылбайт жана өзүнөн сезген жамандыкты шайтандан экенин билет. Шайтан

мусулманды баштап күнөөгө түшүрөт да андан кийин андан баш тартат. Алла Таала айтты:

﴿إِنَّ ٱلشَّيۡطَٰنَ لَكُمۡ عَدُوّٞ فَٱتَّخِذُوهُ عَدُوًّاۚ إِنَّمَا يَدۡعُواْ حِزۡبَهُۥ لِيَكُونُواْ مِنۡ أَصۡحَٰبِ ٱلسَّعِيرِ ٦﴾ [فاطر: 6]

"Чындыгында, шайтан силерге душман, аны душман туткула. Ал өз жамаатын тозок ээлеринен болууга чакырат". (Фатир, 6)

Экинчи душман: Напсинин каалоосу. Адам кээде напсинин каалоосун акыйкатты четке кагып жаткан кезде сезет же башка бирөө акыйкатты айтса кабыл албайт. Напсинин каалоосу - бул Алла Тааланын өкүмүн четке кагып аны кабыл албоо. Анткени Алланын өкүмү напсинин каалоосуна каршы келет. Напсинин каалоосу - бул чындыкка жана адилеттүүлүккө каршы болгон эмоцияны көрсөтүү. Бул душмандан кутулуунун жолу – пенде напси каалоосуна ээрчүүдөн Алла Тааладан коргоо суроо. Напсинин каалоосун ээрчигенге жооп бербөө жана аны ээрчибеө. Тескерисинче, чындыкты айтып, ачуу болсо да кабыл алып, шайтандан Алладан коргоо суроо керек.

Үчүнчү душман: Жамандыкка буйруучу напси. Адам анын буйругун зына, арак ичүү жана Рамазан айында

себепсиз ооз ачуу ж.б. Алла арам кылган нерселер сыяктуу арам кумарланууну каалап жатканда сезет. Бул душмандан кутулуунун жолу – Алла Тааладан жамандыкка буйруучу напсинин жамандыгынан жана шайтандын жамандыгынан коргоо суроо. Бул арам каалоону аткарбай сабыр кылат. Каалаганын жеп-ичсе зыяны тийе турган нерселерден жеп-ичүүдөн сабырдуулук менен сактанганы сыяктуу, Алланын ыраазылыгы үчүн арам каалоону аткаруудан өзүн тыят. Арам кумардын тез өтөөрүн, анын артынан жүрөгүн эзип, узакка созулган өкүнүчүн эстейт.

Төртүнчү душман: Адам шайтандары. Алар шайтандын оюнчугу болгон күнөөкөр пенделер. Алар шарият тыйган иш-аракеттерди аткарышат жана алар менен бирге отургандарга кооздоп көргөзүшөт. Бул душмандан кутулуунун жолу – алардан сактануу, алыс болуу жана алар менен бирге отурбоо зарыл.

## Он үчүнчү: Бийик максат жана бактылуу жашоо.

Алла Таала мусулман пенделерине берген бийик максат бул дүйнө жашоосу жана анын убактылуу азгырыктары эмес. Тескерисинче, чыныгы, түбөлүктүү келечекке даярдануу. Бул өлгөндөн кийинки акырет

жашоосу. Чынчыл мусулман бул убактылуу жашоону акыретке бара турган жол жана эгин зар катары көрүп жакшы иш-аракеттерди аткарат.

Ал Алла Тааланын бул сөздөрүн эстейт:

﴿وَمَا خَلَقۡتُ ٱلۡجِنَّ وَٱلۡإِنسَ إِلَّا لِيَعۡبُدُونِ٥٦﴾ [الذاريات: 56]

"Мен жиндер менен адамдарды Өзүмө ибадат кылуулары үчүн гана жараттым". (Зарият, 56) Алла Таала айтты:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَلۡتَنظُرۡ نَفۡسٞ مَّا قَدَّمَتۡ لِغَدٖۖ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ خَبِيرُۢ بِمَا تَعۡمَلُونَ١٨ وَلَا تَكُونُواْ كَٱلَّذِينَ نَسُواْ ٱللَّهَ فَأَنسَىٰهُمۡ أَنفُسَهُمۡۚ أُوْلَـٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ ١٩ لَا يَسۡتَوِيٓ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِ وَأَصۡحَٰبُ ٱلۡجَنَّةِۚ أَصۡحَٰبُ ٱلۡجَنَّةِ هُمُ ٱلۡفَآئِزُونَ٢٠﴾ [الحشر: 18-20]

"Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан корккула жана ар бир жан эртеңкиге эмне даярдаганын карасын. Алладан корккула. Чындыгында, Аллах эмне кылып жатканыңардан кабардар. (18) "Алланы унуткан, (Алла) аларга өздөрүн унуттурган адамдардай болбогула. Мына ошолор бузукулар". (19) "Тозок ээлери бейиш ээлерине тең эмес.

Бейиш ээлери жеңүүчүлөр". (20) (Хашр, 18-20) Алла Таала айтты:

﴿فَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٍ خَيۡرٗا يَرَهُۥ ٧ وَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ شَرّٗا يَرَهُۥ ٨﴾ [الزلزلة: 7-8]

"Ким кыпындын салмагындай жакшы иш-аракет кылса, аны көрөт". (7) Ким кыпындын салмагындай жаман иш-аракет кылса, аны көрөт". (8) (Зилзала, 7-8)

Чынчыл мусулман бул ыйык аяттарды жана Алла Тааланын ушул сыяктуу сөздөрүн эстейт. Алла таала бул ыйык аяттарда пенделерин жараткан максатын жана аларды түбөлүк келечек сөзсүз күтүп турганын айтты. Ошондуктан, ал чыныгы жана түбөлүктүү келечекке чын ыкласы менен жалгыз Аллага ибадат кылуу жана Алланын ыраазычылыгын үмүт кылып, Алла ыраазы боло турган иш-аракеттерди аткаруу менен даярданат. Алла Таала чынчыл мусулманды бул жашоодо Ага ибадат кылгандыгы себептүү сооп-сыйлыктар менен сыйлайт, өлгөндөн кийин конок үйүнө киргизилет. Ошентип, Алла Таала ага жакшы жашоо берүү менен бул жашоодо аны урматтайт. Ошондуктан ал Алланын камкордугунда жана коргоосунда жашайт. Алланын берген нуру менен

карап, Алла буйруган ибадаттарды аткарып, ал ибадатта Алла Таалага кайрылуу менен ырахат алат. Ал Алланы жүрөгү менен жана тили менен зикир кылып, жүрөгүн зикир кылуу менен тынчтандырат.

Ал адамдарга сөзү менен да иши менен да жакшылык кылат. Адамдардын арасындагы кадыр-барктуулардан кылган жакшылыгын натыйжасын угат. Ал үчүн дуба кылуу аны бактылуу кылат жана жүрөгүн ачат. Ал дооматчы көрө албастан анын жакшылыктарын тангандыгын көрөт. Бирок алардын бул тангандыгы аларга садака кылуусуна тоскоол болбойт. Анткени ал Алланын ыраазылыгын жана сооп-сыйлыгын гана каалайт. Ал динди жана анын элин жек көргөн жаман адамдардын шылдыӊдоосун жана зыяндарын көрөт жана угат. Бул ага Алланын элчилерин эске салат. Ошондуктан ал Алла жолунда мындай шылдыӊдоо жана зыяндар болуп тураарын билет. Ал себептерден анын Исламга болгон сүйүүсү жана бекем болуусу арта берет. Ал өзүнүн өндүрүшү аркылуу Исламга жана мусулмандарга пайда алып келүү үчүн эгин талаасында, фермада, дүкөндө же заводдо колу менен жумуш кылат. Ал чын ыкластуулугу жана жакшы ниети үчүн кыямат күнү Алладан сооп-сыйлык алуу максатында жана өзүнө, үй-

бүлөсүнө сарптоодо адал киреше табу үчүн өз колу менен жумуш кылат. Ал тапкан кирешесинен зекет берет, ошондуктан жан дүйнөсү бай, чынчыл жана ыраазы болуп, сооп-сыйлыкты Алладан үмүт кылып жашайт. Анткени Алла Таала күчтүү жана кесипкөй мусулманды жакшы көрөт. Ал ысырап кылбай жеп, ичет жана уктайт, ошону менен Аллага ибадат кылууга күч алат. Ал аялын жана өзүн Алла арам кылган нерселерден сактоо үчүн жана Аллага ибадат кылган балдардай балалуу болуу үчүн аялы менен жыныстык байланыш кылат. Алардын балдары ата-энеси тирүү болобу же көзү өтөбү аларга дуба кылышат. Ошондуктан аларга жакшы иш-аракеттерин сооп сыйлыктары үзгүлтүксүз жетип турат. Балдары мусулмандардын санын көбөйтүшөт. Ошондуктан ата-энелери Алладан сооп-сыйлык алат. Бардык жакшылыктар Жалгыз Алладан экенин моюнга алып, Алла Таалага ибадат кылуу үчүн колдонгон ар бир жакшылыктарга шүгүр кылат. Ошол үчүн Алладан сооп-сыйлык алат. Кээде башына түшкөн ачкачылык, коркуу, оору жана балээлердин ал үчүн Алланын бир сыноосу экенин билет. Ошентип, Алла Таала аларды билип турган абалда анын сабырдуулугун жана тагдырга болгон ыраазылыгын көрүшү үчүн аларды сынайт. Ал сабырдуу, ыраазы болуп, ар бир кырдаалда Алла

Таалага мактоо айтып, сабырдуулар үчүн даярдалган сооптордон үмүт кылат. Ошондуктан кыйынчылыктар ага жеңил болуп, оорулуу шыпаа үмүт кылып дарынын ачуусун кабыл алгандай, ал кыйынчылыктарды жеңил кабыл алат.

Демек, эгер мусулман бул жашоодо Алла максаты бийик бир инсанга буйругандай түбөлүк бакыт менен бактылуу болуу үчүн, чыныгы түбөлүктүү келечек үчүн жашкы иш-аракеттерди аткарып жашаса, анда албетте ал шексиз бул дүйнөдө бактылуу, өлгөндөн кийин акыретте бактылуу болот. Ал бактылуулукту өлүм да үзө албайт жана бул турмуштун түйшүгү да тоскоолдук кыла албайт. Алла Таала айтты:

﴿تِلْكَ ٱلدَّارُ ٱلْـَٔاخِرَةُ نَجْعَلُهَا لِلَّذِينَ لَا يُرِيدُونَ عُلُوًّا فِى ٱلْأَرْضِ وَلَا فَسَادًا ۚ وَٱلْعَـٰقِبَةُ لِلْمُتَّقِينَ ﴿٨٣﴾﴾ [القصص: 83]

"Бул Акырет конушун жер бетинде бой көтөрүүнү жана бузукулукту каалабагандар үчүн насип кылабыз жана акыбет такыбалар үчүн". (Касас, 83)
Алла Таала айтты:

﴿مَنْ عَمِلَ صَـٰلِحًا مِّن ذَكَرٍ أَوْ أُنثَىٰ وَهُوَ مُؤْمِنٌ فَلَنُحْيِيَنَّهُۥ حَيَوٰةً طَيِّبَةً ۖ وَلَنَجْزِيَنَّهُمْ أَجْرَهُم بِأَحْسَنِ مَا كَانُوا۟ يَعْمَلُونَ ﴿٩٧﴾﴾ [النحل: 97]

"Кимде-ким эркек болобу, аял болобу ыймандуу болгон абалда, жакшы иштерди аткарса, Биз аны жакшы жашоода жашатабыз жана аларды аткарган амалдарынан жакшыраак сыйлыктар менен сыйлайбыз". (Нахл, 97) Бул ыйык аятта Алла Таала мындай деп кабарлоодо: Алла Таала мындай дейт: Бул дүйнөдө Алланын ыраазылыгын көздөп, ага моюн сунуп амал кылган салих эркек менен салих аялды бул жашоодо жана өлгөндөн кийин кечиктирилгис сооп-сыйлыктар менен сыйлайт. Бул жашоодогу кечиктирилгис сыйлыктар - биз жогоруда айткан жакшы, бактылуу жашоо. Ал эми өлгөндөн кийинки кечиктирилгис сыйлыктар - бул бейиштин түбөлүк жыргалчылыгы. Бул тууралуу Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айткан: "Ыймандуунун иши кандай сонун. Чындыгында, анын бардык иштеринде жакшылык бар жана бул ыймандуудан башка эч кимде жок. Эгер ага жакшылык жетсе, шүгүр кылат. Бул ал үчүн жакшылык болот. А эгер ага бир кыйынчылык жетсе, ага сабыр кылат. Бул ал үчүн жакшылык болот".

Ушуну менен Исламда гана туура пикир, жакшы-жамандын туура өлчөөсү, толук жана адилеттүү жол

бар экени белгилүү болду. Психологияда, коомдо, таалим-тарбияда, саясатта, экономикада жана бардык адам түзгөн системалар жана тартиптер Исламдын негизинде оңдолуп, Исламдан алынышы керек. Антпесе, Исламга каршы чыккандардын ийгиликке жетиши мүмкүн эмес жана Исламдан албагандар бул дүйнө жана акыретте бактысыз болушат.

***

# Бешинчи бөлүм: Кээ бир шектерди ачыкка чыгаруу.

## Биринчиси: Исламга жамандык кылгандар. Исламга жамандык кылгандар эки түрдүү болот.

Биринчи түрү: Өздөрүн Исламга таандык кылып, биз мусулманбыз дегендер. Бирок алар сөздөрү жана иштери менен Исламга карама-каршылык кылышат. Ошондуктан алар Исламга тиешеси жок иштерди жасашат. Алар Исламда үлгү боло алышпайт жана алардын иш-аракеттерин Исламга таандык кылууга болбойт. Алар:

### (А) Акыйдасы бузулгандар:

Кабырларды айланып, өлүктөрдөн муктаждыктарын сурагандар жана ал өлүктөрдөн пайда жана зыян болоруна ишенгендер сыяктуу бузуку ишенимдегилер.[72]

---

[72] Ислам атын жамынып бейкүнөө адамдарды өлтүргөн хавариждер сыяктуу. Алар көбүнчө Ислам душмандарынын айла-амалдарын кылышат.

## (Б) Адеп-ахлагы жана дини бузулгандар:

Алар Алланын парздарын таштап, Ал арам кылган зына, арак ичүү ж.б. күнөөлөрдү жасашат. Алар Алланын душмандарын жакшы көрүшөт жана аларга өздөрүн окшотушат.

## (В) Исламга доо кетирген мусулман адамдар.

Бирок алардын Аллага болгон ыйманы алсыз, Ислам таалимдерин толук колдоно алышпайт. Алар кээ бир важип амалдарын толук аткарышпайт, бирок аларды таштап да салышпайт. Алар чоң ширк даражасына жетпеген же капырлыктын түрдүү даражасына жетпеген кээ бир күнөөлөрдү жасашат. Тыюу салынган Ислам тааныбаган, арам кылынган адаттарга көнүп калышкан. Муну калп айтуу, алдамчылык, убадага турбоо, көрө албастык сыяктуу чоң күнөө деп эсептешет. Булардын баары Исламга доо кетирип жатышат. Анткени Исламдан кабары жок мусулман эместер Ислам аларга уруксат берет деп ойлошот.

Экинчи түрү: Исламга доо кетиргендер алар Ислам душмандары жана аны жек көргөн адамдар. Булар: Чыгыш таануучулар, жөөттөр, христиан миссионерлери

жана Исламды жек көргөндөрдүн арасынан алардын үлгүсүн алгандар, анын кемчиликсиздигине, сабырдуулугуна жана жайылуу ылдамдыгына кыжырданышкан адамдар. Анткени алар Исламдагы тубаса табиятта. Андай адамдын тубаса табиятына сунушталар замат ал бат кабыл алат. Ар бир мусулман эмес адам өз динине же карманган жолуна ыраазы болбой, тынчсызданып жашайт. Анткени, ал Алла жараткан тубаса табиятына каршы чыгып жатышат. Бирок мусулман андай эмес. Себеби мусулман гана өзүнүн динине ыраазы болуп бактылуу жашайт. Анткени бул Алла Таала негиздеген акыйкат дин. Алланын шарияты Алланын адамдарды жараткан тубаса табиятына ылайык келет. Ошондуктан, биз ар бир христианга, ар бир яхудийге жана Исламдан тышкаркы ар бир адамга айтабыз: Балдарыңар Ислам тубаса табиятында төрөлгөн, бирок сен жана алардын апасы аларды куфр боюнча бузуку тарбия менен Исламдан чыгардыңар. Силердин бул диниңерде жана тутунган жолуңарда кылып жаткан нерсеңер Исламга карама-каршы келет.

Исламды жек көрүүчүлөр жана чыгыш таануучулары Исламга жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, жалаа жабууну көздөшкөн:

1-Кээде пайгамбарлыкты четке кагуу менен жалаа жабышкан.

2-Кээде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, айыптоо менен жалаа жабышкан. Бирок ал Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, алардын жалаа жапканына карабастан ар бир кемчиликтен жана айыптардан Аллах тарабынан акталган.

3- Билүүчү жана Даанышман Алла тарабынан шарият мыйзамдарына киргизилген Исламдын кээ бир адилет өкүмдөрүн бурмалоо менен элди андан алыстатуу үчүн жалаа жабышкан.

Бирок Алла Таала алардын айла-амалын жокко чыгарган. Анткени ал дин душмандары акыйкатка каршы күрөшүп жатышат. Акыйкат жогору турат, андан эч ким жогорулай албайт. Алла Таала айтты:

﴿يُرِيدُونَ لِيُطۡفِـُٔواْ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفۡوَٰهِهِمۡ وَٱللَّهُ مُتِمُّ نُورِهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡكَٰفِرُونَ ٨ هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ ٩﴾ [الصف: 8-9]

"Алар Алланын нурун (Ислам динин) ооздору менен өчүрүүнү каалашат жана каапырлар жаман көрүшсө да Алла Өз нурун толуктайт. (8) «Ал (Алла)

– мушриктер жаман көрсө да, Исламды бардык диндердин үстүнөн жогору кылуу үчүн Өз элчисин хидаят жана акыйкат дин менен жиберди». (9) (Саф, 8-9)

## Экинчи: Ислам булактары.

Демек, эй, акыл-эстүү адам! Эгер сен Ислам акыйкатын билүүнү кааласаң, анда ыйык Куранды жана Мухаммад пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахих хадистерин оку. Ал хадистер - Бухарий, Сахих Муслим, "Муватта" Имам Малик, "Муснад" Имам Ахмад ибн Ханбал, Сунан Абу Давуд, Сунан Насаий, Ат-Тирмизий, Сунан Ибн Маажа, жана Сунан Даримий китептеринде жазылган. Ибн Хишамдын пайгамбардын өмүр баяны, аалым Исмаил бин Касирдин ыйык Курандын тафсири, аалым Мухаммад Ибн аль-Кайимдин «Зад аль-Маъад фи Худа Хайрул-Иббад» китебин, Ислам имамдарынын, тавхид ээлеринин китептеринен жана даанышмандык менен Аллага чакыруучу китептерди оку. Ошондой эле Араб жарым аралында жана ширк жайылгандан кийин он экинчи кылымдан ушул убакка чейин кээ бир жерлердеги таухидке жана Ислам дининине чакырган Шейх Аль-Ислам Ахмад бин Таймия, Алла аны менен

Исламдын бир бурчун көтөргөн. Муахид шейх имам Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаб, муахиттердин ханзадасы Мухаммад бин Сауд сыяктуулар чоң аалымдардын китептерин оку.

Ал эми чыгыш таануучулардын китептери Исламга каршы келген иштер менен Исламга чакырган, Исламга каршы чыккан жана өздөрүн Ислам деп атаган жамааттардын китептери алар адаштыруучу китептер. Ошондуктан аларга алданып калуудан жана окуудан сак болуңуздар. Ал эми Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларын же алардын айрымдарын кемсинткен, тилдеген жана сөз тийгизген китептер болсо, анда алар адаштырган китептер. Ошондуктан аларга алданып калуудан жана аларды окуудан сак болуңуздар. Ибн Таймия, Ибн аль-Кайим, Алла аны менен Исламдын бир бурчун көтөргөн муахид шейх имам Мухаммад ибн Абд аль-Ваххаб сыяктуу Алла Тааланын жалгыздыгына чакырган имамдарды сындап, жалган жалаа жапкан китептерди окуудан да сак болуңуздар.

## Үчүнчүсү: Исламдагы мазхабтар.

Бардык мусулмандар бир мазхабты карманышат. Ал – Ислам. Исламдагы негиздер - бул Куран жана

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, хадистери. Ал эми Ислам мазхабтары деп аталган төрт мазхаб, мисалы, Ханбалий, Маликий, Шафий жана Ханафий мазхабдарына келсек, бул Исламдагы фикх илимин үйрөтүүчү мектептер дегенди билдирет. Ал мектепте бул төрт аалымдар Ислам негиздерин жана фикх илимдерин үйрөтүшкөн. Алар бардык фикх ж.б. маселелерде Исламдагы негиз болгон Куран жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, хадистерине тянышкан. Ал эми алардын ортосундагы айырмачылык жана келишпестик жагынан табылган маселелерге келсек, ал сейрек кездешүүчү кошумча маселелер, негизги маселе эмес. Алар ушул сейрек кездешүүчү кошумча маселелерде бири-биринен айымаланып турат. Бул аалымдар ар бир окуучуларына Куран менен же хадис менен тастыкталган сөздү башка бирөө айтса, аны алгыла деп буйруган.

Мусулман алардын бирине байлануусу милдеттүү эмес. Тескерисинче, Куран жана хадиске кайрылууга милдеттүү. Ал эми бул мазхабдарга байлангандардын көпчүлүгүнүн акыйдасы бузулуп кеткен. Алардын кабырлардын айланасында кылган иштери, мисалы, кабырларды таваф кылуу жана өлүктөрдөн жардам суроо ж.б.у.с. акыйда иштеринде төрт мазхаб

имамдардын акыйдасына каршы иш-аракеттерди кылышат. Ошондой эле Алланын сыпаттарын чечмелөө жана алардын маанилерин бурмалоо жагынан булар төрт мазхаб имамдарын акыйдасына каршы чыгышат. Анткени, бул төрт мазхаб имамдардын акыйдасы салаф салихтердин, тактап айтканда Пайгамбарлардын, сахабалардын, таабииндердин жана таба-таабииндердин акыйдасындай болгон. Бул салаф салихтердин акыйдасы "Тозоктон кутулуучу жамаат" бөлүмүндө мурда баяндалган.

## Төртүнчүсү: Исламдан тышкаркы фиркалар. (Фирка - бул ар түрдүү туура эмес ишенимдеги жамаат)

Ислам дүйнөсүндө исламдан тышкаркы фиркалар бар. Алар Ислам менен байланышы бар жана алар өздөрүн мусулманмын дешет. Бирок алар чындыгында мусулман эмес. Анткени алар Аллага, анын аяттарына жана жалгыздыгына каапырлык кылган акыйдада. Бул фиркалар:

### 1. Батиния фиркасы.

Батиния фиркасы алар хулул жана танасух ишенимине ишенишет. Хулул ишеними - бул кудай кээ

бир адамдарда жашайт деген ишеним. Ал эми танасух ишеними - бул жандын көчүшү б.а. жашоодо жандын бир денеден экинчи денеге өтүшү деген ишеним. Ислам диндеги аят-хадистер сырткы мааниге карама-каршы келген ички мааниге ээ. Аят-хадистердин сырткы маанисин Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ачыктап, аларга мусулмандар бир добуштан макулдашкан. Ал эми аят-хадистердин ички маанисин Батиния фыркасы өз каалоолоруна жараша маани беришет.[73]Батиния фыркасынын пайда болушу: Персиядагы еврейлер, отко сыйынгандар жана атеист философтор Исламдын жайылышы алардын

---

[73] Батиния фиркасы көптөгөн наамдары бар жана алар Индия, Шам, Иран, Ирак жана көптөгөн өлкөлөрдө таркап бир нече фиркаларга бөлүнүп кетишкен. Бул тууралуу бир канча мурдакы аалымдар кеңири түшүндүрүп беришкен. Алардан: Аль-Шахристани “Аль-Милал уа Ан-Нахал” китептеринде баяндаган. Кийинки аалымдар Батиния фиркасын жаңы жамааттары тууралуу түшүндүрүшкөн. Алар: Кадиянилер, Бахаилер ж.б. бул фиркаларды түшүндүргөндөрдүн арасында Мухаммад Саид Килани да бар. Ал "Зайл Аль-Милил уа Ан-Нахал" китебинде баяндаган. Медина Ислам университетинин профессору Шейх Абд Аль-Кадир Шайба Аль-Хамад “Аль-Адян уа Аль-Фирок уа Аль-Мазахиб Аль-Муаасира" китебинде баяндаган.

кыжырына тийгенде алар чогулушуп, бир мазхабты иштеп чыгуу үчүн кеңешишкен. Алардын максаты мусулмандарды тыркыратуу, алаксытуу жана ыйык Курандын маанилери тууралуу ойлорун чаташтыруу болгон. Ошентип, алар бул кыйратуучу мазхабты негиздешти жана ага чакырышты. Алар Ахли Байттан болушкандыгын жана карапайым элди көбүрөөк азгыруу үчүн өздөрүн шииттер экениндигин айтышкан. Ошентип, алар бир топ караңгы адамдарды туткундап, аларды акыйкаттан адаштырышты.

## 2. Кадияния фиркасы: Аны Гулам Ахмад аль-Кадияний негиздеген.

Ал өзүн мен пайгамбармын деп элге жар салып атагы чыккан. Ал Индиядагы жана анын айланасындагы элди өзүнө ишенүүгө чакырган. Англичандар Индияны калония кылып алган күндөрү Гулам Ахмад аль-Кадиянияны жана анын тарапкерлерин колдонушкан. Аны жана анын жолдоочуларын көптөгөн сабатсыз адамдар ээрчип кеткиче, англичандар ого бетер аларды жакшы көрүшкөн. Ошентип аны колдоочулары көбөйгөндөн кийин өзүн мусулман кылып көрсөткөн Кадиания пайда болгон. Ал Исламды жок кылууга жана Ислам

чөйрөсүндөгүлөрдү колунан келишинче андан чыгарууга аракет кылган. Ал «Тасдик Барахин Ахмадия» китебин жазганы менен белгилүү болгон. Анда ал пайгамбарлыкты өзүнө ыйгарган. Ал китебинде Исламдын аят-хадистерин бурмалаган. Ал бурмалаган аят-хадистердин бири – Исламдагы жихад тууралуу келген аят-хадистерди жокко чыгарылганы жана

ар бир мусулманга англичандар менен тынчтык орнотуу парз кылгандыгы. Ошол кезде «Титяк Аль-Кулуб» аттуу китебин да жазган. Бул Гулам Ахмад аль-Кадияния 1908-жылы көптөгөн адамдарды адаштыргандан кийин каза болгон. Ага даават кылган жана анын адашкан мазхабына жетекчилик кылууда артында ал-Хаким Нуруддин аттуу адашкан бир адам анын жолун жолдоп калган.

## 3. Исламдан тышкаркы Батиния фиркасынын арасында Бахаия деп аталган фирка болгон.

Ал он тогузунчу кылымдын башында Иранда Али Мухаммад Али Аш-Ширази аттуу адам тарабынан негизделген. Мухаммад Али Аш-Ширази "Исна Ашария" шиит агымынан болгон деген сөздөр бар. Ал өзүн "Күтүлгөн Махди" деп атап, ошол лакабы менен

атактуу болгон. Ошондон кийин ал эң жогорку кудай анда жашаган, ошондуктан ал адамдардын кудайы болуп калды деген ишенимди өзүнө ыйгарып чыгат. Бул атеист каапырлардын айткандарынан Алла улук жана аруу зат. Ал өлгөндөн кийин тирилүүнү, суракты, бейиш менен тозокту четке кагып, каапыр брахмандардын жана буддисттердин жолуна түшүп, жөөттөрдү, христиандарды жана мусулмандарды бириктирген жана алардын ортосунда эч кандай айырма жок деп айтып чыккан. Андан кийин ал акыркы пайгамбар Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, пайгамбарлыгын жана көптөгөн Ислам өкүмдөрүн четке каккан. Али Мухаммад Али Аш-Ширази өлгөндөн кийин Аль-Бахаа аттуу вазир анын жолун жолдоп улантып кеткен. Ал өзүнүн чакырыгын жайылткан жана анын жолдоочулары көбөйгөндүктөн, бул фирка анын ысымына таандык болуп Бахаия деп аталып калган.

## 4. Исламдан тышкаркы агымдардын арасында чоң фиркалар бар.

Алар өздөрүн мусулманмын деп ойлоп, намаз окушат, орозо кармашат, ажылыкка барышат. Алар Жабреил периште кыянаттык кылган, анткени ал

пайгамбарлыкты Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, кайтарган, ал Азирети Алиге жиберилген болчу деп доомат кылышат. Алардын кээ бирлери: «Алини Аллах» дешет. Алар Алини жана анын балдары менен неберелерин, жубайы Фатиманы жана анын энеси Хадижаны (Алла алардын баарынан ыраазы болсун!) улуулап, аларга сыйынышып чектен ашып кетишкен. Тактап айтканда, аларды Алла менен бирге кудай кылып алышкан. Аларга дуба кылышат жана өздөрүнүн күнөөсүз экенине жана Алланын алдындагы даражалары Пайгамбарлардан да жогору деп ишенишет.

Алар: "Азыркы мусулмандардын колундагы Куранда кошумчалар жана кемчиликтер бар" - дешип, Курандын атайын нускаларын жасап, ага өздөрүнөн аяттарды жана сүрөлөрдү киргизишкен. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, кийинки эң жакшы мусулман Абу Бакр жана момундардын энеси Аиша энебизди (Алла алардан ыраазы болсун) тилдешет. Кыйынчылыкта жана кеңчиликте Алиден жана анын уулдарынан коргоо сурашып, Алланын ордуна аларга дуба кылышат. Али жана анын уулдары алардын мындай кылганынан таза. Анткени алар Али жана анын уулдарын Алла менен бирге кудай кылып алышкан

жана Аллага жалган айтып, Анын сөздөрүн бурмалап өзгөртүшүп салышкан. Алла Таала алардын айткандарынан аруу.[74]

Биз айткан бул каапыр агымдар Исламга доо кетирип, аны бузууга аракет кылып жаткан каапыр агымдардын кээ бирлери. Андыктан эй, акыл-эстүү мусулман! Көңүл бургун. Оо, бардык жердеги мусулмандар! Ислам жөн гана мусулманмын айтуу эмес, тескерисинче ал Куран илимин жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, хадистерин үйрөнүү жана аларды бекем карманып, ага ылайык амал кылуу. Андыктан ыйык Куран жана Мухаммад Пайгамбардын хадистери боюнча ой жүгүртсөң, анда бактылуулукка алып баруучу хидаят, нур жана түз жолду табасың. Ал жол сенин Ааламдардын Раббисинин алдындагы бейиш бактылуулугуна жеткирет.

***

[74] Исламдын сүрөтүн чагылдырган иш-аракеттерин арасында беттерине жана көкүрөгүнө чаап, денелерине чынжыр жана бычак менен чабуу бар.

## Тозоктон кутулууга чакыруу.

Эй, Исламга кире элек эркек болобу, аял болобу акыл-эстүү адам! Мен сени бул тозоктон кутулууга чакырып жана бактылуулукка чакырып сага мындай деп айтам:

"Өлгөндөн кийин кабырдагы Алла Тааланын азабынан жана андан кийинки тозок азабынан өзүңдү сакта.

Алланы раббим деп, Мухаммад саллаллаху алейхи уа салламды, Анын элчиси деп, Исламды диним деп ыйман келтирип өзүңдү куткар. Чын ыклас менен: "Лаа илааха иллаллах, Мухаммад расуулаллах", "Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Алланын элчиси"- деп айт. Беш убак намаз оку, мал-мүлкүңдүн зекетин бер, Рамазан айынын орозосун тут жана эгер мүмкүнчүлүк болсо, ажылыкка бар.

Ислам динин кабыл алганыңды Алла үчүн жарыя кыл. Анткени сен үчүн мындан башка тозок отунан кутулуу да, бакытылуулук да[75]жок.

---

[75] Бул дүйнөдө жакшы жашоо жана акыретте бейиште жашоо.

Улуу Аллага ант болсун! Бул Ислам акыйкат дин. Алла андан башка динди эч кимден кабыл албайт. Мен Алланы, Анын периштелерин жана бардык макулуктарын күбө кылып айтам, Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Алланын элчиси. Ислам акыйкат жана мен мусулмандарданмын.

Мен Аруу Алладан Өзүнүн ырайымы жана берешендиги менен мени, менин урпагым жана бардык мусулман бир туугандарым чыныгы мусулман болуп өлүшүн тилейм. Бизди бейиш бакчаларында чынчыл жана амиин пайгамбарыбыз Мухаммад, саллаллаху алейхи уа саллам, жана бардык пайгамбарлар, пайгамбарыбыздын үй-бүлөсү жана сахабалары менен бирге болууну тилеймин. Алла Тааладан бул китепти окуган же уккан ар бир адамдан пайда алышын тилейм... Оо, эл журт! Мен жеткирдим! Оо,Алла! Өзүң күбө бол.

Туурасын Алла билет, пайгамбарыбыз Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Алланын тынчтыгы жана саламы болсун жана ааламдардын Раббиси Аллага мактоо-шүгүрлөр болсун.

***

# Индекс

**Акыйкат дин** ........ 1
Кириш сөз ........ 3
БИРИНЧИ БӨЛҮМ: Жаратуучу Улуу Алланы таанып билүү ........ 5
БИРИНЧИ ДАЛИЛ: ........ 5
Бул аяттын түшүндүрмөсү: ........ 6
Бул аяттын жалпы мааниси: ........ 8
Экинчи далил: ........ 8
Үчүнчү далил: ........ 8
Төртүнчү далил: ........ 9
Бешинчи далил: ........ 9
Алтынчы далил: ........ 10
Жетинчи далил: ........ 10
Сегизинчи далил: ........ 10
Тогузунчу далил: ........ 10
Онунчу далил: ........ 11
Бул аяттардын түшүндүрмөсү: ........ 12
Бул аяттын жалпы мааниси: ........ 17
Бул аяттын жалпы мааниси: ........ 23
Экинчи бөлүм Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, таануу ........ 28
Бул аяттын жалпы мааниси: ........ 38
Үчүнчү бөлүм акыйкат динди таанып билүү ........ 41

Исламдын аныктамасы.....................................................42
Бул аяттын түшүндүрмөсү:..................................................43
Бул аяттын түшүндүрмөсү:..................................................45
Бул аяттын түшүндүрмөсү:..................................................46
Ислам негиздери.............................................................47
1. Дуба кылуу...................................................................49
2. Жандык союу, назр кылуу жана курбандык чалуу.....51
3.Истиъана, истигоса жана истиъаза.................................53
Алла Таала жиберген элчилердин кызматы.....................67
Бул эки аяттын түшүндүрмөсү...........................................70
Кайрылуу.........................................................................71
Ислам негиздеринин экинчиси намаз...............................72
Бул аяттын түшүндүрмөсү:..................................................74
Беш убак намаз. Алар:.......................................................75
Намаздын жол-жоболору...................................................76
Биринчиден: Даарат алуу:..................................................76
Экинчиси: Намаздын окулушу...........................................78
Багымдат намазы:.............................................................78
2. Бешим, асыр жана куптан намаздары:...........................83
3- Шам намазы:.................................................................83
Ислам негиздеринин экинчиси зекет.................................85
Ислам негиздеринин төртүнчүсү орозо.............................89
Орозо тутуунун жол-жобосу................................................89

Орозонун эсепсиз пайдалары көп, алардын эң негизгилери:...89
Ислам негиздеринин бешинчиси ажылык...92
Ажылык кылуу менен умра кылуунун жол-жобосу...97
Микаат бул - Ажылар Меккеге кирип жатканда ихрам кийимин кийүүчү жер. Ажыга бара жаткан адам машинеде болсо Микаатка жеткенде ихрам кийимин кийет, ал эми самолётто болсо, Микаатка жакындаганда жана андан өтүп кете электе кийет. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ихрам кийимин кийүүгө буйруган жерлер (микааттар) бешөө. Алар:...97
Ихрам кийүүнүн жол-жобосу...98
Мухрим адамга тыюу салынган нерселер. (Мухрим - Ажы жана Умра кылуу үчүн ихрам кийимин кийген адам)...101
Ыйман келтирүү...111
Тагдырга ыйман келтирүү...114
Жогорудагы өткөндөрдүн бардыгына мусулман адам ыйман келтирүүсү зарыл....115
Ислам кемчиликсиз дин...116
Ал эми жогорку аяттарда:...117
Төртүнчү бөлүм – Ислам жолу...120
Биринчиси, илим:...120
Исламда илим алуу зарылчылыгы боюнча төмөнкүдөй эки бөлүкө бөлүнөт:...121
Биринчи бөлүк: Парз Айн....122

Экинчи бөлүк: Парз Кифая. ............................................ 122
Экинчиси: Акыйдада. ........................................................... 123
Үчүнчүсү: Адамдардын ортосундагы байланыш. .................. 124
Төртүнчүсү: Алланын көзөмөлдөөсү жана Ыймандуулар үчүн насаат................................................................................... 127
Бешинчи: Бири-бирине демөөрчүлүк кылуу жана социалдык кызматташуу. ......................................................................... 128
Алтынчы: Ички саясатта. ....................................................... 132
Жетинчи: Тышкы саясат: ....................................................... 137
Сегизинчи: Эркиндик. ............................................................ 140
(А) Акыйда эркиндиги: ....................................................... 140
Исламдан чыгаруучу иш-аракеттер көп. Алардын эң белгилүүлөрү: ........................................................................ 142
(Б) Ой эркиндиги:.............................................................. 147
(В) Ар бир адамдын жеке эркиндиги:............................... 148
(Г) Баш калкалоо эркиндиги: ............................................ 150
(Д) Кесип тандоо эркиндиги: ............................................ 151
Тогузунчу: Үй-бүлө:................................................................ 152
Никенин мыйзамдуулугунун сыры ........................................ 153
Онунчу: Ден соолук. ............................................................... 159
Он биринчи: Экономика, соода, өнөр жай жана айыл чарбасы. ................................................................................ 160
Он экинси: Жашыруун душмандар жана алардан кутулуу жолдору тууралуу жана аларга моюн сунуп,........................ 160
Он үчүнчү: Бийик максат жана бактылуу жашоо.................. 163

Бешинчи бөлүм: Кээ бир шектерди ачыкка чыгаруу. ................ 171

Биринчиси: Исламга жамандык кылгандар. Исламга жамандык кылгандар эки түрдүү болот................................ 171

(А) Акыйдасы бузулгандар:............................................... 171

(Б) Адеп-ахлагы жана дини бузулгандар:.......................... 172

(В) Исламга доо кетирген мусулман адамдар. ................. 172

Экинчи: Ислам булактары. ................................................... 175

Үчүнчүсү: Исламдагы мазхабтар. .......................................... 176

Төртүнчүсү: Исламдан тышкаркы фиркалар. (Фирка - бул ар түрдүү туура эмес ишенимдеги жамаат)................................ 178

1. Батиния фиркасы. ......................................................... 178

2. Кадияния фиркасы: Аны Гулам Ахмад аль-Кадияний негиздеген. ................................................................... 180

3. Исламдан тышкаркы Батиния фиркасынын арасында Бахаия деп аталган фирка болгон. .................................... 181

4. Исламдан тышкаркы агымдардын арасында чоң фиркалар бар. ........................................................... 182

Тозоктон кутулууга чакыруу. .............................................. 185